**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ УЛУТТУН ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 808.1 (575.2) (04)**

**САГЫНДЫК КЫЗЫ ЖАНАР**

# АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ САЛТТУУЛУК ЖАНА ӨЗДҮК ЧЕБЕРЧИЛИК МАСЕЛЕЛЕРИ

Адистиги: 10.01.01 - кыргыз адабияты
10.01.09 - фольклористика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

д и с с е р т а ц и я

Илимий жетекчи:
ф.и.д., доцент М.Көлбаева

**БИШКЕК-2021**

Мазмуну:

**КИРИШҮҮ:**

**1-БАП: АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН САЛТТУУЛУГУ, ЖАҢЫЧЫЛДЫК БЕЛГИЛЕРИ**

1.1 А.Үсөнбаевдин чыгармачылык жолунун изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери.........................................................................................

1.2. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук, өздүк чеберчилик маселелерин изилдөөнүн объектиси, предмети, методдору..............................................................................................................

1.3 Акындык өнөрдөгү салттуулуктун А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында калыптанышы...................................................................

1.4. А.Үсөнбаевдин айтыштарындагы өздүк чеберчилик ..................................................................................................................

Биринчи бап боюнча жыйынтыктар........................................................

**2-БАП: ФОЛЬКЛОРДУК ЖАНРЛАРДЫН АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГЫРМАЧЫЛЫГЫНДА ИШТЕЛИШИ**

2.1. Элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок, уламыштардын А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кайрадан иштелиши................................

2.2. А.Үсөнбаевдин вариантындагы «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Кедейкан» эпосторунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү...........................................................................................

Экинчи бап боюнча жыйынтыктар...........................................................

**3-БАП: А.ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

3.1. Акындын чыгармаларынын жанрдык, тематикалык көп түрдүүлүгү.........................................................................................................

3.2. Акындын чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү же жаңы замандын жарчысы катары жаралган ырлар.......................................................

3.3 Акындын чыгармаларынын поэтикалык мүнөзү.................................

Үчүнчү бап боюнча жыйынтыктар...........................................................

**КОРУТУНДУ…………………………………………………………….**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР………………………………….**

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу:** Кыргыз маданиятынын тарыхында акындык өнөрдү аздек тутуп, улуттук нарк-нусканы ырларында уюткан төкмөлүк өнөрдү боюна сиңирип, ырларында өзү жашаган доордун сүрөтүн көркөм чагылдырган акындар арбын.  Ошондой акындардын бири улуу акын – Алымкул Үсөнбаев. Ал бир эле учурда турган жеринде ырды жамгырдай сабалаткан төкмө, элдик жомокторду жаңыча формада, өздүк иштелмелери менен жарата алган жаңычыл жомокчу, бир катар элдик эпосторду айтып, өздүк вариантын иштеп чыккан айтуучу, эл алдында шаңкылдаган үнү менен элдик ырларды ырдаган аткаруучу, күүчү, өзүнөн кийинки өнөрлүүлөргө ырчылыктын сырларын үйрөткөн устат акын болгон. Мына ушул ар өнөрдөн куралган синкреттүү өнөр адамынын чыгармачылыгын адабият таанууда өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Себеби, башка акындар сыяктуу эле Алымкул Үсөнбаев акындар чыгармачылыгында канча кылымдан бери жандуу кубулуш катары сакталып келген салттуулукту улантты. Ошол эле учурда өзү жашап жаткан заманга ылайыкташкан, жазма адабияттын таасирлерин синкреттештирген, мазмундук жана формалык жактан жаңычылдыктарды киргизе алган бир катар жаңычылдыктарды жаратты. Башкача айтканда, өз заманын ийгиликтерин чыгармачылыгына сиңире алды.

Алымкул Үсөнбаев – төкмө акын, айтуучу катары эле эмес бир канча обондордун жана күүлөрүн, лирикалык ырлардын, поэмалардын автору катары кыргыз элине кеңири таанымал акын. Ушундай ар өнөрдүн башын бир боюна сиңирген, эки доордо жашап, заман талабына жараша чыгармачылык жаңылануга ээ болгон Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын талдоо, бүгүнкү адабият таануунун жетишкендигинен туруп баа берүү учурдагы негизги маселелерден, бул бир. Экинчиден, элдик жомокторду жаңыча формада кайрадан иштеп чыгуудагы акындын ийгиликтери, кемчилиги, кенже эпосторду айтуудагы айтуучунун вариантынын башка айтуучулардан өзгөчөлөнгөн айырмачылыгын белгилөө.

Үчүнчүдөн, акындын өзүнө гана ылайыкташкан чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү, оозеки чыгармчылыктан профессионалдуу чыгармачылыкка өтүүдөгү анын ролу, таасири кандай болду деген маселелерди талдоо, төртүнчүдөн, ырчылыгы эки доордо калыптанган акындын чыгармачылыгына доордун таасири канчалык таасирин тийгизди деген маселелер Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгына кайрылуунун негизги зарылдыгы болду. Акындар чыгармачылыгынын тарыхында Алымкул Үсөнбаевдин аты Токтогулдун окуучусу катары, залкар акындардын замандашы, Калык, Осмонкул, Карамолдо, Атай, Муса, Шаршен ж.б. өнөрлүүлөр менен филармонияда бирге иштешкен кесиптеш катары көп эле эскерилип, Токтогулдун негизги шакирттеринин бири катары көп эле айтылып, чыгармачылыгы тууралуу ар түрдүү макалалар, эскерүүлөр, конференциялык докладдар жазылып келген. Акындын өмүрү, чыгармачылыгы, ырларынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү боюнча эмгек С.Байходжоевдин авторлугунда жазылган[10]. Мындан тышкары К.Маликов, К.Рахматуллин, С.Мусаев сыяктуу адабиятчы окумуштуулар акындын чыгармачылыгы тууралуу макалаларын жарыялашкан. Эгемендик жылдарда да акындын чыгармачыгына кайрылуу токтогон эмес [47, 25]. Кенже эпостор боюнча изилдөөлөрдө да А.Үсөнбаевдин варианты жөнүндө пикирлер айтылган.[29,33] ж.б. Жогоруда белгиленгендей, Алымкулдун чыгармачылыгы тууралуу буга чейин жазылгандар акындын ыр жыйнактарындагы баш сөздөр, акындар чыгармачылыгына тиешелүү фундаменталдуу эмгектердеги портреттик мүнөздөгү иштер, эскерүүлөр экенин көрөбүз. Демек, илимий негизде Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында калыптанган салттуулукды, анын вариантындагы кенже эпостордун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн белгилеп жаңычылдыктарын көрсөтүү менен кыргыз адабият тарыхынан алган ордун белгилеп, чыгармаларына объективдүү баа берүү учурдун талабы. Иштин актуалдуулугу да мына ушул маселелерден көрүнөт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен болгон байланышы:** Илимий изилдөөнүн темасы КР УИАнын Ч.Айтматов

атындагы Тил жана адабият институтунун илимий иштеринин планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Алымкул Үсөнбаевдин өмүр жолун, чыгармачылыгын калыптандырган конкреттүү тарыхый, коомдук жагдайларды эске алуу менен акындын инсандык, чыгармачылык портретин түзүү. Акындар чыгармачылыгында канча кылымдардан бери сакталып келген салттуулукдын Алымкул акындын чыгармачылыгында улантылышын жана ошондой эле көпчүлүк ырчылардан бөтөнчөлөнгөн жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн белгилөө, бүгүнкү күнгө чейин жарык көргөн чыгармаларына тематикалык-идеялык талдоо жүргүзүү менен анын ырчылык, төкмөлүк айтуучулук, күүчүлүк, обончулук ар өнөрдүн башын бириктирген чыгармачылык синкреттүүлүк сапатын белгилөө; элдик жомокторду кайрадан иштеп чыгуудагы өздүк кошумчаларын, жаңычылдыгын белгилөө; кенже эпосторду айтуудагы А.Үсөнбаевдин ийгилик, кемчликтерин белгилөө, өздүк варианттын сюжеттик-композициялык, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн ачуу; акындын чыгармачылыгындагы доордун таасирин, адабий мурастарынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, эстетикалык кунарын талдоого алуу болду.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди астыбызга койдук:

• Алымкул Үсөнбаевдин өмүр жолу жана чыгармачылыгынын изилдениш абалына обзор берүү;

• Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларын жалпы акындар чыгармачылыгынын контекстинде талдоого алып, өнөрдө калыптанган салттуулукдын уланмалуулугун, башка акындардан айырмаланган жекечелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

• Кенже эпостору айтуудагы өздүк варианттарынын илимий анализге алуу жана жөө жомокторду трансформациялоодогу ийгиликтерин көрсөтүү;

• Акындын чыгармаларындагы доордун көркөм сүрөттөлүшүн белгилөө;

• Чыгармаларынын идеялык багытын, тематикалык, жанрдык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

• Акындын айтыш өнөрүндөгү бөтөнчөлүктөрүн ачуу;

• Акындын чыгармаларынын поэтикалык өзгөчөлүгүн ачып берүү;

• Учурдун талабына жараша илимий жол менен буга чейинки айтылган ой-пикирлерге көз карашыбызды айтуу, тактоо, өз аргументибизди ортого салуу.

**Илимий иштин жаңылыгы** комплекстүү түрдө биринчи жолу өмүрү, чыгармачылык жолу илимий талдоого алынып жаткан кыргыз акындарынын ири өкүлү Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгына арналганында. Өзүнө ылайык үнү, чыгармачылык жүзү менен кыргыз маданиятына өз салымын кошкон Алымкул акындын чыгармачылыгы Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет, Калык, Осмонкул сыяктуу акын-ырчылардын катарында диссертациялык деңгээлде биринчи иретте талдоого алынышында. Бүгүнкү күнгө чейин акындын чыгармачылыгы тууралуу айтылып, жазылып жүргөнү менен анын адабий мурастарын ар тараптан атайын иликтеген эмгек жок. Ошол себептүү, Алымкул акындын чыгармачылыгы боюнча алгачкы илимий-теориялык эмгектин жазылышы, иштин жаңылыгын негиздейт.

**Иштин практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын акындар поэзиясын, анын ичинде Алымкул Үсөнбаевдин жеке чыгармачылыгын үйрөнүүдө, жогорку окуу жайлардын студенттерине, орто мектептердин окуучуларына окуу куралдарын, илимий-методикалык эмгектерди жазууда, атайын курстарды өтүүдө, дипломдук, курстук иштерди аткарууда, акындар чыгармачылыгы боюнча окуу куралдарын түзүүдө колдонсо болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**:

- Алымкул – акындар чыгармачылыгында өзүнө ылайык чыгармачылык бөтөнчөлүккө ээ төкмө акын.
- Алымкулдун чыгармачылык калыптануусу башка акындар сыяктуу эле таасирленүү, үйрөнүү, көнүгүү, элдик лирикалык чыгармаларды

аткаруу, жамакчылык, төкмөлүк сыяктуу салттуу эволюциялык жолду улантты.

- Чыгармачылыгы төкмөлүктүн, синкреттүүлүктүн, устат-шакиртчиликтин, поэтикалык салттуулукдын нугунда өнүккөнү менен акындын өзүнө ылайык чыгармачылык өзгөчөлүктү тематика тандоодо, элдик мурастарды, жанрларды жаңы ыкмада иштеп чыгууда, айтуучулукта жарата алды;
- Алымкул – айтыш өнөрүнүн таланттуу өкүлү;
- Алымкул – акындыгы менен бирге мыкты күүчү, обончу, аткаруучу;
- Алымкул идеялык-тематикалык жактан өзүнө чейинки салттуу темаларды улантып, жанрдык жактан ар түрдүүлүккө ээ.

Жалпысынан алганда, Алымкул Үсөнбаев кыргыз акындар чыгармачылыгында өзүнө ылайык өзгөчөлүктөргө ээ залкар талант экени, анын чыгармачылыгы салттуулук менен өздүк чеберчиликтин айкалышуусунан калыптанганы далилденди.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоого алуу, жуурулуштуруу аркылуу жетишилген илимий корутундулар изденүүчүнүн жекече салымы болуп саналат.

**Изилдөөнүн аппробацияланышы**. Диссертация КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун “Манас”, фольклор, акындар чыгармачылыгы” бөлүмүндө (……….), институттун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында (11.10.2021-жыл, протокол №4) илимий талкуудан өткөн. Мындан сырткары эл аралык, республикалык деңгээлдеги бир катар илимий-практикалык конференцияларда докладдар окулуп, илимий макалалар коомчулукка сунушталган.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда чагылтылышы.** Иштин негизги мазмуну коллективдүү жыйнактарга, КР ЖАК тарабынан белгиленген илимий журналдарга жарыяланган. Жарык

көргөн макалалардын жалпы саны 9 (тогуз). Кыргызстандын РИНЦ састемасына кирген журналдарына – 8, жалпы баллы – 168 жарык көрдү.

**Иштин структурасы**. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүүдө иштин жалпы мүнөздөмөсү, алдына койгон максат, милдеттери, методологиялык негизи, жаңылыгы, теманын актуалдуулугу, илимий-практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболору белгиленет.

Диссертациянын биринчи бабы **«Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын салттуулугу, жаңычылдык белгилери»** деп аталып, бир нече параграфтарга бөлүндү. Анда акындын чыгармачылыгын изилдениш тарыхы, чыгармачылык калыптануусу, акындар чыгармачылыгындагы калыптанган төкмөлүктүн салттуулугу, устат-шакиртчилик, чыгармачылыктагы синкертизм, көркөм поэтикалык салтттар өңдүү салттуулук жана өздүк чеберчилик проблемалары, айтыш өнөрүндөгү таланты каралды. Мына ушул маселелер терең иликтөөгө алынып, системалаштырылып жазылды.

Экинчи бап **«Фольклордук жанрлардын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында иштелиши»** деп аталып, акындын элдик жомок, уламыштардын негизинде жараткан жомоктору, акындын вариантындагы “Кожожаш”, “Олжобай менен Кишимжан”, “Саринжи, Бөкөй” кенже эпостору, аларды башка варианттардан айырмалап турган сюжеттик өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүгө аракет жасадык.

Үчүнчү бап **«А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, акындын чыгармаларынын тематикалык, жанрдык көп түрдүүлүгү, чыгармаларында доордун сүрөттөлүшү жана поэтикалык өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

Корутундуда эки бөлүмдө чыгарылган ойлор корутундуланып, жыйынтыкталды.

# 1-БАП: АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН САЛТТУУЛУГУ, ЖАҢЫЧЫЛДЫК БЕЛГИЛЕРИ

## 1.1. А.Үсөнбаевдин чыгармачылык жолунун изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери

XIX кылымдын экинчи жарымы  XX кылымдын башы кыргыз маданиятынын, адабиятынын гүлдөө доору аталып турган мезгилде ырчылык (акындык өнөр) дүркүрөп өнүккөн. Тагыраак айтканда, тематикалык жактан "тарыхый доордун летописиндей" чагылдырылган замана өңдүү түбөлүктүү маселелерге ой калчаган дүнүйө, өмүр-жаш, карылык тууралуу ырлар, кыргыз жеринин кооздугуна таң берип, көркөм сөздүн керемет күчү менен тарткан табият ырлары, өмүргө өбөлгө болгон аккан суу тууралуу ырлар, кайсы мезгил болбосун ырдалчу махабат ырлары, келечек муунду сөз менен тарбиялоочу дидактикалык, санат-насыят, термелер жаралган. Ушундай улуттук көркөм дөөлөттөрдү жаратуучулардын чоң тобуна Калыгул, Балык, Арстанбек, Молдо Нияз, Токтогул, Калык, Осмонкул, Эсенаман, Солтобай, Сагынбай, Эшмамбет, Барпы,  өңдүү эл шайырлары кирет.  Аты аталган өнөрпоздор акындыктын салтын улоо, өздүк чеберчиликтеги өнөр сырларын көрсөтүү менен бирге кийинки муунга үлгү болуп, кези келгенде шакирт таптап келишкен. Албетте, жогорку айтылган акын, ырчылардын ар бири өз алдынчалыкка, өздүк чеберчиликке ээ. Алардын ар бири өнөр сырларынын ар түрдүүлүгү менен айырмаланып келген. Мисалы, Калыгул, Арстанбек замана ырларынын мыкты жаратуучулары болсо, Барпы ырчы оозунан чыккан сөздөрдүн алтындай салмактуулугу, кыял чабытынын кенендиги, логикасынын күчтүүлүгү менен айырмаланган. Ал эми Коргоол кол ойнотуп, күүнү кыябына келтире черткен, ырларына өтүмдүү сөздөрдөн таба билгендиги менен өзгөчөлөнсө, "төкмө ырчы" атанган Алымкул өзгөчө

коңур үнү, аткаруучулук жөндөмү менен элге таанылган. Демек, ырчылардын ар бири чеберчилик маселесинде өзүнө ылайык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланарын көрөбүз. Мындан улам Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук менен өздүк чеберчилик маселелеринин деңгээлин, ырчылык бөтөнчөлүктөрүн, айтуучулук өнөрүн илимий талдоого алууну максаттадык.

Акын Алымкул Үсөнбаевге ырчылыктын үрөнү ата-энеси тарабынан берилген, тагыраак айтканда ата-энеси да сөзгө чебер, жомокчу адамдар болгондугун акындын чыгармалары боюнча жазылган илимий эмгектерден, макалалардан билебиз [3, 6, 10, 25, 45]. Ата-энесинен ажырап жетим калып, аталаш агасы Аалыбайдын, ал өлгөн соң Саалыбайдын колунда күн кечирген. Агасы Аалыбай да колуна комуз алып, анда-санда ыр ырдап, күү черткени болочок жаш акындын жүрөгүндөгү үрөндү андан ары өндүргөн сыяктуу. 13-14 жашка келгенде кыз оюндарда секетбай ырларын ырдап, эл арасындагы Сулайман, Айдараалы, Аттокур, Үмөтаалы өндүү ырчылардын ырларын, күүлөрүн угуп, кийин устаты Токтогулга жолугуп чыгармачылыгын өнүктүргөн.

Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы эки мезгилге туш болуп, эки багытта өнүктү. Бири элдик оозеки чыгармачылыктан башат алып өнүктүргөн салттуу төкмөлүк өнөр болсо, экинчиси чыгармачылыгын жазма адабияттын өзгөчөлүктөрүн калыптандырууга багыт алган жаңы замандын жетишкендиктерин өз чыгармачылында калыптандыруу же жаңыга умтулган поэтикалык ырлары түздү. Буга совет мезгилиндеги жазма поэзиянын салттарын өз чыгармаларында пайдалануусу кирет. Бирок, ошондой жаңыга умтулуу болгону менен Алымкулдун 30-жылдардан кийинки ырлары, поэмалары ойду берүү, көркөм каражаттар менен шөкөттөө, форманы табуу, уйкаштык, ритм, рифма маселелеринде фольклоризмдин күчтүү экени, төкмө акындык салттан дагы деле алыстай албаганы көрүнүп турат. Бул табигый көрүнүш алгачкы кыргыз поэзиясынын башатындагы А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов ж.б. лирик акындардын чыгармаларында да кездешкен. Демек, жаңыга умтулуу тематикалык, идеялык мазмунда ачык

байкалса, ырды берүү формасы, ыр түзүү техникасы бүтүндөй төкмөлүк өнөрдүн салтында уланган. Ал тургай Алымкулдун чыгармаларынын жазылып алынып жарыялоо тарыхы да мунун ачык далили болуп турат. Биринчиден совет мезгилине чейинки чыгармалары жыйноочулар тарабынан топтолуп КРУИАнын кол жазмалар фондуна тапшырылса, 30-жылдардан кийинки чыгармалары лирикалык топтомдор (китеп) болуп жарык көрүп турган. Мындан улам акындын чыгармалары качан жарыяланып баштаган, чыгармачылык өнөрканасына кандай илимий баа берилген деген суроолорду жазуу зарылдыгы турат.

Алымкулдун чыгармаларын алгачкы жолу 1923-жылы К.Мифтаков жазып алып, КР УИАнын Кол жазмалар фондуна тапшырган. Фольклорист тапшырган материалдар акындын коштошуу, учурашуу, көрүшүү ырлары жана күүлөрү (1-тиркеме). К.Мифтаковдон башка Ы.Абдрахманов, Ч.Шакетаев, Э.Муканбетов, Ж.Таштемиров, О.Сооронoвдор да акындын чыгармаларын чогултуп, ар кайсы жылдарда фондго тапшырып келишкен. Бул материалдардын арасында акындын вариантындагы “Саринжи, Бөкөй”, “Кедейкан” кенже эпостору да бар.

Алымкулдун ырлары 30-жылдардан баштап китеп болуп коомчулукка жарыялана баштайт. Ушул жылдары акын жөнүндөгү айрым пикирлер гезит-журналдарга жарыялана баштаган. Алымкул Үсөнбаевдин алгачкы “Ырлар” деп аталган жыйнагы 1938-жылы жарык көргөн. Ушул эле жылы “Кожожаш”, “Ырлар жыйнагы”, “Саринжи, Бөкөй” китептери да жарыкка чыгат. Булардын ичинен “Саринжи, Бөкөй” китебине акын М.Элебаев жооптуу редактор болуп, баш сөз жазып, фольклор жөнүндө учкай кеп айтат. Китеп латын алфавитинде, 220-бет көлөмүндө чыккан. 1939-жылы элдик жомоктун негизинде жазылган “Жолборс минген киши” жомогу жарык көргөн. Ал эми 1940-жылы жогорку ырлары жана поэмалары топтоштурулуп, “Ырлар жана поэмалар” деген ат менен кайрадан жарыкка чыгат. Жогорудагы басылмалар кайрадан оңдолуп, толукталып кийин бир канча жолу басылып чыккан. Акындын жарыяланган китептеринен тышкары анын аткаруусундагы ырлар, өзүнүн ырлары, күүлөрү жана З.Үсөнбаевдин

аткаруусундагы айтыштары КТРКнын “Алтын казынасында” сакталуу турат. Бул жерде акындын сөзүнө жазылган 16 ыр, 25 ырга чыгарган обондору өзүнүн жана башка аткаруучулардын аткаруусунда, 10 ыр комуздун коштоосу менен өзүнүн аткаруусунда сакталган. Ал эми акындын алган сыйлыктары, коомдук ишмердүүлүгүн тастыктаган документтери, сүрөттөрү ж.б. өзүнө тиешелүү материалдар КР Мамлекеттик архивинде (Фонд №2799) сакталган. Бул материалдар иштин аягында тиркелди.

Ырчынын чыгармачылыгына илимий көз караштa баа берип, басып өткөн өмүр жолуна кайрылгандардын алгачкыларынын бири – К.Маликов. Бул акын жөнүндөгү адабий коомчулуктагы алгачкы пикир десек болот. Акын жөнүндө К.Маликовдун алгачкы макаласы 1938-жылы “Ала-Тоо” журналына латын алфавитинде жарыкка чыгат [91]. Ушул жылдан баштап К.Маликовдун акын жөнүндө макалалары гезит-журналдарга тынбай чыгып турган. Жазуучу акындын чыгармаларына талдоо берип, аны чыгармачылыгындагы негизги бөтөнчөлүк – элдүүлүк, турмуш чындыгы экенин көрсөтүп, өздүк чеберчилигин көрсөтүүгө аракет жасаган. Ал эми 1940-жылы Т.Сатылгановдун 75 жылдык юбилейине арналып чыккан “Токтогулга эстелик” [70] деген макалалар топтомунда К.Маликовдун “Токтогулдун алым-сабак ырлары” деген макаласы жарыяланган. Анда автор айтыштын жанрдык өзгөчөлүктөрү, Токтогулдун заманындагы акындардын социалдык абалынын талантына тийгизген таасири, Токтогул менен Алымкулдун “Акбаары” жана “Токтогул менен Эшмамбеттин сакал тууралуу алым-сабактарына” талдоо жүргүзөт.

К.Маликовдун макалаларындагы ойду Калим Рахматуллиндин [93], Темиркул Үмөталиевдин [97], Жоомарт Бөкөнбаевдин [87], К. Укаевдин [96], Самар Мусаевдин [55] мазмундуу макалаларынан да кездештиребиз. Бул инсандар да сынчы К.Рахматуллин айткандай «Алымкулдун ырлары жалындуу, шыктуу патриотизм менен толгондугун» белгилешкен. Бул макалаларда жогоруда айтылгандай акындын чыгармаларына эң жогорку пафосто баа берилип, негизинен бир жактуу мактоо орун алгандыгын айта кетишибиз керек. Ошондой эле акындын кедей үй-бүлөдө туулуп,

жаштайынан малайлыктын азабын тартып, чыгармачылыгынын башталышында улуу акын Токтогулга жолугуп, кийин анын шакирти болуп, устатынын өнөрканасынан алган тарбиясы жөнүндө пикирлер айтылган.

Акындардын чыгармачылыгы боюнча ойлор 20-жылдарда эле айтыла баштагандыгын Б.Кебекова өзүнүн “Акындар поэзиясын изилдөөнүн калыптанышы жана өнүгүшү” деген эмгегинде белгилейт. [46, 25-бет]. Бул ишти колго алган окумуштуулар И.Арабаев, Б.Солтоноев, К.Мифтаковдор болушкан. Ал эми акындардын чыгармаларына, өмүр таржымалына илимий негизде ой айтуу 1950-60-жылдардан баштап колго алынган. Токтогул Сатылгановдун, Барпы Алыкуловдун, Тоголок Молдонун, Осмонкул Бөлөбалаевдин, Калык Акиевдин чыгармаларына илимий талдоолор жүргүзүлүп, ар бир акындын, ырчынын потреттик өзгөчөлүктөрү коомчулукка жарыяланып келген. Булардын ичинде адабиятчы С.Байходжоевдин 1962-жылы жарыкка чыккан “Алымкул Үсөнбаев” аттуу изилдөөсү да бар. Бул эмгекте акындын өмүр баяны жөнүндө айтылып, чыгармаларынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү талданып, акын колдонгон көркөм сөз каражаттарына ошол мезгилдин деңгээлинде баа берилген. Автор акындын ырларын үч мезгилге: согушка чейинки жана согуш мезгилиндеги ырларына талдоо жүргүзүп, андан соң согуштан кийинки чыгармалары тууралуу кенен сөз кылган. Андан сырткары айтыштары, тамсилдери, жомокторуна да токтолот. Бул эмгек акындын чыгармачылыгы боюнча талдоолор жүргүзүлгөндүгү менен өзгөчө орунду ээлейт. Бирок, эмгекте акындын чыгармачылыгын идеялык-тематикалык жактан талдоолордо ошол учурдун идеологиялык талабынын фонунда каралып, басым негизинен Ленин, Партия жөнүндөгү ырларына жасалып, акындын жаңы замандын келишин ырдаганы, аны мактоолору тууралуу ырларына басым жасалганы байкалат. Ошондой эле акындын кээ бир ырларындагы эпикалуу сүрөттөөлөрүн ката катары эсептеп, ал сүрөттөөлөрдү жаңы техника жана идеялар менен алмаштырса туура болорун айтат. Мисалга алсак, акындын согуш учурундагы ырларын талдоого алып жатып, автор акындын ырларындагы салыштырууларга төмөндөгүдөй оюн

айтат: “Азыркы Советтик Армия кылыч, найза, айбалта менен куралданган Сыргак, Чубак өңдүү жомоктогудай жоокерлер эмес. Алар жаңы идея, жаңы техника менен куралданган совет элинин эр-уулдары. Сүрөттөөнү да мына ушул кырдаал менен бирдей деңгээлде алып барыш керек эле. Айрым ырларында автор жоокерлерди балта, найзаны колуна берип, топурактай таш жарган туяктары темирдей тулпарлардын үстүндө сүрөттөөнү жакшы көрүп, ага көбүрөөк көңүл бөлөт” [10, 45-б.] – дейт да, мисалга акындын танканы жана советтик жоокерди сүрөттөгөнүн келтирет. Автор бул эмгегинде А.Үсөнбаев согуш мезгилиндеги ырларына эпикалык мүнөз кошуу менен акын жетишерлик деңгээлде советтик жоокердин образын толук ачып бере албаган жана согуштун куралы болгон танканы толук сүрөттөп бере албаган деген жыйынтык чыгарат. Биздин оюбузча, бул жыйынтык туура эмес чыгарылган, анткени элдик оозеки чыгармалар, анын ичинде эпикалык чыгармалар канына сиңген кыргыз эли үчүн эпикалык сүрөттөөлөр менен шөкөттөлгөн ырлар элдин жан дүйнөсү үчүн жакын болуп, бат кабыл алынары шексиз. Автордун мындай талдоолорду жасашы да түшүнүктүү, анткени канча убакыт бою биздин эпикалык чыгармалар “эскини көксөгөн” чыгармалар катары таанылып келген эмеспи. Мындан сырткары 1988-жылы жарык көргөн “Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде” ушул монографиянын негизинде автор “Алымкул Үсөнбаев” деген портреттик макаласын жазган.

1973-жылы жана 1981-жылы А.Үсөнбаевдин тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы жарык көрөт. Баш сөзүн С.Эралиев жазып, акындын бала чагы, Токтогулга жолугушун айтып келип, Октябрь революциясынын келиши менен ырларынын тематикалык-идеялык көркөмдүгү артып, чыгармачылык эргүүгө ээ болгонун баса белгилейт. Андан ары ырларын талдоого алып, кандай темаларда, кайсы мезгил жөнүндө ырдагандары жөнүндө маалымат берип, акындын аткаруу чеберчилиги, комузчулугу, алган сыйлыктары тууралуу да сөз кылат.

Андан бери карай келсек, акындын юбилейлерине арналган макалалар, эскерүүлөр, адабиятчылардын акындык поэзияны изилдөөлөрүндө Алымкул

Үсөнбаевдин чыгармалары тууралуу түз же кыйыр түрдө сөз болуп өткөн эмгектер арбын. Алардын ичинде музыка таануучу катары В.Виноградовдун жана Б.Алагушевдин ойлору баалоого татыйт. В.Виноградов комузду сөз менен обонго ийкемдүү алып чыгуудагы аткаруучулук чеберчилигин, ырдоо манерасынын өзгөчүлүгүн айтып, акынды ыры терең мазмундуулукка жакын ак сөөк акын атаган. Алар башка адабиятчылар аздыр-көптүр токтолуп өткөн акындын аткаруу чеберчилиги, комузчулугу, обончулугу тууралуу баалуу ой-пикирлерди айтышкан. Ал эми адабиятчы, ф.и.к. Ж.Таштемировдун "Токтогул жана акындык поэзия" [69] деп аталган эмгегинде А.Үсөнбаевдин Токтогул менен учурашуу ырлары жана Алымкулдун Токтогулга биринчи жолуккандыгы тууралуу сөз кылып, Алымкул акындын Токтогулдун сынынан өткөнү тууралуу, бул учур ар бир акын үчүн чоң экзамен тапшырганга барабар экендигин белгилейт. Акындын казак акындары менен болгон байланышы адабиятчы Б.Кебекованын 1985-жылы жарык көргөн "Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы" аттуу эмгегинде сөз болот. Автор А.Үсөнбаевдин "Нарикбай" поэмасын казак акындарынан угуп айтып калгандыгын жазып, акындын эскерүүсүн мисал кылып берет. Акындын "Нарикбай" поэмасын айткандыгы тууралуу фольклорист Г.Орозова да тастыктайт: "Айтуучулардын маалыматына караганда поэма кыргыздарга казак ырчы-акындары аркылуу өткөн." [54, 5-б]. "Нарикбай" поэмасы көбүн эсе Кыргызстандын түндүгүндө жана Талас өрөөнүндө казактар менен коңшулаш аймакта айтылат... Калк эсинде Арстанбек, Жаныш, Токтогул, Сулайман, Алымкул, Турсалы Сырдыбаев, Сооронбек Чойбековдор сакталып калган. Канчасы көмүскөдө калып унутулгандыгын болжоп айтуу кыйын. Тилекке каршы жогоруда саналгандардын ичинен да Турсалы Сырдыбаев жана Сооронбек Чойбековдун айтуусунда гана бизге келип жетти"[54,6-б.]. Демек, Алымкулдун айткан варианты жазылып алынбаган. Б.Кебекова акындын казак фольклорун жакшы өздөштүргөнүн, казак поэмаларын эл арасында айтып жүргөндүгүн, чыгармачылыгын өнүгүшүнө белгилүү өлчөмдө таасир тийгизип, акындын "Олжобай менен Кишимжан" поэмасында казактын лирикалык поэмаларынын салттуулугу,

назик лиризм байкалаарын белгилейт. Ошондой эле казактын улуу акыны Жамбылды устаты катары эсептеп, ал эми замандашы Кенен менен бир канча ирет айтышып, чыгармачылык байланышта болгондугунан да кабар берет. Акындын казак тилин жакшы билгендигин фольклорист К.Мифтаков да айткан: "Ырды казакка казакча, кыргызга кыргызча тил менен ырдайт. Кыргыз, казак арасында акындык менен чоң урмат көрөт" (Инв.: №7(200). Демек, А.Үсөнбаев казактын элдик оозеки чыгармачылыгы менен да жакшы тааныш болгон.

Акындын ырлары, поэмалары, жомоктору тынбай жарыяланып турган. Кыргыз тилинде отузга жакын жыйнагы чыкса, орус тилинде он эки ыр жыйнактары, жомоктору, поэмалары жарык көргөн. Эгемендиктин шарапаты менен көркөм адабий туундуларыбызга кайрадан кайрылып, саясаттан тыш чыныгы реалдуулук мүнөзүн аныктап, илимий баа берүү маселесинен улам оозеки адабиятыбызга, акын-ырчыларыбыздын чыгармачылыгына кайрадан кайрылуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Натыйжада акын-ырчылардын өмүр таржымалына, чыгармачылыгына тактоолор, толуктоолор киргизилип, портреттик мүнөздөгү макалалар жазылып, чыгармалары кайрадан басылып жарыкка чыкты. Ошондой портреттик мүнөздөгү макалалардын бири 1992-жылы чыккан "Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы" аттуу окуу куралындагы А.Абдразаковдун макаласы [47, 3-26-б.]. Бул макала акындын толук өмүрү, акындын жаш кезиндеги көргөн оор турмушу, чыгармачылыгынын калыптанышы, устатына жолугушу, ж.б. камтыйт. Айрым чыгармаларына токтолуп, композициялык курулушу, поэтикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу талдоолор жүрөт. Акындын чыгармаларын этаптарга бөлүп карап, тематикалык, идеялык жактан болгон өзгөчөлүктөрүн, акын катары улам калыптанып жүрүп отурганына басым жасалат. Бул макала А.Абдразковдун 2002-жылы жарык көргөн "Төкмөлүк жана көркөм чыгармачылык" эмгегинде кайрадан жарыяланган.

Ал эми акындын юбилейлик жылдарында (90, 100, 110, 120) чыккан эскерүүлөр, портреттик макалалар да бир топ.

Кыргыз мамлекети өз алдынчалыкка ээ болгондон баштап, ата-бабадан калган мурастарына кайрадан кайрылып, элдик оозеки чыгармачылыгын жарыялоо, аларга калыс баа берүү иши колго алынгандыгы маалым. Ушул негизде КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту (мурдагы аталышы “Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору”) “Шам” басмасы менен биргеликте “Эл адабияты” деген аталышта серия түрүндө 40-томдукту чыгарууну колго алган. Бул 40-томдукка А.Үсөнбаевдин вариантындагы кенже эпостор да жарыяланган.

Алымкул Үсөнбаевдин вариантындагы “Кожожаш”, “Саринжи, Бөкөй”, “Олжобай менен Кишимжан” кенже эпостору 1996-1998-жылдары “Эл адабияты сериясынын” 1,6,9-томдорунда башка варианттар менен кошо жарыяланган. “Кожожаш” кенже эпосу А.Үсөнбаевдин варианты менен кошо С.Конокбаевдин жана Т.Жээнтаевдин варианттары “Эл адабияты” аталган 40-томдуктун 1-томунда жарыяланып, бул варианттар тууралуу К.Кырбашевдин “Кожожаш” жана анын варианттары” аттуу кириш сөзү берилген. Бул кириш сөздө варианттардын качан, кимден жазылып алынгандыгы, алардын ортосундагы айырмачылыктар тууралуу талдоолор берилген [37].

“Саринжи, Бөкөй” кенже эпосу 6-томдо “Жаңыл Мырза” кенже эпосу менен кошо бир китеп болуп жарыяланган. Баш сөзүн китепти түзүүчү А.Жайнакова жазып, китепке А.Үсөнбаевдин жана С.Конокбаевдин варианттары берилгенин, бул эпосторду авторлордон ким жазып алганы, варианттардын айырмачылыктары, окшоштуктары тууралуу маалымат берет.

“Олжобай менен Кишимжан” кенже эпосу 9-томдо “Кедейкан” эпосу менен бирге жарыяланган. Бирок бул томдо А.Үсөнбаевдин вариантындаы “Кедейкан” кенже эпосу жарыяланбаган. Китептин баш сөзүн жазган Т.Казиев Токтогул менен К.Акиевдикинен башка дагы А.Үсөнбаевдин варианты бар экендигин айтып, акындын вариантынын көлөмүнүн аздыгы, көркөмдүгү жактан жогорку эки вариантка салыштырмалуу жупуну экендигинен кабар берип, аз болсо да А.Үсөнбаевдин варианты тууралуу түшүнүк берет. Ал эми “Олжобай менен Кишимжан” кенже эпосунун эки

варианты, А.Үсөнбаевдин жана С.Сакетаевдин айтуусунда берилген. Бул кенже эпостор 2016-жылы кайрадан басылып чыкты.

Мындан тышкары акындын вариантындагы кенже эпостор боюнча ойлор С.Закировдун 1960-жылы чыккан “Кожожаш” эпосунун кээ бир маселелери”, Б.Кебекованын 1964-жылы чыккан “Кедейкан” эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү” деген эмгектеринде азын-оолак айтылса, кийин кыргыз адабиятынын тарыхына кирген Р.З.Кыдырбаеванын “Саринжи, Бөкөй”, К.Кырбашевдин “Кожожаш”, М.Мукасовдун “Олжобай менен Кишмжан” эпостору боюнча изилдөөлөрүндө акындын варианттары боюнча негиздүү ойлор айтылган. [44].

Улуттук көркөм дөөлөттөргө жаңыча мамиле кылуу мезгили болгон эгемендик жылдарында мурда жарык көргөн акындардын чыгармаларын кайрадан карап, совет доорунда чектөө коюлуп, “унутулуп калган акындардын” адабий туундуларын  жарыкка чыгаруу иши колго алынып, акдемик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында КР УИАнын кол жазмалар фондунда сакталып турган акындардын айтыштары “Залкар акындар” сериясы (Калмырза, Чоңду, Эсенаман, Үмөталы, Жеңижок, Арстанбек, Айтыке, Коргол, Эшмамбет, Калык, Осмонкул, Алымкул, Токтоналы, Ысмайыл) жарык көрдү. Ушул “Залкар акындар” сериясынын 2006-жылы чыккан 7-томунда адабиятчы, изилдөөчү А.Обозкановдун “Алымкул Үсөнбай уулу” аттуу макаласы жарыяланган. Бул эмгекте акындын аткаруучулук жөндөмүнө, үнүнүн жагымдуулугуна “эл эркеси” Куйручуктун жана фольклор жыйноочу К.Мифтаковдун баа бергендиги айтылат. А.Үсөнбаевдин үнү, тембри кооз болгон, бекеринен өз заманында Кыргызстандын мамлекет башчысы И.Раззаков мамлекеттик деңгээлдеги маданий иш-чараларда, концерттерде акынды атайын чакырттырбагандыр. А.Обозканов акындын “Гүлдөп ал”, “Комузум”, “Селинчек” аттуу обондоруна, комузду Карамолдо, Коргол, Атай, Шекербектен кем чертпеген комузчулугуна  да жогору баа берет. Ошондой эле акын “Манас”, “Семетейди” комуздун коштоосунда аткаргандыгы тууралуу маалымат берип, бул манасчылык өнөрдүн тарыхындагы биринчи көрүнүш, кызыктуу

факты экенин белгилейт. А.Обозкановдун бул макаласы акындын өздүк чеберчлигин, ырчыларга мүнөздүү синкретизмдин А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында чагылдырылышы тууралуу так, таамай талдагандыгы менен айырмаланат.

Акындын төкмөлүгү, б.а. айтыштары тууралуу маалымат А.Обозкановдун “Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты”(-Б., 2006.) аттуу эмгегинде жана М.Көлбаеванын “Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика)” (-Б.,2015) аттуу докторлук диссертациясында талдоого алынып, Калык, Токтогул, ж.б. төкмө акындар менен болгон айтыштары тууралуу талдоолор жүргүзүлөт. М.Көлбаева А.Үсөнбаев менен катар Осмонкул, Токтоналы акындардын совет мезгилиндеги айтыштарына токтолгон. Ал эми акындын Үмөталы акын менен болгон айтышы Б.Таштаналиев түзгөн “Үмөталы. Ырлар, айтыштар, адабий иликтөөлөр” деген Үмөтаалы акындын чыгармачылыгына арналган эмгекке киргизилген [78].

Биз жогоруда А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгын талдоого алган эмгектердин тизмесин карап, талдаганыбызда акындын чыгармачылык бейнесин талдоодо ар бир адабиятчы өз изилдөө багытынан улам акындын чыгармачылыгына токтолгон. Мисалы, С.Байходжоев акындын чыгармачылыгындагы советтик идеология маселелерин, Б.Кебекова кыргыз-казак адабий байланышын, А.Обозканов чыгармачылык синкретизм, М.Көлбаева айтыштары боюнча изилдөөлөрүндө акындын чыгармалары объект катары талданган. Мунун өзү бүгүнкү күнгө чейин акындын чыгармачылыгына комплекстүү түрдө илимий баа бериле элек экендигин күбөлөп турат.

### 1.2. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук, өздүк чеберчилик маселелерин изилдөөнүн объектиси, предмети, изилдөө методдору

А.Үсөнбаев ырчылыкты, төкмөлүктү, айтуучулукту, комузчулукту, обончулукту бирдей алып жүргөн, б.а. чыгармачылыгын синкреттүүлүктө

өнүктүрүп келген акындардын катарында болгон. Демек илимий иштин изилөө объектиси да акындын ар тараптуу өнөрүн чагылдырган эмгектерди толук  камтуусу турган иш. Илимий ишти жазууда А.Үсөнбаевдин жарык көргөн жыйнактары, акындын вариантындагы кенже эпостор, жомоктор жана акындын өмүр таржымалы, чыгармачылыгы тууралуу жазылган дээрлик бардык эмгектер (газета-журналдык материалдар, эскерүүлөр, ж.б.) КР ИУАнын кол жазмалар фондусундагы жыйноочулардын жана өзү өткөргөн материалдар (кайсы материалдар экендиги тиркемеде көрсөтүлөт – СЖ), эл адабиятынын сериялары [32,33,37,67], залкар акындар сериялары [23,24,25], кыргыз поэзиясынын  антологиясындагы материалдар [48], жарык көргөн жалпы акындын мурастары [1-тиркеме] объект катары пайдаланылды. Мындан тышкары акындар чыгармачылыгын ар тараптуу изилдеген окумуштуулардын кандидаттык, докторлук [19,20,26,38,41,61,67,74] диссертациялары да изилдөөнүн объектисин түздү.

Ишти жазууда филология илимдеринин, анын ичинде акындар поэзиясы боюнча ар кыл маселелерин чечмелеген фундаменталдуу иштер [49,50,56,57,68,69,70], ар түрдүү өңүттө каралган адабий-теориялык изилдөөлөр [14,58,59,65,66], кыргыз фольклортаануу, адабият таануу илимдери тууралуу илимий эмгектер [8,73,75], кыргыз адабиятынын тарыхынын томдуктары [44,45,46] жана  Ж.Таштемиров, С.Байходжоев, Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, А.Обозканов, А.Абдразаков, Г.Орозова, Л.Үкүбаева, А.Турдугулов, Б.Баймырзаев, М.Көлбаева сыяктуу адабиятчы окумуштуулардын  акындар поэзиясы, эл ырчыларынын, төкмөлөрдүн чыгармачылыгы, айтыштар тууралуу жазылган  эмгектери иштин методологиялык негизин түздү. Ишти жазууда  фольклортаануу, акындар чыгармачылыгы, адабияттаануу илиминдеги буга чейинки кеңири колдонулуп келген төмөнкү методдор пайдалынылды:

1) тарыхый-обзордук – акындын чыгармаларынын жарыяланышы боюнча жана чыгармалырын түз же кыйыр түрдө талдоого алган адабиятчы окумуштуулардын эмгектери боюнча обзор жүргүзүлдү.

2) салыштырма-типологиялык – А.Үсөнбаевдин ар түрдүү жанрдагы ырлары жана эпикалык чыгармалары башка акындардын, айтуучулардын чыгармалары менен салыштырылып изилденди. Сүйүү, аккан суу, санат ырлары Токтогулдун, Барпынын, Жеңижоктун ушул жанрдагы ырлары менен салыштырылса, “Кожожаш” кенже эпосту С.Конокбаевдин жана Т.Жээнтаевдин варианттары менен, ал эми “Олжобай менен Кишимжан” эпосу С.Сакетеавдин варианты менен салыштыруу аркылуу ишке ашты.
3) адабий-теориялык – фольклортаануу, адабияттаануу илиминдеги теориялык аныктамалар, жыйынтыктарга таянуу менен акындын чыгармаларына талдоолор жасалды.
4) сюжеттик, поэтикалык талдоо – акындын вариантындагы кенже эпосторду сюжетттик жактан талдоодо эпостордун китеп болуп жарыяланган академиялык басылыштары негизги материал катары пайдаланылды.

Кыргыз оозеки чыгармачылыгынан башат алып, өз чыгармачылыгын ар тараптуу өнүктүрүп келген А.Үсөнбаевдин өмүрү, чыгармачылыгын башталышы, калыптанышы, өнүгүшү жана бүгүнкү күнгө чейин акындар поэзиясындагы салттуу өнөр катары уланып келген, мезгил өткөн сайын улам бир жаңычылдыкка ээ болгон төкмөлүктүн жекелик мүнөзү, байыркы мезгилдерден бери карай чыгармачылыкта өмүр сүргөн салттуулукдын акындын чыгармачылыгында сакталышы, муундар байланышын түзгөн устат жана шакирт маселеси, элдик жомокторду, поэмаларды жаратууда, кенже эпосторду айтуудагы өздүк чеберчилиги изилдөөнүн предметин түздү.

### 1.3 Акындык өнөрдөгү салттуулуктун А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында калыптанышы

XIX кылымдын экинчи жарымы  XX кылымдын башында кыргыз элинин башынан тарыхый-экономикалык, социалдык-саясий мааниси  бар окуялар  өтүп, эки кылымдын тогошуусунда уруу-уруу болуп чабышууларга, бирин-бири басып алууга,  көчмөн турмуштан отурукташууга өткөн зор өзгөрүүлөр жүрүп, доордун алмашып, ага карата карапайым элдин социалдык абалы оордошкон учуру болгон. Мына ушул мезгилде элдин көйгөйүн көөдөнүндө сезип-туюп, ырга салган Арстанбек, Музооке, Чоңду, Эсенаман, Калмырза, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Калык, Барпы, Сүйүнбай, Жөжө, Шернияз, Кулмамбет, Жамбыл өңдүү казак менен кыргызга бирдей атагы чыккан карапайым эл ырчылары жашап өткөн. Мына ошол доордун «күрөө тамырынын» кагышын сезип, мезгилдин үнүн чыгармаларында айкын чагылдырып кеткен өнөр адамдарынын ар бир айткан ыры - биз үчүн, келечек муундар үчүн таберик мурас.

Өмүр жолу эки доордун кесилишине туш болуп, карапайым калкты өксүткөн окуяларга өзү күбө болгон ырчылардын сабында Алымкул Үсөнбаев да турат.

Акындар поэзиясында эч кандай алдын ала даярдыксыз, эл алдында чыгарма жаратуу, ырдоо төкмө ырчыларга (акындарга) мүнөздүү касиет. Бул илимде импровизация деген түшүнүк менен аныкталат. “Импровизациялык өнөр (төкмөлүк өнөр) – көп кылымдык өнүгүү тарыхыхында өзүнө ылайык өзгөчөлүктөрүн калыптандырып, жанрдык деңгээлге чейин өсүп чыккан түр катары акындар поэзиясындагы салттуу чыгармачылык экенин белгилөөгө болот”[39,21-б.]. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулук кандай болсо ошол калыбында сакталган сенек кубулуш эмес. Ал традициялуу болуу менен өзгөргүч келерин көрүүгө болот. Ар бир импровизатор тигил же бул кубулушту, турмуштук көрүнүштү ырга салууда, баяндоодо, логикалык ойго, көркөм каражаттарды колдонуу ыгына жараша кошумчаларды киргизип жүрүп отурат.

Бул акындар чыгармачылыгындагы салттуулук Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгына да мүнөздүү. Эң биринчи кезекте акындардын акын болуп чыгышына, ичинде бугуп жаткан шыктын ойгонушуна себепкер болгон – бул

элдик фольклор, оозеки чыгармачылык. Буга биз акындар поэзиясынын кайсы өкүлүн албайлы, алардын чыгармачылыгы менен таанышкан учурда күбө болобуз.

Алымкулдун ырчылык шыгынын ойгонушуна да өзгөчө таасир тийгизген эң башкы эстетикалык өбөлгөлөр элдик оозеки чыгармачылык, анын ичинде улуу "Манас" эпосу башында турган бир катар кенже эпостор болгон. Эл арасынан жомокторду, элдик ырларды, күүлөрдү көп угуп, анын көбүн эсине тутуп, айрымдарын өз алдынча теңтуштарынын арасында да аткарып жүрөт.

Алымкул жумуштан колу бошой калган учурларынын көбүн айылдагы Кудайберди, Аттокур сыяктуу көркөм сөздү куюлуштура айткан акын чалыш сөзмөр адамдардын айланасында өткөргөн. Алардан жана элден уккан жомоктор, айрыкча "Кожожаш", "Олжобай менен Кишимжан", "Саринжи Бөкөй" сыяктуу эпостор жаш талапкердин көңүлүнө бекем уюйт. Мына ушул чыгармалардын ыр түзүлүшүн, дегеле андагы ар түрдүү татаал турмуштук окуялардын көркөм сүрөттөлүшүн жаш талапкер акырындап өздөштүрө баштайт. Бара-бара ушул эпостордун айрым үзүндүлөрүн өз алдынча айтууга киришет. Бул учур импровизаторлордун эволюциялык баскычынын алгачкысы десек туура болот, башкача айтканда эволюциялык баскыч – **үйрөнүү (жамакчылык), чеберчиликти өздөштүрүү (ырчылык), өз алдынчалыкка өтүү (төкмөлүк)** болсо, жаш акындын айланасындагы окуяларды өз боюна сиңирип, аны кайрадан эл алдында аткарып берүүсү, бул баскычтардын алгачкысы.

1. Үйрөнүүдө – таасирленүү негизги мааниге ээ болуп, ырчылык, манасчылык, комузчулук, обончулук сыяктуу өнөрлөр биринен экинчисине, улуудан кичүүгө өткөн. Айрыкча, бир нерсеге чындап ыкласын койгон ынталуу талапкерге ал кызыккан өнөр ээсинин жагымдуу таасиринин кайтарымы абдан күчтүү. Мындай таасирлер эл шайырларынын чыгармачылыгында жыш жолугат. Алп мансачы Тыныбектин өнөрү Сагынбайга, Балыктыкы уулу Найманбайга, Калыктын өмүр бою "Кедейкан", "Жаныш-Байыш", "Курманбектей" эпосторду айтып калуусуна

түздөн-түз Токтогул себепчи болгон. Ниязалынын күүчүлүк өнөрү Коргоолго жугушса, залкар комузчулар Мураталынын эрте жашынан комуз чертип калышына атасы Күрөңкөй, Карамолдого Ороз, ал эми Атайдын комузчу болуп калышына таятасы Жантакбайдын таасири тийген. Ошентип, төкмөлүк өнөрдө ырчы болууга чындап бел байлап, ачыкка чыгып, элге тааныла баштаган кийинки этап – **жамакчылык** [57,25-б]. Жамакчы – өзүнөн мурунку ырчылардын көндүм нугуна түшүп, ошолор козгогон ой-санаа, тема, факты, проблемалардан алыс кетпеген, али өз жолун таба элек, сөзгө сөздү өз деңгээлине жараша жамап ырдап жүргөн өнөрпоз. Белгилүү адабиятчы К.Даутов: "Төкмөлүккө жарабаган, чамасы чакталуу, азыраак кураштырып ырдай алгандарды "жамакчылар" деп аташкандыгын"[17, 33-б.] жазат. Бул, ырчынын балалык курагына туура келип, адегенде өзүнө жаккан, күйгөн, секетпай өңдүү салттуу элдик ырлардан, белгилүү ырчылардын чыгармаларынан аткарып оозго алынып, ара-чолодо өзү да дыр бердире коюп, бирок өзүнө өзү көп канааттанбай, кайдандыр чоң ырчыларга жолугуп, жол көрүп, сабак алууга катуу далалаттанып жүргөн мезгили.

2. Алымкул төкмөнүн чыгармачылыгы кандай башталды? Акындардын чыгармачылыгында тигил же бул ырчы белгилүү чоң акынды пир тутуп, анын батасын алып, чыгармачылыгын өркүндөткөнүн, ошондон кийин жолу ачылып ырдап калса, кай бирлери алгачкы учурда түш көрүү менен төкмө акын болгонун эске салышат. Буга Токтогулдун жалаң ала кийим кийинген кырк кыз, кырк жигиттин ортосунда айтышып баарын жеңип, эртеси ырдагысы келип, оозун ачса эле тоо-таш, жер-суу баары куюлушуп келе бергени (Инв. №493) далил боло алат. Бул өзбек, казак, тажик элдериндеги акындык өнөрдө кездеше жүргөн кубулуш. Түш тууралуу адабиятчы Ж.Таштемиров буларды белгилейт: "...ишене турган жагы бул: ырга бүт дитин койгон, ага ынтызар, кумар болгон талапкер дайыма ырчылыкты эсинен чыгарбайт, ойлонот. Өзүнчө күңгүрөнүп ыр чыгарууга аракет жасашы да мүмкүн. Көңүлүн жалаң гана ырга койгондуктан, көнүгүү мезгилинде жаш улан өзүнчө делөөрүп, кандайдыр бир чыңалуу баскычына жетет. Так ушундай мезгилде түш көрүү пайда болот" [70,100-б] – деп келип "...бата

менен ырчылыкка жетишпегендей эле түш көрүү менен акын болуп чыкпайт" – дейт. Чындыгында, ар бир жаш талапкер канчалык өнөргө болгон кызыгуусу бийик болуп, аны талыкпаган эмгек машыгуу менен гана курчутуп, бийик деңгээлге чыкпаса, бата алып же түш көрүп коюу менен чоң акын болуусу күмөн. Алымкулдун чыгармачылыгы тууралуу уулу, төкмө акын З.Үсөнбаев мындай дейт: "Атам сегиз жашында ырдап баштаптыр. Апасы эртең менен туруп, эшикке чыгып кайра келе жатса боз үйдө калган бала уктаган жерине отуруп алып ыр айтып жатыптыр. Кирсем чочуп кетер деген ойдо боз үйдүн сыртынан ырдап бүткөнчө тыңшап туруптур. Бала ырдап бүткөндө үйгө кирип, отурган жеринен тургузса, Алымкулдун отурган төшөгү терден улам суу болуп кеткен экен" (З.Үсөнбаевдин эскерүүсү. Өздүк архив). Демек, Алымкулдун чыгармачылыгынын башталышы түш көрүүбү же жокпу так кесе айтуу кыйын. Бирок анын акын болуп калуусунда чыгармачылык эмгек, үйрөнүү, такшалуу негизги орунда тургандыгын гана көрө алабыз.

Күн өтүп, ай жылга алмашкан сайын кичинекей Алымкулдун ырчылык аты чакан кыз оюндарында, той-тамашаларында оозго алына баштайт. "Колума комуз тийгенде,– дейт А.Үсөнбаев, – тентектигим калды. Эмнегедир комуз эмес жаш жүрөгүм шыңгырагандай сезилчү"[3, 200-б.] – деп эскерет. Демек, Алымкулдун ырчылык жөндөмдүүлүгүнүн ачылышына, төкмөлүк шыгынын көз жарып ойгонушуна элдин оозеки чыгармалары түздөн-түз таасир эткени талашсыз чындык. Мисал келтирели:

"Кызматтан башың кутулбай,
Кыйла жыл болду жүргөнүң.
Жылаңайлак жылаң баш,
Жакшылап кийим кийбедиң.
Ээр токуп жүгөндөп,
Энчилеп бир ат минбедиң"[ 10,10-б].

Бул Шадыбек деген карыя дүйнөдөн кайтканда эл алдына чыгып аны кошкон Алымкулдун алгачкы ыры. Бул ырдан элдик оозеки

чыгармачылыктын таасири ачык көрүнөт. Акын элдик оозеки чыгармачылыктын нугунда алгачкы кошок ырын жаратып отурат.

Алымкул он төрт жаш курагында эле айыл арасында Сулайман, Аттокур, Айдараалы сыяктуу ырчылардан да таалим алып, өз теңтуштарынын арасында, кыз оюндарда ырдай коюп жүрөт. Аты аталган ырчылар атагы алыска кеткен акындар поэзиясынын чебер классиктери болушпаса дагы, Алымкулга акындыктын алгачкы “алиппесин” таанытууга жарамдуу ырчылардан болушкан. Алардын таасири менен Алымкул өз алдынча жамактатып төгүп ырдоонун жолдорун жана ыкмаларын үйрөнөт. Комуздун күүлөрүн өздөштүрөт. Мына ошентип Алымкулдун ырчылык жөндөмдүүлүгү күн санап өнүгө берет.

«Сулайман, Аттокур, Айдыраалынын, – дейт Алымкул Үсөнбаев, – башкаларга артуучу ырчылыгы деле көп жок эле. Бирок, алардын өңгү-дөңгү болгон ырчылыгы, аларга карата жасаган элдин түрдүү мамилелери мени көп ойлонтуучу. Мен алардын ырынан ырчылыктын баркын дагы тереңирээк баамдадым» [10, 12-б.]. Алымкул Сулайман, Аттокур, Айдыраалы, Үмөталы менен жүрүп ар түрдүү чакан жыйындарда көп ырдайт, көп сындан өтөт. Сөзсүз, жаш ырчы алгачкы ырында эле көзү көргөн, жүрөгү сезген турмуш көрүнүштөрүн кеңири жалпылай албаса да өзүнө тааныш оозеки элдик ырлардын үлгүсүндө жана өзү көргөн, бирге жүрүп бирге уккан акындардын ыкмасында айыл ичиндеги кубанычты жана кайгы-капаны тең бөлүшүүгө аракеттенген. Өз элинин турмуш-жайын, ой-тилегин, илгери үмүттөрүн, тар рамкада болсо да, комузга кошуп, колунан келишинче өз тилектештеринин арасында ырдаганын акын Алымкул көп эскерген. Жаш ырчынын мындай ырчылыгы анын чыгармачылык жолундагы элдик идеянын өсүп өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Акындын Октябрь революциясына чейинки ырларынын көпчүлүгү көздүн жашы, көкүрөктүн дарты менен жуулган, б.а. теңсиздик, жокчулук жөнүндө болгон. «Мага эски ырларымды эске түшүрүш өтө кыйын, – дейт Алымкул Үсөнбаев, – анткени, мен эски ырларымды эске салуу менен таза унуткум келген эски турмушумду эске түшүрөм. Бала Үсөндүн агасынын ашындагы ырдаган ырымды ойго салсам, менин көз

алдыма аштан кийинки манаптардын кызыл камчыга алып, үй-жайымды талап, жалгыз атымды тартып кеткени элестейт. Ал эми 1916-жылдагы ырларымды эскергенимде мен суудай аккан канды, көлдөй жашты элестетем» – дейт. Чындыгында эле, Алымкул Үсөнбаев элдин турмушун, оор күндөрүн ырдоодон жадаган эмес. Ал эми мындай ырлары үчүн Үсөн өңдүү бай-манаптардан оор ызаларды көрүп, көп азаптарды чеккен. Бирок, мындай кордоолор акынды чындыктан тайсалдатып, ырчылык талантына тоскоолдук жаратпаган.

Бирок айылдык жамакчы ырчынын деңгээлинен биротоло кол үзүп акындыктын, **төкмөлүктүн** чыныгы профессионалдык жолуна түшүшүнө Токтогулдун "ырчылык мектеби" чоң таасирин тийгизет. Акындын ырларындагы элдик мотивдин, чындыктын күч алышына кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылганов чоң түрткү берет. Бала кезинде уккан жомок, эпостор, элдик ырлардын үлгүлөрү акынды ырчылыкка шыктантса, Аттокур, Сулайман, Айдыраалы, Үмөталы өңдүү ырчылар жаш Алымкулга ырчылыктын маанисине түшүнүп, көркөм сөзгө кызыгуусун арттырат. Ушул мезгилдерде акындын чыгармачылык калыптануусунда Үмөталы ырчынын да салымы чоң болгон. Анткени Алымкул менен Үмөталынын айтышында Үмөталы:

Абал кайдан чыккан – деп,
"Аккан сууну" үйрөттүм.
Олжолуу болуп жүрсүн деп,
"Олжобайды" үйрөттүм.
-----------------------------
Үйрөнчү кылып өзүмө,
Үйүмдө бердим сабагым. [78, 58-б.] деп, Алымкулга акындыктын сырларын үйрөтүп, ырчы катары такшалтканын айтып ырдайт. Демек, акын Токтогулга жолукканга чейин Үмөталынын шакирти болуп, ырчылыктын, айтуучулуктун сырларын үйрөнүп калган экен. Бирок акын устаты катары Токтогулду гана айтып келген. Токтогул Алымкулдун чыныгы элдик ырчыга айланып, татыктуу чыгармаларды жаратып, көпчүлүк элдин арасында чоң кадыр-баркка ээ болуусуна тикеден-тике себепчи болгон. Өз кезегинде

Алымкул да Токтосун, Ысмайыл, Эстебес, Ашыраалы сындуу акындарга ырчылыктын сырларын үйрөтүп, устаттык кылат. Бул акындын көркөм сөз өнөрүндөгү устат-шакирттик салттуулугун улантуучу катары мүнөздөйт. Кыргыз элинин атактуу акыны Токтогул Сатылгановго жолугушуп, ырчылык жагынан таалим алышын жаш ырчынын чыгармачылыгындагы бурулуш этабы деп атасак болот.

Алымкул Үсөнбаев 18 жашка караганда Токтогулга алгач ирет жолугуп, ырдап көрүшөт. Ошондо Таласта Токтогул элге келип өнөр тартуулап жүргөн күндөрү экен. Муса аттуу адам Алымкулду атайын алып келип тааныштырып, учураштырып ырдаткан. Ошондо эле зирек баланын ырдаганы улуу акындын көөнүн жибитип, көзүн түшүрөт.

Өзүн өзү сын көз менен карай билүү ырчылык өнөрдүн бөлүнгүс бир тарабын түзөт. Буга жаш талапкер Алымкулдун устаты Токтогулга алгач жолугушуусу күбө. Бири, трагедиялуу тагдыр күткөн, оор драмалуу күндөрдү башынан өткөрүп жаткан кары ырчы, экинчиси, бар күткөнү «ырчы» болсом деген кыялкеч жаш улан. Экөөнүн күтүүсүз жолугушуусу кандайча ишке ашты? Токтогулдун саламдашуусунун башкы төрт сабында Алымкулдун кыял-жоругу, мүнөзү абдан таамай сүрөттөлгөн, кийинки тизмектеринен баштап катаал Сибир сүргүнү, өзүнүн татаал тагдыры баяндалып, соңунда Алымкулга түшкөн аталык мээри, чоң устаттык касиети ачык байкалат. Ал эми Алымкулдун алган алигинде Токтогулдун көп кырлуу эл шайыры экендиги ыр менен элестүү, эң сонун баяндалган. Бул жерден али жаш болсо да Алымкулдун сынчыл көз карашынын күчтүү экендигине ынанасың. Устатынын ийрин жандырбай, жашоодо, чыгармачылыкта да «баласындай» болуп жүрүүнү макул тапкандыгы да жагымдуу маанай тартуулайт.

Мына ошол күндөн баштап Алымкул Токтогулдун чоң акын, чыныгы элдик адам экендигин өз көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезет. Кандай гана болбосун, анын өрнөгүн, үлгүсүн алууга, акыл-насааттуу сөздөрүнө кануууга ашыгат. Таланттуу жаштын келечеги кең экендигин сезген Токтогул да анын көптөн күткөн тилегин канааттандырат. Эл аралатып ээрчитип жүрүп,

турмушка тереңирээк аралаштырат, көпчүлүктүн алдына сүрдөбөй, кыйналбай ырдоого көнүктүрөт. “Дайыма акыйкаттын жарчысы бол” деп насаат айтып, чыгармачылыгына туура багыт берет. Ошентип, аны өнөр жактан бышырып, чеберчилигин жетилтип, ырчылыктын миң түркүн сырын улуу устат катары ага Токтогул үйрөткөн.

Алымкул Үсөнбаев 1912-жылдан тартып улуу Токгогулдун комузун угуп, ырын улаган окуучуларынын бирине айланат. Улуу акынды Таластыктар да өтө жогору кадырлашкан. Көпчүлүк аш-тойлор, ар түрдүү жыйындар Токтогулсуз өткөн эмес. Ал Беш-Ташты ашып, Таласта көп боло турган. Кээ жылдарда айлап да жүрүп калуучу. Талас жеринде өткөн Токтогулдун мындай күндөрүнө Алымкул бардык убакта энчилеш болгон. «Токомду биринчи көрүп, саламдашкандан тартып, мен ал киши менен ар дайым Таласта такай бирге болуп жүрдүм» [3, 202-б.] – дейт Алымкул төкмө. Алымкул Үсөнбаевдин кыргыз элинин улуу акыны Токтогул менен бирге жүрүп, андан таалим алышы ырчыга дагы берекелүү таасирин тийгизип, андан аркы чыгармачылык жолун белгилеген. Тактап айтканда, жаш ырчы бүткүл кыргыз элине даңазасы чыккан улуу акындан жалаң гана ырдын техникасын, ырдоонун жолун өздөштүрбөстөн, оозеки адабияттын сонун үлгүлөрүнүн негизинде жогорку акындык чеберчилик менен элдик тилекти, мүдөөнү көздөгөн чындыкты таамай ырдоону үйрөнөт. “Мен ат жалын тартып минип, колума комуз алып, эл арасында ырдап чыккан күнүмдөн баштап, өнөрү өргө чапкан адамдардан таалим алдым. Мага көңүлдү эргиткен күүсүн үйрөткөн, балдай сөзүн сүйлөткөн биринчи тарбиячым жана окутуучум акын атам Токтогул болду. Токтогул мага татынакай ырды да, тамшандырган күүнү да үйрөттү” [99] – деп эскерет акын өзүнүн устаты жөнүндө. Мындан улам устат өнөр үйрөтүүчү гана болбостон, таалим-тарбия берип, камкордук кылып өз атасындай баага татыганы көрүнөт. «Тоо булбулунан» алган ушул сапат да Алымкулга чоң атак, даңк алып берди. Анын ырчылык атын бийик көтөрдү. «Муратаалы, Жоомарт Бөкөнбаев, Абдылас Малдыбаев жана ушу өңдүү адамдардын айтуусу боюнча, Токтогулдун башка окуучуларына караганда, Алымкул өз окутуучусунун

ырчылык шыгын жакшы өздөштүргөн» – деп, белгилейт музыковед В. Виноградов [88].

Чынында эле, акын “Алымкул төкмө” аталып, өз элинин арасында чоң кадыр-баркка ээ болууда, биринчи иретте Токтогул Сатылганов турат. Жаш ырчыны идея жагынан бышырган, чеберчилик жагынан жетилткен да Токтогул болгон. Ошондуктан, Алымкул улуу акынды эскергенде «Акын атам», «Улуу окутуучум» – деп, сыймыктануу менен айтып, көркөм сөзүнүн көрктүүсүн, ырларынын мыктысын да «Тоо булбулуна» арнайт.

«Элестей ойлоп жүрөмүн
Ээрчитип жүргөн кезиңди,
Уядан багып чонойткон,
Учурган атам сен элең,
Унутпаймын өзүңдү.
Көңүлдө турат күүлөрүң.
Кулакта турат үндөрүң,
Көнүлүмөн чыгабы
Кошулуп ырдап жүргөнүм [79,22-б.].

Улуу акын менен бирге жүрүп, “Токтогулга биринчи жолугушуу”, “Кырк-Серке жайлоосундагы Токтогул менен жолугушуу”, “Ырчы аял Акыш менен жолугушуу”, “Акбаары” деген айтыштарды чыгарат. Токтогулдун Эшмамбет менен айтышканын, “Насылкан”, “Кызыл көйнөк”, “Күлүйпа, Күлжар – эки ашык”, “Кербез”, “Арман кербез”, “Арман” өңдүү ж.б. ырларын ырдап, күүлөрүн чертет. Бул болсо Алымкулдун чыгармачылыгынын ар кандай багытта өнүгүшүнө, өсүшүнө, калыптанышына, ырчылык тагдырына күчтүү таасир этет.

Акындар чыгармачылыгында көп кылымдан бери калыптанып, бүгүнкү күндөгү чыгармачылыкта толук кандуу сакталып келген салттуулуктун бири – өнөр үйрөтүү, үйрөнүү сыяктуу муундардын чыгармачылык байланышы экенин көрүүгө болот. Чыгармачыл инсандардын төрт тарабы келишкен ашкан чеберлерден таалим алуу, өз талантын такшалтуу, таптоо, кезеги келгенде кийинки муундарга чыгармачылыктын сырларын үйрөтүү сыяктуу

муундар байланышы дүйнөлүк элдердин көбүндө кездешүүчү көрүнүш. Мурункулардан үйрөнүп, ырчылык кесипти улантуу скандинавиялык акын, аткаруучуларда (скальддарда), орус элинин акын ырчыларында (скоморохтордо), казак, өзбек, түрк элдеринин акындар менен шайырларында кездешкен өзгөчөлүк. Үлгү болуу, жол көрсөтүүгө бардык эле акындын мүмкүнчүлүгү жете берген эмес. Ал үчүн акындын чыгармачылык даярдыгы, талантынын күчтүүлүгү, чыгармачылыктын сырларын толук өздөштүрүүсү керек болгон. Төрт тарабы төп келген, такшалган акын, ырчылар гана жол көрсөтүү, үлгү болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал эми үлгү алуучулар же үйрөнүүчүлөр устатынын чыгарма жаратуу өзгөчөлүгүн, обонун, аткаруучулугун, ой куроо мүмкүнчүлүгүн, логикалык, психологиялык даярдыктарын өзүнө сиңирип алып калуу процессинен өтөт. Кыргыз элинде муундардын чыгармачылык байланышы устат-шакирт түшүнүгү менен берилет.

Акын-ырчылар устат-шакирттен турган мектептен калыптанат. Бул "мектептин" ролун кимдер аткарган? Алар эл ичиндеги "ак таңдай", "жез таңдай" аталган ырчылар же манасчы, комузчулар. Кандайдыр бир өнөргө дилгирленип жүргөн жаш талапкерлер ак таңдай ырчыларды көрүп, алардан үлгү алып, кийин өз алдынча ыр жаратса, кээ бири жаш талапкерди жанына алып жүрүп, өнөрүн үйрөткөн чыныгы "устат" болгондор да кездешет. Токтогулга чейинки акындар чыгармачылыгында Токтогулчалык даражада шакирт тарбиялап, өнөрүн ар тараптан үйрөткөн устат-акындар кездешпейт. Ал эми Токтогул баштаган бул устатчылыкты кийин анын шакирттери да улантып, азыркы күнгө чейин уланып келүүдө.

Жогоруда айтылгандай устат-шакирт – кыргыз элинин акындык өнөрүндө чыгармачыл муундарды бирин-экинчиси менен байланыштырып туруучу салттуу чыгармачылык байланышты, чыгармачылык мектепти түзгөн. Ырчылыкка кызыгып, ага баш оту менен берилген жаш талапкер ар дайым өзүнөн мурунку чоң акындарды ээрчип таалим алган. Бул кыргыздын төкмө акындарынын дээрлик бардыгына тиешелүү салттуулук. Алсак, "Токтогул дүйнөгө келген мезгилде Кетмен-Төбөдө карыя Накен башында

турган бир топ ырчылар бар эле. Ал эми Түштүк Кыргызстанда болсо Орозаалы, Бекназар, Нурмолдо, Муса дегендер, Таласта Эсенаман, менен Бекмурат, Чоңду менен Сартбай сыяктуу чоң ырчылар, Чүй менен Ысык-Көл жана Тянь-Шанда Калмырза, Солтобай, Музooке, Айтыке ж.б. толуп жаткан ак таңдай акындар бар эле. Замандаштарынын эскерүүсүнө караганда, Токтогул таластык чоң акын Чоңдуну пир туткан."[69, 34-б.] Демек, акындык поэзияда устат-шакирт маселеси абалтан эле келаткан салттуулук. Кайсы акындын чыгармачылыгына кайрылбайлы, баарында устат-шакиртчилик түз жана кыйыр түрүндө таасир эткенине күбө болобуз. "Чындыгында Кара Курман, Жаңыбай, Эшмамбет өңдүү ырчылардан төкмөлүк өнөрдүн баштапкы алиппесин үйрөнгөн али жаш Калыкты бабына келтире таптап, эл аралатып топ буздуруп маштап, ырчылык чоң жолго, чоң жорго кылып Токтогул салыптыр. Ырасында, Калык үчүн ал өзүнчө эле университет болуп берген" [57,16-б.]. Мына ушул салт боюнча А.Үсөнбаев да улуу акын Токтогул Сатылгановдун поэзия мектебинде тарбияланып, өз алдынча кесипке ээ болот. Анын 1930-жылдарга чейинки мезгилдерде жаралган "Токтогул менен жолугушуу", Кырк-Серке жайлоосунда Токтогул менен жолугушуу", "Ырчы аял Акыш менен жолугушуу", "Экинчи жолугушуу", "Аксы багытында", "Аялдар теңдиги жөнүндө"(Акбаары), "Акыйкат жана теңчилик" сыяктуу ырларынын көбүндө мына ошол устат жана шакирт проблемасына арналган идеялык мотив жатат. Мисалы, "Токтогул менен биринчи жолугушуу" аттуу айтыш формасындагы ырда А.Үсөнбаевдин эң алгачкы ирет Токтогулга жолугуп, өз максатын улуу акынга төкмөлүк ык менен ырдап түшүндүрө алганы көрүнүп турат. Акын жаштыгына карабастан акындык салтты толук сактоо менен бирге эле өзүнүн дилиндеги айтайын деген оюн так жана таамай айтып берет. Ошондуктан улуу акын Алымкулдун таланттулугун байкап:

"Эсен жүрүп жетилсең,
Эл ырчысы болосуң.
Өмүр берсе чоңоюп,

Өз ордума конорсуң"[79, 494-б.] – деп жогору баа берген. Ошол эле айтышта Алымкул:

Азыр бала, башым жаш,
Көңүлүм туюк караңгы.
Ээрчитип жүрүп жөнгө сал,
Эселек мендей баланды.[79,493-б.] – деп чыгармачылык такшалуусу Токтогулдан үлгү алуудан көз каранды экенин моюндайт. Ырдын жалпы уюшулушунан даана эле байкалып тургандай жаш ырчы Алымкулдун ыр саптары менен улуу акын Токтогулдун ырлары бири-бирин толуктап, бири-бирине уйкашып, кандайдыр бир бирдиктүү күүгө келе түшкөндөй ыргактуу, музыкалуу угулат. Демек, мындан биз жаш ырчы Алымкулдун төкмөлүк өнөрүнүн бир кыйла такшалып, өнүгүп калганын байкай алабыз. Токтогул Алымкулду үзүлүп түшүп, өз баласындай көрүп, ага төгүп ырдоонун ар кыл ыкмаларынан, комуз чертүү түркүмдөрүнө, айтуучулуктун сырларына чейин бүт ыкласын коюп үйрөтөт. Токтогулдун Алымкулга болгон жаркын мамилеси анын жогорку ар бир ырынан эле байкалып турат. "Алымкул устатынан жүздөгөн, миңдеген элдерге рухий рахат тартуулай алган төкмөлүк өнөрдүн бийик эстетикалык талап-мүдөөсүн, этикалык маданиятын жакындан түшүнүп, комузчулук менен ырчылыктын көптөгөн ыкма, чеберчиликтерин, б.а.

- Төгүп ырдоонун бүткүл ыкмаларын;
- Айтышуунун чеберчиликтерин;
- Обон чыгаруу жолдорун;
- Комуз чертүүнүн түркүмдөрүн;
- Дастандарды айтууну жана элге тамаша көрсөтүүнү биринчи планга коюп, эл каалап турса түнү бою малдашын жазбай отуруп өнөрүн тартуулоону Алымкул дал ушул Токтогулдан үлгүлөгөн" [25, 8-б.].

Комуздун, ырдын, обондун дегеле кайсыл өнөр болбосун көптөгөн айлар, жылдар бою тыным билбеген изденүү, эмгектенүүнүн аркасында үзүрүн берчү мезгили келет. Беттеген өнөрүнүн негизги ыкма, чеберчиликтерин белгилүү деңгээлде өздөштүрүп калган талапкер гана ошол

боюнча анык адис катары өзүн эркин сезип, эл алдында эркинче өнөр көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

«Ырдашып, нечен сөздү текшериштим» – деп Барпы ырдагандай, ырчылар өз күчүн алгач айтышка түшүп текшерип, жеңип чыккандары дароо калк көзүнө илинген. Фольклорист окумуштуу Б.Кебекова кыргыздын чыгаан [бирок жаш өлгөн] ырчыларынын бири Жаманкул Бөрүбай уулунун чыгармачылыгы туурасында айта келип, «шыгы эрте ойгонуп, кыз оюндарда, жаштардын жыйындарында ырдап жүргөнүнө карабастан, кадимки акын катары Чолпонкулдун баласы Сатайдын тоюнда Найманбайды жеңип чыгып таанылгандыгын»[45,502-б] жазат. Мындай фактылар көп. Сартбай ырчы Байгабылды, Калмырза Найманбайды, Барпы Калмырзаны, Калык Эшмамбетти жеңгенден кийин калкка атагы чыгат. Ал эми айтылуу ырчы Жеңижок Эсенаманды жеңгенден тарта элге даңазасы катуу тараган.

Чындыгында, өз алдынчалыкка өтүү – айтыштан башталат. Демек, айтышка түшүү өз бетинче жолго түшүүнүн биринчи ашуусу.

Өз алдынчалыкка өткөн ырчыда эл алдында сүрдөп, сөз таппай калуу, апкаарыганынан тердеп кетүү, «Чоң ырчыны көргөндө, чочугансып турчу эле» деп Калык Жолойго мүнөздөмө бергендей, чоң ырчыларды көргөндө кайсалактап, өзүнүн күчү али чектелүү экендигин туйгузуп койчу жагдайлар (мындай адаттар жаш талапкердин өнөр үйрөнүүдөгү алгачкы этабында көп болот) кездешпейт. Алымкул да өз эскерүүсүндө Токтогулга биринчи жолукканы баратканда абдан сүрдөп, тердеп-кургагандыгын айтат. Кийин өзүнүн талантынын, талыбас эмгегинин натыйжасында акын “Алымкул төкмө” деген атка конгонунун өзү төкмөлүктүн бийик чокусуна жеткендигин айгинелейт. Эл ырчылары ар качан калк тарабынан берилген калыс баага өзүндөгү болгон шык, талант көрөңгөсү аркылуу гана татыктуу болушкан. Бул жөнүндө акын өзү да айтат:

Бактыңы жеңип албасаң,
Башкалар бербейт «мечи» деп.
Өткөрсөң бошко мезгилди,
Өнөр да сенден бекинет. [79, 35-б]

Ошентип, импровизациялык өнөрдүн кылда чокусуна чыккан, ырчылыктын барып жеткен чеги – төкмөлүк. Ырчылык өнөрдүн негизги үчүнчү этабы ушуну менен аяктайт. Демек, Алымкул өз алдынчалуулукка өтүп, чыгармачылыкта тайсалдабай кайсы бет келген акыны менен ыр эрөөлүнө чыгып, калк алдында кадимкидей такшалган устат акындардай ырдап такшалат.

1936-жылы республикада алгачкы ирет уюштурулган элдик таланттардын олимпиадасы өткөрүлөт. Фрунзеде өткөрүлгөн бул эл чыгармачылыгын чоң кароосунда Таластан өкүл болуп келген Алымкул да катышат. Токтогулдун ырчылык мектебинен таалим алган Алымкул үчүн бул олимпиада чоң ийгиликтерди алып келген. Калыстар тарабынан Алымкулдун ырчылык, комузчулук, жомокчулук өнөрү жогору бааланып, ошол эле жылы Токтогул Сатылганов атындагы филармонияга артисттике кабыл алынат. Филармония көркөм өнөрдүн, ырчылыктын гана мекемеси болбостон, Алымкул үчүн сабатсыздыкты жоюунун да мектеби болуп, ырчы кат таанып, китеп окууга, жаза билүүгө үйрөндү. Мына ошентип А.Үсөнбаев ар тараптан ачылуунун, көркөм өнүгүүнүн борборунда да эмгектене баштайт жана эл менен болгон байланышы ого бетер күчөйт. Салттуу темаларды ырдоо менен бирге акын  заманга ылайык саясий мааниси күчтүү чыгармаларды жаратып отурат. Бирок ошондой болсо дагы акындыктагы байыртан бери келе жаткан салтуулуктун нугу сакталып келет.

Башкасын айтпаганда да А.Үсөнбаев да аккан суу, табият, махабат, секетбай, арноо ж.б. темада өз чыгармалары менен аздыр-көптүр салымын кошкон.

**“Аккан суу”**  аталышы акындардын чыгармачылыгында салттуу темалардын бири. Дүнүйө, өлүм, өмүр ырлары сыяктуу эле бул аталыш да акындардын жеке баамы, чыгармачылык дараметине жараша түрдүүчө сүрөттөлөт. Мисалы, Токтогулда аккан суу жаратылыштын бир көрүнүшү катары сыпатталса, Жеңижокто “Аккан суу” диний түшүнүктүн алкагында чечмеленет. Ал эми Эсенаман ырчы акан суунун жаралышын, адамга пайдасын ырдап, “бир чымындай жан үчүн, соога экенин” көрсөтөт. Барпы

да “аккан суу” ырын мурдатан калыптанган ыкма менен суу тууралуу түшүнүктөрдүн, диндик жөрөлгөлөрдүн негизинде карайт. Мына ушул сыяктуу суунун улуулугун, анын адам өмүрү үчүн өтө кымбат экенин Алымкул акын дагы айтууга аракет жасаган. Акын алгач аккан суунун кайдан чыга тургандыгын:

“Абал мурун жалтылдап,
Кайдан чыкты аккан суу?
Аскасы бийик көк тескей,
Сайдан чыкты аккан суу.
Агарып кары кетпеген,
Жайдан чыкты аккан суу” – деп баштайт да, ойду андан ары улайт, суунун милдетин, анын пайдасын, жан-жаныбарга жашоо бергенин ырдайт. Акын ырды Жеңижок сымал поэтикасы күчтүү, классиканын үлгүсү кылып, “жети күн” ырдап бере албаса дагы, идеялык-көркөмдүк жагынан оюн жеткирүүгө аракеттенген. Ырдын аягында кайрадан өзү жашаган доорго байланыштырып аяктайт:

“Көз жетпеген түбү жок,
Терең экен аккан суу,
Кыбыраган жандарга,
Пахта, жибек, кызылча,
Арпа, буудай, ак сулуу,
Ар өсүмдүк дандарга,
Дары, майдай жаккан суу”. [79,35-б.]

**Табият** темасындагы ырлар акындын чыгармачылыгынын басымдуу бөлүгүн ээлейт. Табият темасына арналган “Капчыгай”, “Көк арт”, “Суусамыр” деген ырларында тоо томкоруп, жарды уратып жүрүп жаткан жаңы курулуштун элесин кошо берет. Алымкул тоодо жашаган элдин жолсуздуктан тарткан азабын өзгөчө таасир калтыра сүрөттөйт. Ал “Суусамыр” деген ырында:

“Аркайган урчук ташына,
Чамгарагы илинген.

Жантаймадан жыгылып,

Жамбашы ташка тилинген.

Кулап түшкөн коктуга,

Жүгү менен сары инген.

Колго илинер жери жок,

Казан менен тулгадан.

Ар кайсы жерде бир-бирден,

Кереге уук кыйраган.

Келиндер аттан жыгылып,

Бешикте бала ыйлаган.

Өткөн элим ушинтип,

Бейпайга түшүп кыйналган... – деп, кыргыз элинин өткөндөгү оор турмушунун жан кейиткен сүрөтүн көз алдыга тартуу менен социалисттик мезгилдеги жолдорду акын талантынын күзгүсүнөн көрсөткөндөй болот.

Эгер акын **махабат** темасына кайрылбаса, анда ал акын болбойт болуш керек. Ырга ышкыбоз, көкүрөгүн кытыгылаган таланты бар адам, алгач ырдаганда эле махабат темасына кайрылары шексиз. Эл ырчыларынын өмүр таржымалына деле көз чаптырып көрсөк боз улан кездерде кыз оюндарда уккан ырларынын ичинен эң биринчи эле сүйгөн, күйгөн, секетпай ырларын кайрадан эл алдына ырдап чыгышканын байкайбыз. Бардык эл ырчылары, төкмө акындар сыяктуу эле А.Үсөнбаев да махабат темасына кайрылбай койгон эмес. Бирок өтө көп эмес. “Жүзүмдөн бир тал үзүп бер”, “Гүл менен”, “Ак жибек кийген селкиге”, “Эскерме”, “Жигиттин каты” ырлары жогорку темада жазылган саналуу ырлардан. Бул ырларды элдик оозеки адабиятка мүнөздүү секетбай, күйгөн формасында:

“Жалгыз арча, үч күңгөй,

Жамалың тунук күзгүдөй.

Пейилиңди карасам,

Пенденин көөнү түшкөндөй.

Жалжалым эске түшкөндө,

Жаталбаймын үшкүрбөй” (“Ак жибек кийген селкиге”), жана ошондой эле профессионал адабиятка мүнөздүү ыр жолдору аркылуу да берет:

“Кайра-кайра көргөн сайын өзүңдү,
Кайткым келбейт улам карап көзүңдү.
Сыпаа гана сен алдыртан сүйлөйсүң,
Сыр алдырбай сынадыңбы өзүмдү” (“Гүл менен”).

Алымкул ырчы окутуучусу Токтогулдан таасирленгенин билебиз, ошондуктан улуу акындын сүйүү темасындагы ырларын улантышы байкалат. Мисалы, “Селкинчек” деген ырында Токтогулдун ырларына окшош образдуу параллелизмди, көркөм элестерди көрүү кыйын эмес:

“Жашыл жоолук түрдө жан,
Жаш өмүрүң гүлдө жан.
Жаш кезиңде ойноп күл,
Жаным сага бирге жан.
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жанып келбейт күндө жан”.

Бул үзүндү Токтогул Сатылгановдун “Гүлдөп ал” деген ырын толук элестетип турат.

Акындын сүйүү темасындагы ырларын окуганыбызда махабатка кириптер болгон адамдын ички сезимине, толгонууларына, кусалыгына күбө болобуз. Бирок Токтогулдун “Алымканы”, Жеңижоктун көркөмдүү “Көк сулуусу”, Барпынын мөлтүрөгөн “Мөлмөлү”, Коргоолдун “Ак Бакайы” сыяктуу элдик сүйүү ырларынын шедеврине айланган атактуу ырлары окугандагыдай оргуштаган сезимдер, орошон ойлор айтылбаса дагы алымкулдук жекелик байкалат. Аталган алп акындардын пенделик турмушунда, чыгармачылык рухий дүйнөсүндө улуу сезим болгонун же болбосо сүйгөнүнө жетпей калганын билебиз. “Махабат табияты боюнча эч ким, эч качан кийлигише албас, зордоп жаратууга да болбой турган, жеке индивиддин жекече өткүр каалоосу, өзгөчө терең сезими, ал кимди сүйөт, кантип сүйөт ар кимдин өз бактысы же тартчу азабы, жолукчу трагедиясы

болгон” [18,283-б.] - деп К.Даутов белгилеген сыңары, мүмкүн А.Үсөнбаевде мынчалык алоологон махабат болбогондур, же болсо дагы арзыган адамына “трагедиясыз” жеткендир деген ойго жетелейт.

Акындын **арноо** мүнөзүндөгү “Устага”, “Энеге”, “Түштүктүк туугандарга”, “Акын атама”, “Лермонтовго”, “Пушкинге”, “Маяковскийге”, “Аалыга”, “Арноо”, “Казак досума”, “Мусага эстелик”, “Атайга эстелик”, “Калыкка эстелик”, “Шотага”, “Аялдар күнүнө”, ж.б чыгармаларды жаратты. Элдин коомдук абалы, максат-мүдөөсү менен тыгыз байланыштуу болуп, жеке бирөөгө же окуяга арналган арноо ырлары Алымкулдун чыгармачылыгында жаңы багыт катары өзгөчө ынтаа менен ырдалганын көрөбүз. Акындын арноолору көлөмү жагынан кыска келип, көбүнчө акындарга, ырчыларга, белгилүү коомдук ишмерлерге арналганы байкалат.

“Пушкинден нечен жазуу белги калып,
Калың эл ырдап жүрөт үлгүңдү алып.
Эскерип ал акындар Пушкин сени,
Колума комуз алдым кыялданып,
Акылман айткан Пушкин ширин сөзүн,
Алымкул ырдап жүрмүн обон салып. [79,178-б.]

– деген сүрөттөөлөр менен Пушкиндин мыкты акын, калк кадырлаган калемгер экенин белгилеп, бул дүйнөдөн эрте өткөнүн ырга салат да, өлүм алдында бардык адамзат күчсүз экенин айтат. Орус элинин улуу акынын талантынын күчтүүлүгүнө суктанып, жаш кезинен эле “колуна калем алса сөзү белендигин” айтып, канча жыл өтсө да чыгармалары өлбөс экендигин “Пушкиндин өзү жазган алтын сөзү, түбөлүк түгөнбөгөн болду тарых” – деген саптар менен ырга салат. Алымкулдун арноолору көбүнчө замандаштарына арналган. “Мусага эстелик”, “Атайга эстелик”, “Калыкка эстелик” ырларында, өзү менен бирге жүрүп, элге өнөрлөрүн арнаган эл адамдарына арналган. Бул ырларында алардын өнөрлөрүн бийик пафосто сүрөттөө менен бирге жоктоо, кайгыруу, ажалга моюн сунуу мааниси менен жуурулушуп турганын байкоого болот. Бул адамдардын өнөрлөрү өлбөс экенин, келечек муун аларды унутпашын ырга кошкон. Ал эми “Аалыга”

арноосу акындын 50-жылдыгына карата чыгарган ыры. Демек, каалоо-тилек маанисинде ырдалган.

“Улуу-кичүү жыйылып,

Урматтап турган күнүбүз.

Таалайын жазгын өлкөңдүн,

Талыбасын тилиңиз.

Убайымсыз, кайгысыз,

Узак өмүр сүрүңүз”. [79,183-б]. “Аялдар күнүнө” аттуу ырында акын аялдардын “өстүрүп мал чарбаны баккан аял, жалпыга өнөр-билим берген аял” сыяктуу аялдардын кылган иштерин даңктоо менен, дагы да “көбөйткүн, мал чарбаны, артсын саны” деп талбай эмгектенүүгө чакырат. Арноо ырларынын ичинен “Акын атама” деген ыры устаты Токтогулга арналган. Өз устатын эл шайыры “акын атам” деп дайыма сыйлап, урмат көрсөткөнүн эскерүүлөрүн окуганда күбө болобуз. Ырда алгач өзү биринчи улуу акынга кайда жолукканын айтуу менен:

“Беш –Таштын оозу Бүлкүлдөк,

Мелтиреген сазында.

Калдайган жыйын топ болуп,

Жанкороздун ашында,

Ошондо барып көрүштүм,

Токтогул булбул асылга” [79,22-б.] – деп баштайт да, андан ары акындан үлгү алганын, анын ээрчитип жүрүп көп кырлуу өнөрдү; комузчулукту, ырчылыкты үйрөткөнүн, тарбия бергенин айтып келип, анын күүлөрү, ырлары дайыма өзүнүн жана элдин эсинде сакталаарын, анын өнөрүн дайыма элге тартуулай берээри менен жыйынтыктайт:

“Өзүң кайрат бергенде,

Карууга толгон билегим,

Кадырлуу Токо агамды,

Калкыма ырдап жүрөмүн,

Токтогул деп ырдасам,

Толкундай берет жүрөгүм”.

Акындын “Шахтёрлорго”, “Пионерлерге”, “Түштүктүк туугандарга” деген арноо ырлары санат, насаат түрүндө жазылган. Санат ырларына мүнөздүү болгон жүрүм-турум, элдик моралды ырдоо менен бирге адилеттүүлүк, адамгерчилик, эр жүрөктүүлүк өңдүү сапаттарды конкреттүү тарыхый кырдаалдар менен айкалыштырып берет. Акыл-насаат, арноо-кеңеш ырлары балдарга арналган ырларында көбүрөөк орун алгандыгын айткан элек.

Акындын чыгармачылыгында тематикалык салттуулуктун орун алгандыгын да баса белгилегибиз келет. А.Үсөнбаев да салттуу болуп калган аккан суу, табият, махабат, секетбай, арноо ж.б. темасында чыгармаларды жаратты. Бул темалардын улам кийинки ырчыларда жаңы түс, жаңы маани алышына себепкер болду.  Б.а. өзүнө чейинки акындардын салттык нугун уланта алды. Бирок андагы жекелик, өздүк чеберчилик өзү жашап жаткан замандын талап-мүдөөлөрүн, жетишкендиктерин кошо көркөм сүрөттөй алганында болду.

### 1.4. А.Үсөнбаевдин айтыштарындагы өздүк чеберчилик

“Кыргыз элинин тээ байыркы замандарда калыптанган оозеки адабиятынан башат алып, XIX кылымдын экинчи жарымы  XX  кылымдын башында өнүгүүнүн бийик деңгээлине көтөрүлүп, бүгүнкү күнгө чейин өсүп-өнүгүп, азыр да элдин сүймөнчүк өнөрүнө айланып жашап жаткан өнөр – айтыш өнөрү”[31,79-б.]. Белгилүү казак окумуштуусу Е.Исмаилов  “Айтыш - жыйын, топ-импровизатор акындардын сынга түшкөн майданы” [28,50-б.] десе,   “Айтыш – бул ырчылардын талант дараметин, сөз тапкычтыгын сыноочу көркөм сөз мелдеши” – дейт кыргыз окумуштуу Ж.Таштемиров. [36,140-бет]. Демек, айтышка түшкөн акын куду күч сынашчу баатырларча көпчүлүк көрөрман элдин көз алдында өнөр таймашын көрсөтүшөт. Башкача айтканда айтышта акындын “чабалдыгы да, ортосаардыгы да, же мыктылыгы да эл тарабынан сыдыргыдан өткөндөй калыс бааланган” [57,35-б.]. Мына

ошондуктан, айтыш акындардын акындыгын, оюнун бийиктигин, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн сыноочу – чоң сыноо болгон.

Алымкул Үсөнбаев дагы боз улан кезинен тартып комузчулук менен ырчылыкты чыгармачылыктын кош канатындай күүлөп, өнөр жагынан да, төкмөлүк жагынан да бир топ такшалып, өмүрүндө бир топ акындар менен айтышып, кээде алым сабакка өтүп, же учурашууда өнөр сынашып, бул өнөрдү улантып келген. Акындын алгачкы айтышы өзү айылда жүргөндө Сулайман, Айдараалы, Үмөталы ж.б. ырчылар менен ырдашкан айтыштары. Бул айтышты З.Үсөнбаев “Алымкул менен Сулаймандын айтышы” деп аткарган. (https://youtu.be/kpIzepwdXMw). З.Үсөнбаевдин аткаруусундагы бул айтышта Алымкулду Сулайман ырчы: “Сен эки жакка көп чыга элексиң. Менин бир таанышым, коңшу айылда той берип жатат, ошого барып жар-жар ырдашып келели” деп ээрчитип чыккандыгын айтат автор. Той бере турган айылга жетип, эки акын жар-жар айтышып, ырдашканына күбө болгон той ээси Суйлайман ырчыны мактап, жанындагы balaң да дурус экен деп, Сулайман ырчыга карагер ат мингизген экен. Мына ушул жерден Сулайман ырчы Алымкулду сынагысы келиппи же элге күлкү тартуулагысы келиппи, айтор Алымкулга бир сап ыр менен кайрылган экен:

Сулайман: Ээ балам, какшана турган чагыңа
Алымкул: Саке, карагер келди багыңа
С: Толкундай турган чагыңа
А: Тобурчак келди багыңа
С: Көпчүлүктү көргөндө
Менин ырчылык жайым бар эле.
А: Карагерди көргөндө,
Менин сынчылык жайым бар эле. Ушундай таризде акындар тамашалуу алым-сабак айтышып, карагер аттын чобурдугун айтып, той ээсин уяткарып, ордуна андан тыңыраак жээрде атты алып кетишкен. Бул айтыштан көрүнүп тургандай Алымкул Токтогулга жолукканга чейин эле ырчылыктын, төкмөлүктүн сырларын өздөштүрүп калган. Бул жөнүндө акын өзү да эскергени бар: «Сулайман, Аттокур, Айдыраалынын башкаларга

артуучу ырчылыгы деле көп жок эле. Бирок, алардын өңгү-дөңгү болгон ырчылыгы, аларга карата жасаган элдин түрдүү мамилелери мени көп ойлонтуучу. Мен алардын ырынан ырчылыктын баркын дагы тереңирээк баамдадым»[10,12-б.]. Демек, акын жогорудагы ырчылардан чыгармачылыгына канааттанбай, өз алдынча көбүрөөк чыгармачылыгын өнүктүрүүгө аракеттенгендей.

Кордоо айтышы катары Үмөталы менен Алымкулдун айтышын атасак болот. Бул туурасында Г.Орозова "Алымкул өзүнүн устаты Үмөталыга карата ойлонбой орунсуз кептер менен саламдашып ырдайт (мүмкүн, бирөөлөрдүн тукуруусу менен болгон чыгар)" [78, 6-б.] - дейт. Айтыштын өзүнө келе турган болсок, айтыштын эки варианты бар. Эки вариантта тең Алымкул менен Үмөталы Жангороздун ашында айтышып, Алымкул Таластын жогору жагынан келе турган элди жамандап ырдайт, ал жогорку эл дегени Үмөталы тарап. Алымкул бул элдин арпа жегенин, кең жайык төрү жок экенин, Үмөталынын эли-жеринен куулуп жүргөнүн айтып ырдайт:

Эсекемдин эң кичүү
Эркеси болуп туулдуң.
---------------------------
Эч нерсе дурус өспөгөн,
Эрмен менен шыралжын,
Эң эле сонун көктөгөн,
Элсиз жерге куулдуң [78, 52-б.]

Ал эми Үмөталы ырчы байлык, бийлигине чиренген болуштардын айынан жер которуп көчкөнүн, Алымкулга кезегинде ырчылыктын жолун көрсөткөнүн орундуу түшүндүрүп ырдап келип:

Алымкул, балам, абайла,
Алды элең менден сабагым.
Ачылып арасы калсын – деп,
Атайлап каршы ырдаткан
Амалын байдын карагын.
---------------------------

Арпа деген дан болот,

Дандан чыккан нан болот.

------------------------

Боконо сөөгүң толо элек,

Борбуйдан кармап булкушуп,

Болжошор кезиң боло элек [78,62-б.] – деп ырдаганда, Алымкул кечирим сураган экен. “Мындан кийин да, көп жылдар бирге ырдап, бирге жүрүшкөн деп бири айтса, дагы бири ушундан кийин беткат болуп, Алымкул Үмөталы ырдаган жерлерге барбаптыр деп да айтышат” [78, 62-б]. Алымкулдун берген маектеринде, эскерүүлөрүндө Үмөталы ырчыны устаты катары атабаганынын себеби да ушул айтыштыр.

Акындын алгачкы айтыштарынын дагы бири 1918-жылы Аксыга баратып, жомокчу, ырчылар менен айтышкан “Аксы багытында” айтышы. Жогоруда белгилегендей, кыргыз элинде айтыш эл үчүн театрдын милдетин аткарган аш-тойлордо болуш, бийлер өздөрүнүн ырчылары менен же болбосо жергиликтүү өнөрлүүлөр менен башка аймактан келген ырчыларды айтыштырып кызыкка баткан учурлары арбын болгон. Бул айтыш да ошондой мүнөздөгү айтыштардан.

Алымкул Эгемберди деген карыяны ээрчип Аксы тарапка жөнөйт. Таластан Аксыга чейин жол бир топ күндүк, Алымкул улам токтогон жайлоолордогу элге, конгон үйгө ырдап жүрүп отурат (бул ырлары тууралуу жогорку бөлүмдөрдө сөз кылан элек). Жунусалы сурнайчы, Эгемберди карыя, Таласбай, Алымкул болуп Өлөң-Булак, Тосту деген жерде Кудайберди ажынын ашын берип жаткандарга келишет. Алымкул учурашып ырдаган соң, Аксынын жакшылары Калбото, Кыдыраалы, Орозмат, Карымшак төртөөнү чакыртышат. Алар Аксынын Чаткал тарабында ырдап жүргөн ырчылардан болгон. Сарымсак бийдин оюу боюнча төрт ырчы менен Алымкулду айтыштырып кызыкка батуу. Бирок топтун ичинен аксакал адам, Кудайбердинин ашында ошол төрт ырчынын жарлыгына берилчү кара атты алыскы Таластан келген ырчы балага берилишин жана төрт ырчынын бир жолу олжо албай калса эч нерсе болбостугун айтат. Андай сөздү уккканда

Кыдыраалы жомокчу алгач “ар кими айтаар көргөнүн, кантип берет кара атты, карганда тапкан эмгегин” деп каршы чыгат. Сарымсак бий: “төртөөң акылдашып туруп бириңер чыккыла да, бала менен айтышып ырдагыла. Эгер баланы жеңсеңер атты аласыңар, жеңдирип жиберсеңер, атты балага бергиле” – дейт. Карымшак, Орозмат, Кыдыраалы ырчылар айтыштан баш тартышат. Сарымсак бийдин; “Каке, бул балага өзүң бирдеме дебесең болбойт го!” – деген сөзү менен айтышка Калбото ырчы чыгат. Калбото “жарчылыкка алган жалгыз ат, уялбай талашканын”, “Кабары кеткен Кашкарга, Калбото деген ырчы экенин”, “каарына алган ырчыны, каптаган мөңгү сел экенин” ырдап келип, сурнай тартып жаткан Жунусалыга тийип өтөт:

“Ак камыштан куурайды,
Асмандаткан кысталак,
Алыска тарткын сурнайды,
-----------------------------
Адамдын баарын жадатты,
Ырасы, арбак урган турбайбы.
-----------------------------
Кулактын баарын тундурду,
Ырасы, кудай урган турбайбы” [79, 556-б.]  Андан ары Алымкулдун ата-тегин, жерин айтып келип:

“Атты бизден талашты,
Ат талашкан балага,
Мен азыр окутайын намазды” [79, 557-б] – деп ырын бүтүрөт. Алымкул Жунусалыгы сурнайды тарттырып ырдайт:

“Эси жогун карачы,
Эки элди бөлүп серендейт.
Ак камыштан куунайды,
Атабыз баатыр шер Манас,
Калк урушу болгондо,
Кайрат, кубат болот деп,

Ак чатырдын жанына,

Тарттырып койгон сурнайды” [79, 557-б.] – деп сурнайды ата-бабалары кандай учурда тарткандыгын ырдап, Калботого татыктуу жооп берет да,

“Көк ала сакал болгуча,

Көрбөптүр Какең сурнайды.

Касиеттүү Аксыдан,

Көпчүлүк куугун мындайды!” – деп ырдайт. Алымкул ырчы Сарымсак бийдин тукуругун түшүнбөй, Калбото ырчы менен бири-бирин гана жамандабастан Талас, Аксыны кошо жамандап бир топ жерге чейин барышканын эскерет. Ал учурда ырчыларды айтыштыруу шарты ошондой экенин айтып, шылдың болгонун экөө тең эл тарагандан кийин түшүнүп, кара атка карабай эки жакка бастырып кетишкет. Бул айтышты кордоо айтышы катары мүнөздөсөк туура болот.

Кийинки бир айтышы катары улуу акын Токтогул менен болгон “Токтогул менен биринчи жолугушуу” айтышын белгилейт. Токтогул менен болгон биринчи айтышына назар салып көрсөк акындын бир топ такшалып калганын жана татыктуу саламдашуу жообун көрөбүз. Ошондой эле бул жолугушууда Алымкул катуу сүрдөгөнүн да айтат. Эгер чыгармачылыгынын алгачкы этабында Токтогул менен бет келишип айтышка түшсө, сүрдөгөндүктөн улам ою чаржайыт болуп, же такыр айтышка түшпөй коюшу да мүмкүн эле. Ал эми бул айтышта андай ойдун башаламандыгы байкалбайт. Демек, бул учурда акын айтыш жаатында бир топ эле тажрыйба топтоп калган, канчалык сүрдөгөн менен өз оюн так, жеткиликтүү жеткирип, улуу акындан “ээрчитип жүрүп жөнгө сал, эселек мендей балаңды” деп сурануудга да батынат. Токтогул да жаш ырчынын талантына жакшы баа берип, ага устат болуп, өнөрүн үйрөтүүгө макул болот:

“Кебин уктум кунандын,

Көңүлүм толуп кубандым.

------------------------------

Эрмеги балам болосуң

Эл чогулган дубандын.

Айылың Талас болсо да,

Бир балам деп турармын [79, 488-489-б.]

Жанр катары айтыштар да өз алдынча салттуулукга ээ. Акындардын жогорудагы айтышы салттуу саламдашуу айтышына кирет. Акындар беттешүүдө түрдүү ыкмаларды жасап, түрдүү мотивде ырдашат. Айтыштардын дээрлик баардыгында кездешкен ыкманын бири саламдашуу. Учурашуу айтыштары байыртадан бери колдонулуп салттык мүнөзгө ээ. Учурашуу – этикалык нормада баардык элдерде, баардык адамдарда кездешкен көрүнүш. Бирок аны поэзиянын тилинде ырдоо ырчыларга гана мүнөздүү. Учурашуу ырлары совет мезгили учурунда тема катары калыптанган. Айталы, Алымкулдун биз сөз кылып жаткан “Токтогул менен биринчи жолугушу”, Калыктын “Учурашуу”, Барпынын “Биринчи жолукканда» ыры бул түрдөгү ырларга мисал боло алат. Учурашуу ырларында жөн гана ал-жай суроо маанисинде ырдалбастан айрым учурда элдин абалын, калктын турмушун ачык чагылдырып, өз абалы, жашоо турмушу тууралуу маалымат бергендерин да көрүүгө болот. Бул көрүнүш Алымкул менен Токтогулдун учурашуусунда да бар. Алгач Токтогул Алымкулдун сүрдөп акындын үстүнө кирбей жатканын юмор аралаш:

“Кайнатаңды көргөнсүп,

Качып менден жашынба

---------------------------

Атайы көрөм деп келип,

Алымкул балам сүрдөнбө.

-----------------------------

Учурашам деп келип,

Уялып кайда жүрөсүң,

Балам, уйча мурдуң тердетип.

-----------------------------

Эшикте жүрбөй келсеңчи,

Эмессиң менин күйөвүм.

Кылтыстап качпай кел мында,

Жубарымбек, кызымдын бербейм бирөвүн” [79, 486-487-б.] – деп айтып келип, аны менен кошо өзүнүн “Сибирге айдалып, ак жерден сенделгенин”, “катын-баласы кайгырып, элинен кеткенин”, “каргадай Топчу кайгысы, көңүлүнүн кайратын алганын”, “ак жерден айдалып, азапта жүрүп жүдөгөн” оор тагдырын ырга салат жана “кармап кал балам, нускамды, калкыңа келип жүргөндө”, “аш тараса кетемин, аз эле күн жүрөмүн” деп акындык өнөрдү үйрөнүп калышын жана “топудай болгон Алымкул, Топчубайдай көрөйүн” деп аталык мээримин төгөт. Эки акын Жанкороздун ашында жолугушканын белгилеген элек. Аш-тойлордо акындарды чакыртып ырдатуу, ошол учурда адатка айланган. Ал эми Алымкул да өз кезеги келгенде алгач учурашат:

“Ак бариктүү токойго,
Конгон Toком эсенби?
Алты сан журттун эрмеги,
Болгон Toком, эсенби?
-------------------------
Күнүгө чыгып байге алган,
Жоргом Toком эсенби?..

Айтыштагы дагы бир салттуу болуп калган ыкма өнөрлөшүн мактап, сүрөп ырдоо болуп эсептелет. Бул ыкма көбүнчө шакирт ырчылар менен айтышууда алардын талантынын такшалып калганын, андан мыкты ырчы чыгарын айтып сүрөп ырдаган. Токтогул менен Барпы алгач жолугушуусунда Токтогул: “Сен да ырчысың го элирген, Ырга көөнүң берилген. Баатыр болчу жигиттин маңдайынан билинет, Акын болчу жигиттин таңдайынан билинет. Күлпөтүңдү карасам, Пайдувалдай бекемсиң, Токтогулдун ырларын, Токтотпостон чечерсиң” – деп бир көргөндө эле Барпынын акындыгын айтып, сүрөп ырдайт. Айтышта биринин жакшы сапаттарын экинчиси элге жар салып, аны мактоо менен “ырчылыктын этикасын” сактап, өнөктөшүнүн өнөрүн көкөлөтүү максатында айтылса, өнөктөшүнүн эл тааныган мыкты акын экенин айтуу менен өзүн талант жагынан ага жете албасын айтып, алдын-ала сактануу (страховка) мааниси да

көрүнөт. Себеби, кокус жеңилип кала турган болсо, ким менен айтышканын эл бааласын дегени. Ал эми утуп кете турган болсо мыкты ырчы менен айтышып мөрөйгө ээ болду деген атак турарында шек жок.  Демек, ырчылар байыртадан келе жаткан ырчылыкка мүнөздүү салттуулукды толук сактоо менен айтышка тиешелүү болгон салттуу ыкма, мотивдерди да чеберчилик менен пайдаланышат. Мындай учурду бул айтыштан да көрөбүз. Учурашкан соң Алымкул Токтогул акындын талантынын көп кырдуулугун айтат:

“Комуз алсаң колуңа,
Күү сонуну сенде экен.
Коңгуроодой шаңкылдап,
Үн сонуну сенде экен
--------------------------
Чарчабаган, талбаган,
Тил сонуну сенде экен.” [79, 491-б.] Токтогул да өз кезегинде Алымкулдун талантын байкап, келечекте Сартбай, Чоңду, Кулуке, Жеңижок акындардын жолун улаган акындардан болорун айтып, батасын берет:

“Эсен жүрүп жетилсең,
Эл ырчысы болосуң.
Өмүр берсе чоңоюп,
Өз ордума конорсуң.
Алымкул, сен да баламсың,
Атаңдан үлгү аларсың.
Эскерип атаңды ойлосоң,
Элге сөзүм жаярсың.
Ылдам болсо талантың.
Ырчылык жолун табарсың.
------------------------------
Эсиңе ал балам Токоңду,
Эсен болсун бир башың! ”[79, 495-б.]

Алымкул ырынын аягында акындын өнөрүн үйрөнүүгө дилгир экенин айтып, оюн жыйынтыктайт:

“Кайрылып Токо, кономбу,

Калк ырчысы боломбу,

Же калкымдан чыкпай соломбу.

-----------------------------

Айтып кет Токо, сонунду,

Акындык көрсөт, жолуңду!

Аз да болсо көптөй көр,

Айтканым тамам болунду!

Мен деле сиздин балаңыз,

Берип кой Токо, колуңду?” [79, 493-б.]

Бул саламдашуудан эмнени көрүүгө болот. Бири, трагедиялуу тагдыр күткөн, оор драмалуу күндөрдү башынан өткөрүп жаткан кары ырчы, экинчиси, бар күткөнү “ырчы” болсом деген жаш улан. Бул айтышта али жаш болсо да Алымкулдун сынчылыгынын күчтүүлүгүнө ынанасың. Устатынын оюн, ыргагын жандырбай, жашоодо, чыгармачылыкта да “баласындай” болуп жүрүүнү макул тапкандыгы жагымдуу маанай тартуулайт.

“Кырк-Серке жайлоосундагы Токтогул менен жолугушуу” айтышын акын Токтогулдун элди күлдүрүп ырдап жатканын эскерип келип, андан соң экөөнүн айтышын берет. Талас элинен Түлөкабыл, Баястан дегендер жылда келип ошол жайлоого конот. Түлөкабыл Токтогул менен жакшы жолдош болгон экен. Алымкул да ошол жайлоодо болуп, Токтогул менен жолугуп экөө ырдашкан. Алгач салт боюнча

“Көпчүлүк угуп сөзүмдү,

Көңүлдүн кирин чыгаргын.

Алдыма келген Алымкул,

Амансыңбы чырагым?” [79, 496-б.] – деп саламдашып, андан соң Алымкул Токтогулду

“Толкундап топто сайрасаң,

Торгойдой ширин тилиңиз.

Тосуп келди көпчүлүк,

Токо, айылга жүрүңүз! [79, 497-б.] – деп үйдү көздөй бастырып келе жатканда да учурашып, элдин амандыгын сураган Токтогулдун ырлары уланат. Алымкул Токтогулга ал Сибирден келгенден кийин жолуккан. Ошондуктан Токтогул айдоодо жүргөндөгү көргөн азаптарын айтышта болобу же эл алдында ырдайбы дайыма ырга кошуп келгенин көрөбүз. Бул айтышта да “кайгылуу күндө сандалып, камоодо жүрүп айдалып, кишенде колум байланып” деген ыр саптарына күбө болобуз. Алымкул ырчы жайлоонун жайын айта келип, улуу акындан “кызып сүйлөй беришин”, “сырыңды билчү досуң бар, сый-сыпатын көрүшүн” суранып жана “кайгырбагын өткөнгө, кайрадан элди көрдүңүз” – деп кайрат айтат. Айтыш андан ары тамашалуу уланат. Улуу акынга сый көрсөтүп, ал түшкөн үй албетте малын союп табак тартат. Улуу жана сыйлуу конок катары Токтогулга баш тартылат. Ал башты Токтогул элге тамаша кылуу үчүн Алымкул тарапка жылдырып коёт. Алымкул болсо керегенин көзүнөн чапанынын этегинен тарткылаган кыз-келинге кармата берет. Ал учурда кыз-келиндер үйгө батпай, ошентип керегенин сыртында калышчу тура. Токтогул болсо андан башка устукан албай коет. Бир убакта баягы башты сурайт, Алымкул аны көрбөгөнүн айтса, Токтогул комузун алып ырдап жиберет:

“Пейлиңди менден бурбасаң,
Бейбаштыкты кылбасаң.
Бер жагыңа жылдырып,
Бекитип койгон баш кана?
Пейлиңди бузуп, жубарымбек,
Берип койдуң башкага” [79, 500-б.].

Алымкул албетте актанганга өтөт:

“Көөнүмдү менден бурдуң деп,
Көп кыйнаба, касмынбы?!
Көпчүлүккө уялтпа,
Токо, көргөнүм жок башыңды.

--------------------------------

Башты сизден жашырып,

Башкага кантип берейин.

Жабыркап Токо кайгырба

Жоголгон башты төлөйүн” [79,500-б.].

Токтогул эшикке чыгып, кыз-келиндер кеткен тарапты карап:

“Кыялын буруп баланын,

Чын эле доолап жатат деп,

Бүркөлбөсүн кабагың.

Алымкул балам бериптир,

Алтындай болгон кыз-келин,

Аш болсун жеген тамагың” [79,501-б.] – деп айтышты жыйынтыктайт. Токтогулдун улуулугу анын мазмундуу ырларында, комузчулугунда гана эмес, анын элди күлдүрүп, өз айланасына чоң аудиторияны топтоосунда экендигин ал жөнүндө жазылган эмгектерден окуп келебиз. Алымкул да устатынын бул өнөрүнөн кур эместигин жогорку айтыш айгинелейт. Акындар үчүн аларды угуп жаткан журт (аудитория) чоң мааниге ээ. Айтыш күбөлөрүнүн көксөөсүн кандыра алганда гана төкмө акын өз милдетин толук аткарган болот эмеспи. Эгер жогорку биз сөз кылып жаткан айтышта эки акындын айтышы бая жолугушкандагыдай ал-жай сурап, элдин жашоосун, жайлоонун кооздугун сүрөттөгөн темпте уланса, угуучуларды(аудиторияны) тажатып жиберери толук мүмкүн эле. Устат менен шакирт андай бир жактуулуктан качып, “жоголгон башты” айтыштын өзөгү кылып элге тамаша тартуулай алышты. Алымкулдун устатынын айта турган оюн илгиртпей түшүнүп, илип кетиши жана ырды толук ырдалып жаткан ойго улап ырдап кетишин – анын өздүк чеберчилиги катары баалаcак болот.

“Ырчы аял Акыш менен жолугушуу” айтышы Токтогулдун, Сулаймандын, Алымкулдун жана ырчы аял Акыштын ортосунда болгон айтыш. Токтогул адатынча Таласка Алымкулдун үйүнө келип, Алымкул кушчу элинен келген Сулайман деген ырчыны кошо чакырып айыл аралап

аттанышат. Төкмө ырчынын милдети – ыр сураган элдин көөнүн суутпай көргөнүн ырга кошуп ырдоо эмеспи. Там салып жаткан Боромбай деген киши акындарды көрүп, бир-эки ооз ырдап коюусун суранат. Алымкул менен Токтогул алым-сабак айтышып, Боромбайдын там салып жатканын ырга кошуп, усталарга каалоо айтып, мактап ырдашат.

“Акындар айтыштын салтын улай өнөктөшү кайсы обон менен ырдаса, обонду, ыргакты улап өнөрлөшү ырдаган обон менен ырдамай салты бүгүнкү күнгө чейин уланган. Бул айрыкча алым сабак айтышында өзгөрүлбөй аткарылуучу шарт.” [38,62–б.] Бул шартты көрсөтө кетели:

Алымкул – Көп жерден жыгач тандатып,
Алып  жаткан турбайбы.
Көркү сонун ак тамды,
Салып жаткан турбайбы.

Токтогул - Узун менен кыскасын,
Улап жаткан турбайбы.
Устундарын кадача,
Кынап жаткан турбайбы. [79, 501-б.]

Ушундай алым-сабак дүкөнчү Бердикожого, буудай сапырып жаткан Баймуратка карата да ырдалып, акындар Баймураттыкына түшүшөт. Ошол үйдө Токтогул, Сулайман, Алымкул жана Акыштын ортосунда айтыш жүрөт. Акыш алгач Токтогулга кол берип учурашкандан кийин, айтышты Токтогул “көрөйүн деп келген карындашка” учурашып, ыраазычылыгын билдирүү менен баштайт. Саламдашуу менен эле чектелбестен өзүнүн башынан өткөргөндөрүнөн да ырга кошуп ырдап берет. Токтогулдан кийин Акыш да саламын айтуу менен бирге “жубайынын ура турганын”, “эркек болсо этектеп, жанынан кетпей турарын” айтып, “кор болуп жүргөн келиндин, жарыкка бетин ачып кет, жашырып жүргөн кебимдин” деп суранып ырдап баштаганда, анын ырчы экенин биле элек Токтогул бир аз чочуркап, “бирдеме дебейсиңерби” деген таризде Алымкул менен Сулайманга карайт. Акыштын сырын билген Сулайман комузду алып, алгач жемелеп:

“Эшикте жүрөт кыз-келин,

Эбин таппай кирүүгө.

Уялбайсың Акыш сен,

Уйча сүзүп эшикти,

Токомо унчукпай кирип келүүгө.

------------------------------------

Акыш, сага не болмок,

Атагы чыккан Токомдун,

Алдына келбей тим калсаң?” [79, 510-б.] – деп ырдайт. Ошондой эле “Үркүмбайдын кызы экенин”, “Туйтаман албай койгон соң, Сүйүналы алганын” айтып берет. Андан соң Токтогул Алымкулга “сен ырдачы” дегендей белги берип, аны карайт. Алымкул Сулаймандын келинди күнөөлөп ырдаганы жакшы эместигин төмөнкүчө ырдайт:

“Жакшы эмес, Суке, жанагы,

Баштап айткан ырыңыз.

Турган жерден жамандап,

Тууралык эмес мунуңуз.

------------------------------------

Каркырадай Акыштын

Капа кылдың жүрөгүн.

Кордогончо аялды,

Колуңдан келсе сүрөгүн” [79, 511-б.].

Бул айтышта негизинен Алымкул калыстык иретинде ыр ырдап көбүнчө Акышты колдогонун көрөбүз. Албетте башкача болбойт эле. Анткени ал устаты Токтогулдан таалим алып жүргөн кези болгон. Ал эми устаты карапайым элди, мейли аялбы, мейли эркекпи, жабыр тартып, кордук көргөндөрдүн таламын талашкан адам. Алымкул Токтогулдун күүлөрүн, ырларын, айтуучулук өнөрүн гана үйрөнбөстөн, адамдык сапатын, адамга кылган мамилесин да үйрөнүп, тарбия алганын билебиз[100].

Алымкул Үсөнбаевдин Токтогул менен айтышкан дагы бир айтышы – “Акбаары”. Бул айтышты айтыш боюнча изилдөөчү М.Көлбаева алым сабак айтышына кошот. Адабиятчынын пикиринде алым сабакта бирин-бири

кордошпостон, кайта биринин оюн бир улап жүрүп олтурат. Бул түрдөгү айтыштарга “Аксыдагы үч акындын алым сабагын”, Пишпектеги союз кошчунунун чоң тоюндагы “Калык менен Осмонкулдун алым сабагын”, Токтогул менен Алымкулдун “Акбаарысын”, Токтогул менен Эшмамбеттин “Актуягын” кошууга болот” [38,129-б.]. Ал эми А.Обозканов “Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөрканасы” аттуу монографиясында: “Айтыш элге кадимкидей рахат, күлкү тартуулап – тамашалуу мүнөздө болушу мүмкүн. Буга “Токтогул менен Эшмамбеттин” (Ак туяк), Токтогул менен Алымкулдун “Акбаары” жана кийинки учурдагы “Токтонаалы менен Ысмайылдын айтыштары” күбө” [57,37-б] – деп Акбаарыны тамашалуу айтышка кошот. Алым сабак ырда акындар биринин оюн, ырын бири улоо аркылуу бир бүтүн картина түзүүгө аракеттенишет. Башкача айтканда, ой учугунун логикасы бузулбай, бирдей көз караштагы эки же андан көп топ ырчылардын айтышы. Алым сабак айтышында элге күлкү тартуулоо болот. Ал эми “Акбаары” айтышын кунт коюп окусак, тамашалуу учурларды белгилесек болот, мисалы, Алымкулдун көп кыз-келиндин ичинен улам бирин тандап ырдашы, же болбосо Токтогулдун Алымкул тапкан кыз-келинден улам кемчилик таап, жактырбашы ж.б. тамашалуу учурларды кезиктиребиз. Демек “Акбаары” алым сабак формасында ырдалгын тамашалуу айтыш десек болот.

Бул айтыш 1955-жылы чыккан “Тандалган ырлар жыйнагында” “Аялдар теңдиги жөнүндө” деген аталыш менен берилген. Ал эми 1973-жылы чыккан “Тандалган чыгармалардын бир томдук жыйнагында” “Акбаары” деген ат менен басылат. Бул айтыш негизинен совет мезгилинде жаралган. Анткени совет мезгилине чейинки убакта акындар аты айтып тургандай аялдар теңдиги жөнүндө эл алдына ырдап чыга албайт эле. Айтыш негизинен Акбаары деген келин жөнүндө ырдалат. Башкы тема аял менен эркектин тең укуктуулугу жөнүндө болот. Ошону менен бирге эле Акбаарынын сулуулугу, акылкөйлүгү салттуу сүйүү ырлардагыдай бийик салыштыруулар менен сүрөттөйт:

Алымкул – Ак бетинин актыгы,

Токо, пияланын агындай.

Ак бетинин кызылы,

Ак тооктун канындай.

------------------------

Токо, эки беттин кызылы,

Эркинге бышкан анардай.

Эки акын тең биринин ырын бири улап, келиндин сулуулугун салттуу туруктуу сүрөттөөлөр аркылуу Акбаарыга карата жагымдуу мааналайларын билгизишсе, экинчиден ал өңдүү аялдардын теңдик турмушу тууралуу да ырдашат.

“Экинчи жолугушуу” айтышы да жогоркудай эле совет мезгилинде башкы темага айланган эмгекчилердин ой-санаасы, жаңы замандын көрүнүштөрүнө арналган айтыштардан. Айтыштын башталышы салттуу ыкмада саламдашуудан, жай сурашуудан башталат. Ырдын негизги мазмунун революциялык өзгөрүш, айрым кубулуштар түзөт.

Токтогул – Ачып берди өкүмөт,

Акыйкат, теңдик заманды.

Арабыздан тазалайт,

Алдамчы, бузук адамды.

Мурун болсо теңчилик,

Көрбөйт элем камалды.

Алымкул - Жарды-жалчы жолунда,

Жаркырайт кызыл байрагы,

Жан бакчылар келген жок

Бул, жалпы кедей аймагы.

Жаңырып элдин бактысы

Жакшы болду майрамы.

Жогоруда сөз кылган эки айтышты Алымкул Үсөнбаев 1928-жылы болгон айтыш деп эскерет. Демек бул жылдары ырчы улуу акындын тарбиясын алып, анын айтыштагы чеберчилигин үйрөнүп, аны менен алым сабак айтыштарга түшүп жүргөн кези болгон.

Совет мезгилинин алгачкы жылдарында филармония, театрлардын ишке кириши менен таланттуу акын-ырчылардын чөйрөсү калыптанган. Анткени ар кандай элдик жыйындарда, аш-тойлордо ырдап жүргөн акын-ырчылар эми театрларда, клубдарда өнөрлөрүн тартуулай турган болушту. Бул жагдай А.Үсөнбаевге да түздөн-түз тиешелүү. Анткени 1936-жылы жылы республикада алгачкы ирет уюштурулган элдик таланттардын олимпиадасы өткөрүлөт. Фрунзеде өткөрүлгөн бул эл чыгармачылыгын чоң кароосунда Таластан өкүл болуп келген Алымкул да катышат. Ошондогу акындын башка акындар менен болгон саламдашуу айтышын бүгүнкү күндө төкмө акын Асылбек Маратов аткарып келет. (https://youtu.be/iyGQzQjumrs).

Радио, телевидение, басма сөз каражаттарынын кызматтары уюштурулгандан баштап айтыштардын элге жайылуусу кеңейди. Бул учурдагы жаралган айтыштар боюнча М.Көлбаева мындай пикирин айтат: “Мындан улам мурдагы айтыштардагы эки акындын жеке кармашы, эки уруунун намысы, же эки байдын намысы сыяктуу атак-даңктын тиреши алдыга чыгып, айтышта уткан акындын аброю бийиктеп, материалдык колдоо тапса, жеңилгени моралдык да, материалдык да, жоготууга учурап, айрым учурларда физикалык жактан күч колдонуусу дуушар болгон абалдары жоюлуп, эми биргелешип, жалпы элдин көңүлүн ачуучу, жыргал турмуштун салтанатын, жетишкендиктерин, бактылуу келечекти, үзүрлүү эмгекти чагылдырууга багыт алды. Мындан улам социалисттик курулуштун ийгиликтерин даңазалоо, өлкөнүн өнүгүп-өсүшүнө чакырган агитациялык-чакырык мүнөзүндөгү саясий айтыштар жаралды. Буга Калык, Кенен, Үмөталынын 1923-жылы батрактардын тоюнда ырдашканын, Ак-чийдеги Союз кошчунун тоюндагы Осмонкул менен Калыктын айтыштарын айтсак болот” [38,141-б.]. Бул ой ошол учурдагы акын-ырчылардын көпчүлүгүнө тиешелүү. Анткени, учурдун талабына жараша “акындар эл-жердин өсүп-өнгөнүн терең пафос, кебелбес дем менен баяндашып, совет адамдарынын достугун, биримдигин аларга болгон Лениндик партиянын камкордугун даңазалашты” [26]Жаңы замандын жаратуучусу Лениндин айткандары, анын жаңы заманга карай ураандары акындардын айтыштарында өзөктүү бир

темага айланды. Мындан улам Осмонкул менен Алымкул Ленин күнүнүн урматына “Лениндин айтканы, унутулбас белги деп, кызматыңды эл билет, кылымдар эстеп унутпай” деп ар бир сөзүн унутулгус белги катары санаган элдин эсинде экенин белгилеп,

Алымкул: Туюкту бузуп жол чалып,
Жиреп чыккан Ленин,
Душмандын туусун кулатып,
Тиреп чыккан Ленин.
Жанчылган элди жарыкка,
Сүрөп чыккан Ленин”

Осмонкул: Ленин курган улуу иш,
Партия дайым улаган.
Баш коштуруп дүйнө элин,
Достуктун ишин чыңаган.
Ленин тирүү биз менен,
Кубанып айтат ар бир жан” [79, 534-б.] – деп алым сабак формада Ленин кылган иштерин даңазалашып, партия анын ишин улантуучу экенин элге жар салышат.  Ошондой эле совет мамлекетинин койгон пландары, алардын аткарылышы, ага карата колхоз, совхоздордун абройго ээ болушу же эскертүү алышы да ырчылардын айтыштарында негизги темага айланып, эки акын эки совхоздун же колхоздун өкүлү катары жетишкендиктерин даңазалашып, экинчиси кемчиликтерин көрсөтүп ырдашып, атаандашуу акындар арасында гана жүрбөстөн област, колхоз совхоздордун тирешүүсү катары ырдалган. Мына ушундай айтыштарга Алымкул Үсөнбаевдин Осмонкул менен “Совхоздор жөнүндө айтыштарын” киргизүүгө болот. Акындын бул түрдөгү айтышы жөн гана кайсы чарба алдыга кеткени, кайсы колхоз планды ашыгы менен аткарганы, чарбага ким киреше алып келип, ким зыян келтирип жатканы тууралуу суроо-жооп иретиндеги жайынча ырдалган айтыштар катары сыпаттоого болот. Бул тууралуу адабиятчы М.Көлбаеванын төмөндөгүдөй пикирине толук кошулууга болот:

“Буга Кыргызстандын 25 жылдыгынын урматына Калык, Осмонкул, Алымкул, Токтонаалы, Ысмайылдардын учурашуу ырын да кошууга болот.

“Кылымдар бою аркайып,
Кар кетпеген башынан.
Абасы таза жери бай,
Агын суулар ташыган.
Кайраттанып иштесе,
Карысы калбайт жашынан,
Берекелүү Ала-Тоо –
Жергемден салам айтамын”

Айтышта “боору бирге жакын эл, улуу орус баатыр элге”, “пахтасы тоодой үйүлгөн, бактыга жетип сүйүнгөн, мал чарбасы жагынан мааниси зор абыдан тажик, казак, өзүбек” элдерине, “канал казып чыгарган, кара кум, чөлдү сугарган, толкуган көлдөй нефтиси, көргөндүн көөнү кубанган Азербайжан, Түркмөн” элдерине салам жолдоп, “аймагы совет бириккен, Ильичтин кармап чоң жолун – Сталинге колдорун бергенге” салам айтышып, жалпы совет элин жыйырма беш жылдык маарекеси менен куттуктайт. Акындардын бул маанайдагы учурашуу ырлары совет мамлекетиндеги эл достугун бийик деңгээлде урматталышынын бир далили иретинде кандай жыйын, чогулуш болбосун ырдалып жүрө турган темалардын бирине айланган. Совет мезгилиндеги айтыштардын негизги мазмуну жана мааниси бүтүндөй совет мамлекетинин жетишкендиктерин жар салууга, өткөн турмуш менен азыркыны салыштыра ырдап, өткөндүн кемчиликтерин көрсөтүп, учурдагы жыргал турмуш экенине басым коюлуп, бул маани ар бир учурашуу айтышында сиңирилгенин көрүүгө болот» [38, 157-б.] Демек, Алымкул Үсөнбаев өз заманынын ийгилик-кемчиликтерин кандай абалда болсо ошол калыбында ырга салып, совет мезгилинин ченеп-бычууларынын чегинде ыр куроого багыт алган.

Алымкулдун айтыштарынын көпчүлүк бөлүгүн совет мезгилиндеги айтыштары, б.а. “социалдык курулуштун ийгиликтерин даңазалоо, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө чакырган агиатциялык чакырык мүнөзүндөгү айтыштар”

[38, 141-б] түздү. Буга “Экинчи жолугушуу”, “Осмонкул менен Алымкулдун совхоздор жөнүндө айтышы”, “Ленин күнү” ж.б. айтыштарын кошобуз. Бул айтыштарда жаңы замандын, совет мамлекетинин жетишкендиктери, эмгектин мыктылары өзгөчө идеализацияланган.

Төкмөлүк өнөрдө устат-шакиртчилик салты негизги орунда турат. Өнөрү такшалган, устат ырчылардын бирин пир тутуу, аларга кол берип, алардын таалимин, батасын алуу салты бүгүнкүгө чейин ыңгайына жараша колдонулуп келүүдө. Алымкул акын да бул салттан куру калган эмес, өзү кезинде улуу устат Токтогулдан бата алып, жанында жүрүп өнөрүн үйрөнсө алган билимин, чыгармачылыктын сырларын кийин Эстебес Турсуналиевге устат катары батасын берип, үйрөтөт. Бул тууралуу Ж.Таштемиров буларды айтат: “Эстебестин энеси Алымкулду атайын чакырып келип, уулуна бата берүүсүн суранганын эске албай кетүүгө болбойт. Алымкул чын ниети менен батасын берип, жакшы ырчы болуп чыгышын каалаган сөздөрүн айткан” [70, 82-б.]. Ошондой эле Т.Тыныбеков, Э.Турсуналиев, Ы.Борончиев, А.Айталиевге ырчылыктын сырларын үйрөтүп, устаттык кылган. Демек, Алымкулдун чыгармачылыгында устат-шакиртчиликтин салттуулугу толук сакталган дешке болот.

## Биринчи бап боюнча жыйынтыктар

- Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгы коомчулукту өзүнө 30-жылдарда бурат. Акындын алгачкы ырлар жыйнагы “Ырлар” деген ат менен 1938-жылы басылып чыккан. Ушундан баштап акындын ыр жыйнактары, жомоктору, акындын вариантындагы кенже эпостор тынбай жарыяланып келет. Акындын чыгармаларына карата баа берүү К.Маликовдун 1938-жылы “Ала-Тоо” журналына жарыялаган макаласынан башталып, андан кийин Токтогулдун чыгармачылыгын талдоого алган илимий макалаларда камтылып, китептеринин баш

сөздөрүндө, акындар чыгармачылыгы тууралуу фундаменталдуу эмгектерде сөз болуп, портреттик мүнөздөгү иштер жазылган;

- Алымкул Үсөнбаевдин акын катары калыптанышында төмөнкүдөй жагдайларды байкоого болот: а) Алымкул көпчүлүк акындардай чыгармачылыктын калыптануу этаптарын басып өттү. Анын чыгармачылыгынын алгачкы учуру ата-энесинин, айылдык талант ээлеринин чыгармачылык таасиринен үрөн алып, тынымсыз көнүгүү, тажрыйба топтоо менен уланып, алгач той-тамашаларда, жоро-бозолордо, кыз оюндарында элдик лирикалык ырларды, күүлөрдү, кенже эпостордун үзүндүлөрүн аткаруудан баштайт; б) бара-бара өз алдынча жамактап ырдоонун биринчи баскычына көтөрүлөт; в) андан кийин элдик ырлардын нугунда сүйүү, күйгөн секетбай өндүү ырларды жаратып, айылындагы Шадыбек карыянын дүйнөдөн кайтканын ырга кошуп, кошок жаратып, өз алдынчалыкка өтөт. Бул учурда айылындагы Аттокур, Сулайман, Айдараалы сыяктуу акындардын, кийин Токтогулдун таалимин да алган болот. Бул акындын чыгармачылыгындагы өз алдынчалыкка өтүү мезгили деп койсо болот; г) Андан ары даңазалуу аш-тойлордо Токтогул, Калык, Осмонкул өңдүү ырчылар менен тайманбай алым-сабакташып, учуру келгенде тамаша, санат ырлардан айтышышы акындын чыгармачылыгынын калыптанган учуру дешке болот. Демек, Алымкул кыргыз акындарынын чыгармачылык калыптануу этаптарын басып өтүп, өз чыгармачылыгын өнүктүргөн;
- Алымкулдун айтыштары мазмундук жана формалык жактан салттуу айтыштардын нугунда өнүктү, б.а. алым-сабак, учурашуу, тамашалашуу, кордоо маанисиндеги айтыштарды ырдады. Бир катар мезгил шартка ылайыкташкан учурашуу айтыштарды да жаратты. А.Үсөнбаев төкмөлүктө “Акбаары”, “Кырк-Серке жайлоосунда Токтогул менен жолугушуу”, “Аксы багытында” ж.б. классикалык үлгүдөгү айтыштарды жаратуу менен өз заманынын ийгиликтерин,

жетишкендиктерин жар салган чакырык мүнөзүндөгү айтыштарды да жарата алды.

- Алымкулдун чыгармачылыгында акындар чыгармачылыгына мүнөздүү салттуулук толук сакталган: а) Алымкул ырчылык өнөрдөгү көзү көрүп, көкүрөгү туйган баардык нерсени турган жеринде акындык өнөрканасынан өткөрүп, ырга салып төгүп ырдоо салтын уланткан; б) ал бир эле учурда ыр жаратып, аны аспап менен коштоп, үн кошуп ырдап, эл алдына өзү тартуулап, Токтогулдан үлгү кылып алган аткаруучулук жөндөмү жана үнүнүн бөтөнчө жагымдуулугу, уккулуктуулугу менен чыгармаларын шөкөттөп синкретизмдин бийик үлгүсүн көрсөтө алган; в) Алымкул Токтогул, Калык өндүү залкар таланттардан ырчылыктын, комузчулуктун сабагын алып, тапталса, кийин Ысмайыл, Токтосун, Эстебес, Ашыраалы өңдүү ырчылыкка талапкер жаштар менен ырдашып, ээрчишип жүрүп акындык өнөрдүн сырларын үйрөтүп, устаттык кылуу менен ырчылыктагы устат-шакирт салтын улаган; г) мындан сырткары акындык өнөрдөгү ашыктык, санат-насыят, аккан суу, табият сыяктуу салттуу темаларды улантып, акын катары өз көз карашын, өз салымын кошууга аракет кылган;
- Демек, Алымкул – акындар поэзиясында калыптанган салттуулуктун нугунда чыгармачылык тагдыр күткөн акын, төкмө, улуу устат, комузчу, айтуучу катары кыргыз маданиятында өз орду бар инсан катары сыпаттоого болот.

# 2-БАП: ФОЛЬКЛОРДУК ЖАНРЛАРДЫН АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГЫРМАЧЫЛЫГЫНДА ИШТЕЛИШИ

## 2.1. Элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок, уламыштардын А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кайрадан иштелиши

Элдик оозеки чыгармачылыктан жазма адабиятка өтүүдө жомокчулар, төкмө, жазгыч акындар (ырчылар), айтуучу, баяндоочу, жаңыча форманы жаратуучулар катары алгачкы борозду чийишкен. Дүйнөдөгү элдердин көбүндө ар башка аталышта кездешкен акындар эл арасында жашаган жомокторду эң биринчи трансформациялоочулар болгон. Алар көркөм сөз өнөрүнүн эки багытын: фольклор менен адабиятты байланыштыруу менен жомокту мазмундук, формалык, сюжеттик, композициялык, образдык ж.б. бөтөнчөлүктөрүнө ылайык жаңы кошумчаларды киргизишип, иштеп чыгышкан. Бул баарынан мурда алардын чыгармачылыгына, өздүк чеберчилигине байланыштуу ишке ашкан. Анткени, айрым айтуучулар тубаса куудул болсо, башкалары жаратылышты сүрөттөөнү жактырат. Дагы бири табиятынан керемет-фантастиканы айтканда алдына киши чыгарбайт. Айрымдарында сатиралык-юмордук белгилер абдан көп. Мындай учурда алар өз дараметине жараша, жомоктун ошол тарабын күчөтүп, өзгөртүп, өнүктүрүп жибериши мүмкүн. Ошондой эле элдик жомокту алар угуучунун суроо талабына, социалдык абалына, өз учурунун идеологиясынын басымына жана өз эрки менен да, же муктаждыгына, билимине жараша, албетте, өзөктүү окуялардан чыкпастан кайрадан иштеп чыгышкан. Натыйжада элдик жомоктор айрым өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында жаңы түскө ээ болуп, оозеки, жазуу формасында трансформацияланган.

Адабий жомоктун чыгыш теги, калыптанып өнүгүшү тууралуу Солтобаева К.Б. “Фольклордук жомоктордун трансформацияланышы, адабий жомоктун калыптанып өнүгүшү” (2021) аттуу диссертациясын жазган. Бул эмгегинде автор адабий жомок боюнча окумуштуулар берген бир канча аныктамаларга токтолуп келип, мындай жыйынтык чыгарат: “Демек, автордук жомок фольклордук жана адабияттык негиздерди өзүнө сиңирген жанр катары кабылданат жана ал элдик чыгармачылыктын жанрдык артыкчылыктарын трансформациялап жана өзгөртүү менен өнүп чыккан, оозеки жомоктун эволюцияланышы десек болот”. [68, 20-21-б.]. Эгерде бул жыйынтыкка таяна турган болсок, эл арасында жашап келген оозеки жомокторду айтуучулар, санжырачылар, төкмө акындар, ырчылар өзүнүн

шык-дараметине жараша иштеп чыгып элге кайрадан автор катары аткарып берсе, айрымдары аны жазууга салып, адабий жомокко айландырышкан. Бул бир канча этапты басып өтүүчү эволюциялык процесс экенин Солтобаева К.Б. белгилеп: “жаратуучу – эл оозунан жыйноочу – иштеп чыгып айтуучу жомокчу – жазуучу жомокчу” деген баскычтарда карайт [68, 145-б.].

Акындар элдик бай казынаны сактоочулар эле эмес, ошондой эле аларды жаратуучулар экенидигин эч ким тана албайт. Ошол жаратуучулуктун натыйжасында балдарга арналган кыска жомок, уламыштардан тарта эпикалык чыгармаларга чейин өз салымын кошуп келишет. Мындан улам ал көркөм мурастардын бир нече варианттары жаралганын бир катар изилдөөчү-окумуштуулар белгилеп келишет. Белгилүү фольклорист Г.Орозова акындар жаратуучулар экендиги жөнүндө буларга токтолот: “Анан дагы айтуучу акын даяр салттуу сюжетти оозеки аткарууда аны кайрадан айтат. Анда жалпы тема, композициялык ыкмалар, салттуу формулалар сакталат. Бирок, ар бир акын чыгарманы механикалык түрдө кайталабайт. Ал салттуу сюжетти салттуулуктун ичинде кайра курат, өз алдынча калыпка салат, кайрадан ырдайт. Ал чыгарманы жаңыдан жаратат, өзүнүн кошумчаларын киргизет б.а. ар бир айтуучу толук кандуу жаратуучу боло алат” [59, 10-б.] – деген пикиринде ар бир акындын жаратуучу экендигин тастыктайт. Бул да акындар поэзиясында өзгөчө сөз кылууга зарыл маселелердин бири. Ал эми ошол эпикалык чыгармалардын эл тарабынан кабыл алынуусу, бааланышы – ар бир акындын өздүк чеберчилигине жараша болот. Алсак, ар кыл темадагы, ар түрдүү мазмундагы К.Акиевдин “Өлбөс баатыр”, “Карач Дөө”, “Ач карышкыр” поэмалары, Жеңижок, Тоголок Молдо акындардын жараткан жомоктору, тамсилдери, айткан эпосторунун варианттарынын бүгүнкү күнгө чейин ырдалып, окулуп келиши буга мисал.

Жогоруда элдик жомокторду кайрадан иштеп чыгуучулардын арасында төкмө акындар да бар экенин айттык. Мындай төкмө акындардын катарын Алымкул Үсөнбаев да толуктайт. Акын 30-жылдарда кыргыз элинин жомокторунун негизинде жазылган «Жолборс минген киши», «Эшектен

жолборс», «Көзөлшаа» өңдүү жомокторун басмадан чыгарат. Бул жомокторду А.Үсөнбаев окумуштуу С.Байходжоев өз эмгегинде жанрдык жактан поэма деп берет. [10] Кыргыз адабиятынын тарыхында да поэма деген термин менен берилген. [45] Ал эми 1973-жылы чыккан А.Үсөнбаевдин "Тандалмалар" деген китебинде "жомоктор" деген аталышка бириктирилген. "Жолборс минген киши" 1938-жылы "Эл жомогу", 1974-жылы "Жомок" деген аталыш менен жарыяланган. 1961-жылы "Көзөлшаа" да "жомок" болуп басмадан чыккан. Ошондой эле А.Обозканов да акындын айтучулугун жогору баалап, "жомок" деп атайт. С.Эралиев "Атактуу эл ырчысы" деген макаласында да жомоктор деп берген. Экинчи жагынан, акын бул чыгармаларды чыгармачылыгынын калыптанып жаткан алгачкы учуралырында жараткан. Акын ал учурда поэма жаратууга чыгармачылык шыгы, тажрыйбасы да жете бербесе керек деп божомолдойбуз. Ал эми чыгармачылыгы бир топ өнүгүп, өзү окуп, жаза билип калган учурунда "Биринчи бригада", "Айкүмүш" ж.б поэмаларды жараткан. Бул ойлорго таянып, А.Үсөнбаевдин жогорудагы чыгармаларын "жомоктор" деп берүүнү туура көрдүк. Анткени "поэмаларда көбүнчө реалдуу турмуштук көрүнүштөр чагылдырылып, ойдон чыгарылган, кыялый нерселер өтө ачык эмес. Дээрлик бардыгынын тарыхый негизи бар реалисттик мүнөздөгү чыгармалар" [59, 8-9-б.] экени так жазылган. Ал эми бул чыгармаларды мазмуну, сүрөттөлүш ыгы, көркөм каражаттардын берилиши жагына көңүл бөлүү менен "жомок" деген жанрга толук жооп берерин көрөбүз.

Эми оозеки чыгармачылыкта кеңири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү жомоктор А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кандай чагылдырылды деген суроого келели. Автор бул чыгармалардын элдик мазмуну аркылуу уурулукту, зулумдукту, ач көздүктү ашкерелеп, адилеттүүлүк, ак ниеттик идеяларын даңазалайт. Тактап айтканда, «Жолборс минген киши» жомогунда элдин мал-мүлкүн уурдап, жеңил оокат менен жашаган уурунун жолборско кабылып, өлүмдөн чоң кыйынчылыктар менен араң кутулганын баяндоо менен «ууруну каракчы урсун» деген элдик

түшүнүктү берсе, башка жомогунда эки таптын ортосундагы карама-каршылыктын себептерин ачууга аракеттенет (“Эшектен жолборс”).

«Жолборс минген киши» жомогунун сюжети, элдик чакан аңгеме, жомоктон алынгангандыгын, анын эл арасында бир нече варианты бар экендигин адабиятчы С.Байходжоев белгилейт [10, 60-бет]. Бул варианттарда айрым гана окуялардын башталышы же аякталышындагы учурлар башкача болбосо негизинен бирдей сюжеттик сызыкта, бирдей окуялардын түрмөгүндө өнүгөрүн айтат. Башкача айтканда, уурунун чаар ат деп, жаңылып жолборско миниши, уурунун талга чыга качып, жолборстон кутулушу, аягында адамды жешке аракеттенген аюунун жолборско жем болушу баяндалат. Ал эми А.Үсөнбаевдин өзгөчүлүгү уурулукту, адилетсиздикти жектеген кара сөз түрүндөгү элдик жомокту ырга айландырып, ритм, рифмага салып элге жеткирүүсүндө. Эгерде Алымкулдун жомокту ырга айлындыруусун биринчи өзгөчөлүгү десек, экинчиден, жомоктогу сүрөттөөлөрдү, мүнөздөмөлөрдү күчөткөн.

Алымул Үсөнбаев жолоочулардын малын жеп семирген жолборс менен жеңил оокат-уурулук менен жанын баккан уурунун кокусунан бир-бирине жолугушун, аягында аларды биринен-бири чочуп, кутулуунун айласын издеши «ууруну каракчы урсун» деген элдик моралдын мазмунун айкындоочу окуялардын тизмегинде конкреттүү мүнөздөгөн. Үстүндөгү «жабышкан» дарттан кутулуу үчүн жолборстун чытырман токойду, аскалуу тоону аралап кыйналышын, же болбосо, ууру астындагы тулпары жолборс экенин көрүп, жүрөгү түшүп, айла издешин окурманга жеткиликтүү, түшүнүктүү ыр саптары менен сүрөттөп берген. Өзгөчө уурунун өлүмүн тилеп, өздөрү жолборско жем болгон маймыл менен түлкүнүн ачкөздүгү аллегориялык ыкмада жогорку деңгээлде сүрөттөйт:

“Сүйлөшүп маймыл, түлкү көз ымдашып,
Бүгүнкү табалык деп оокат-жемди.
 -------------------------------------
Жолборско шол адамды өлтүртүшүп,
Жем үчүн желмогуздар жемек талап”. [79, 400-бет].

Бул жерде акын окуянын элестүүлүгүн, мазмунун дагы терең ачуу максатында элдик варианттарда негизинен учурабаган үчүнчү бир каарманды – түлкүнү киргизген. Ал эми түлкү элдик жомок, тамсилдерде дайыма куулук-шумдуктун ичинде жүргөндүгү маалым. Кыскасы, автор элдин учкул кыялынан жаралган кичинекей жомоктун бүт мазмунун окурмандарга жеткизе алган.

Алымкул Үсөнбаевдин эпикалык түргө кирген жомокторунун ичинен "Эшектен жолборс" жомогу да белгилүү орунду ээлейт. Бир караганда жомоктун мазмуну эң эле жөнөкөй көрүнөт. Бир сараң бай болот. Анын оор турмушта жашаган малайы бар. Бир күнү анын капканына жолборс түшүп калат. Малай чоң кубаныч менен жолборстун терисин эшегине жаап алып, үйүнө келе жатса, аны бай көрүп, жолборс экен деп, коркуп өз короо жайын таштап көчө качат. Ал жерге малай туруп калат. Акын мына ушул элдик жомоктун негизинде чыгарма түзүүгө умтулган. Бул жомогунда акын элдик жомоктун жөнөкөй окуяларынын негизинде социалдык маселелерди – эки таптын ортосундагы карама-каршылыкты сүрөттөөгө умтулган. Жомоктун ушул жагына көп көңүл буруп, өрчүткөн. Айтуучу жомокто окуяны жөнөкөй баяндоодон байдын эзүүчүлүк жүзүн ашкерөөлөчү, зулумдугун, ачкөздүгүн айкындоочу кырдаалдарга басымдуу орун берет.

«Бак дөөлөттүү Карынбай,
Бай болгон экен илгери.
Пайдаланып көбөйтүп,
Жыйнаган экен дүйнөнү.
Башынан карып сараң бай
Колунан бербей ийнени,
Бай дегени болбосо,
Байлыктын доорун сүрбөдү.
Соода кылып, мал сатып,
Башкача жыйган дилдени
Ат семиртип жабдыктап,
Асемдеп атка минбеди».[79, 74-бет].

Акындын бул жомогунда сараңдыктын, ачкөздүктүн, эзүүчүлүктүн адамкерчиликсиз көрүнүшүнө күбө болгон буга окшогон сүрөттөөлөр аз эмес. Эгерде Карынбай элдик мүдөөнүн, ойдун ачык душманы катары мүнөздөлсө, ал эми анын карама-каршысындагы малай оор эзүүгө дуушар болуп, түйшүктүү турмуш менен алпурушкан адам катары көрсөтүлөт. Анда ичи толгон кайгы да, көзүн көлдөткөн жаш да, үшкүрүктүү муң да бар:

«Кургар бекен көздөн жаш?
Кайгырып жүрүп кызматта,
Каларсың өлүп кайран баш.
Эл катары бий-болуш,
Эл дебейт кедей-бакырды.
Кызматын кылсам, Карынбай
Менин бербеди мээнет акымды.
Кедейдин күнү ушубу?
Менин башым малдай сатылды» [79, 75-бет].

Акын малайдын ушул өңдүү арманы, ачуу ыйы менен эки таптын ортосундагы келишпөөчүлүктүн, карама-каршылыктын себептерин тактоого умтулган. Бул мүнөздөөлөр автордун ырчылык талантынан жаралган жеке кошумча болуу керек. Анткени, бул жомоктор 30-жылдардагы акындын чыгармачылыгына кирет, демек, ошол учурдагы эки таптын ортосундагы карама-каршылыкты социалдык көйгөй катары алып чыгуу акындын негизги максаты экени чыгармадан айкын көрүнүп турат. Байдын короо-жайын таштап качып кетиши, малайдын чарбакка ээ болуп жашап калуусу, ошол доордун карапайым окурмандарынын тилеги экенин автор баамдай алган. Ушул жомоктордон көрүнүп тургандай А.Үсөнбаев элдик жомокторду ырга айландырып иштеп чыгууда, анын идеялык-көркөмдүк багытын сактап гана койбостон, андагы образдары дагы да так, көркөм кылып, кээде кошумча каарман кошуп, өздүк чеберчилигин көрсөтө алгандыгын байкайбыз.

“Көзөлшаа” да – элдик жөө жомоктун негизинде жазылган жомок. 1961-жылы “Көзөшаа” деген китеби “Байкобул абышка”, “Жунусбай мерген” жомоктору менен жарыкка чыккан. Жомок Зара хандын балалуу

болбой, шаарым ээсиз калабы деп кайгырып жүрүп, элдин батасы тиер деген тилек менен элин салыктан бошоткондугу менен башталат:

“Батасы тиер көптүн деп,
Куткарып элдин салыгын.
Алганы төрөп эркекти,
Ачылды хандын кабагы” [79, 332-бет].

Зара хан балалуу болуп баласынын атын Сагын коюп, элге чоӊ той берет. Сагын эр жетип, бир күнү түш көрүп түшүндө суу үстүндө сулуу кыз көрөт. Көргөн түшү эсинен кетпей, “аттанып, үйдөн бастырсам, ажыраар бекен көөнүмөн” деп, куш салып, көл жээгине кетет. Суу үстүнөн түшүндө көргөн кызды көрүп, кыз аты-жөнүн, кайсы шаарда жашарын табышмактатып көздөн кайым болот:

“ – Атыӊ сенин ким? – десе
Кыз көрсөттү кулагын,
Бир ишаарат кылды эми.
Түшүнбөй бала турду эми. [79, 334-бет].

Кыздын табышмагын таба албай Сагын санааркап, үйүнө барбастан талаага жатып алат. Зара хан баласын таап кайгысын билип, элин жыйып, акыл сурайт. Аял-эркек дебей, кыздын табышмагын таба албай турганда, атасы кедей Акылбек аттуу жаш бала, кыздын турган шаары Букара экенин, аты Көзөлшаа экендигин айтат. Зара хан Акылбектин акылына баа берип, Сагынга жолдош кылып, Букарга жөнөтөт. Сагын менен Акылбек көп сыноолорго кабылып, Акылбектин акылдуулугунан туш болгон сыноолорду жеӊип, акыры Көзөлшааны алып, өз шаарына келишип, Зара хан Акылбекти өз тактысына отургузуп, Сагынды анын вазири кылгандыгы менен жомок аяктайт. “Көзөлшаа” жомогунун идеясы карапайым эл арасынан чыккан Акылбектин жетик акылы менен кыйынчылыктардан жол таап, акылы менен элге алынышын жана эл башкарган Зара хандын адамдын жакшылыгын билип, ыраазычылыгын билдирип, элин ойлогон хан экендигин элге жеткирүү. А.Үсөнбаев бул идеяны ачып берүүдө Акылбектин, Сагындын, Көзөлшаанын образдарын жеткиликтүү, түшүнүктүү мүнөздөп бере алган.

Мисалы, Акылбексиз Сагын кыздын табышмактуу жашырынышынан баштап, анын атасынын аты Кулапан экендигин, шаары Букар экендигин, Көзөлшаанын гүлбагын караган чалдын аты Гүлбак экенин, кырк кыздын ар биринин өзүнө тиешелүү гүлү бар экенин кайдан билмек? Мына ушул окуялардын сүрөттөлүшү Алымкулдун элдик оозеки чыгарманы мыкты өздөштүрүшүнөн көрүнүп турат.

А.Үсөнбаевдин ыр түрүндөгү турмуштук жомокторунун дагы бири “Байкобул абышка”. Жомоктун башкы каарманы болгон Байкобул абышканын ар түрдүү окуялары окурмандарды кызыктырып, бирде күлдүрсө, бирде кайгыга салып, кызыктуу сюжети менен өзүнө тартат. Бул жомогунда ырчы хан Байкобул менен кедей абышка Байкобулдун образын карама-каршы коюп, ар биринин мүнөздөрүн так ачып берген. Абышка Байкобулдун алгач көгүчкөн кармап, ханга тартуу кылгысы келгени, андан соң балык кармап аны ханга тартуу кылып, ага үч дилде алып, анын бирин жоготуп алып издегени, кийин күмүш акча толгон кумураны таап алып, аны ханга алып барам деп катканы ж.б. окуялары аркылуу бирде оңой оокатка умтулган адамдын образы жаралса, бирде ар түрдүү кырдаалдан жол тапкан айлакер абышканын образы жаралат. Ал эми хан көбүнчө жомоктордогудай эле мактанчаак, мансапкор (Кайдан таптың дилдени, дилде хандын сүйгөнү), кедей адамды шылдыңга алган типтүү каарман. Анткени хандын мактоо сөзгө эргип, дагы да мактоого ээ болгусу келип, кайра да теңге карматкандагыдай эпизоддорду дагы башка элдик жомоктордон кездештиребиз. Башкача айтканда, каармандарды сүрөттөөдө, аларды типтештирүүдө, көркөм психологиялык боёкторду берүүдө элдик жомоктордо кезиккен салттуулук толук сакталган. Акындын башка жомоктору сыяктуу эле бул жомогунда да эки таптын ортосундагы ажырым жана акыйкаттык ар дайым карапайым адамдар тарапта экени ишенимдүү чагылдырылган. Ошондой эле сюжеттик-композициялык курулушу жагынан пейзаждык сүрөттөөлөр басымдуу кылса, окуяны көркөм чагылдырууда салыштыруу ыкмасына негизги басым берилгени байкалат. Бул төкмө

акындардын ойду берүүдөгү негизги ыкмалары болгондуктан, элдик жомокторду чагылдырууда да ыктуу пайдаланылган:

Улактай болгон бир балык,

Караса, илинип калыптыр. [79, 375-б.]

------------------------------

Жыпар жел жүрүп эркелеп,

Көк шибер, көлбүп термелди,

Күн жаркырап күлүңдөп,

Күмүштөй сулуу өң берди. [79, 386-б.]

“Жунусбай мерген” жомогу жогоруда сөз болгон жомоктордон айырмаланып, жети ар түрдүү эпизоддордон туруп, ар бирине ат коюу менен сюжет өнүгүп отурат жана желмогуз, ажыдаар сыяктуу каармандар бар. Ушул жагынан караганда бул жомок кереметтүү жомокторго жакын. Ал “Жунусбай жөнүндө баян” деген биринчи бөлүмдөн башталат. Бул бөлүмдө Жунусбай жөнүндө, анын көзгө атар мергендиги, жокчулук каарын төгүп турса да, кейибестиги, улуу-кичүү менен болгон мамилеси, адамгерчилик, берешендик сапаттары сүрөттөлөт. Кийинки бөлүмдөрдө аюу, карышкыр, өгүз сыяктуу жаныбарлар кошулуп, ар бир бөлүмдө Жунусбай мергендин эрдиги даңазаланып жүрүп отурат. Алымкул Үсөнбаевдин жогорку жомокторунда айтылгандай, бай-кедейдин ортосундагы карама-каршылык, байдын же хандын кедей адамдарга болгон мамилеси “Жунусбай мерген” жомогунда да уланат. Бул Сасыкбай байдын образы аркылуу ишке ашат. Сасыкбай кези келе калган учурда мергенди шылдыңдап калууга дайым ынтызар, мергендин жалгыз торпогун карышкыр жегенде да, ал шылдыңдаганын койгон жок. Ал эми Жунусбай мерген байга теңелип кайым айтышпастан кезегин күтүп жүрө берет, акыры Сасыкбайдын өгүзүнүн ордуна, доңузду байдын короосуна байлап, элге шылдың кылып кайтат. Шылдыңга чыдабаган бай мергенди жоготом деп, алдына алдырып келээрде Жунусбай да бараңын колуна алып, “же Жунусбай өлөт, же Сасыкбай өлөт” деп жаалданганын көргөн бай коркконунан элдешүүнү сунуштайт. Мына ушул бай-кедейдин ортосундагы карама-каршылык жомоктогу карышкыр,

өгүз сыяктуу жаныбарлардын кошулушу менен ишке ашат. Ал эми ажыдаар, желмогуз сыяктуу фантастикалык жаныбарлардын жомокто берилиши Жунусбай мергендин эр жүрөк, идеалдуу мерген экендигин дагы күчөтүп, жомоктун көркөмдүгүн арттырат. Кереметтүү жомоктордун башаты өтө тереңде, анткени бул жомоктордо элдин тотемдик, анимисттик, магиялык түшүнүктөрү камтылган, ал эми турмуштук жомоктор кийинчерээк пайда болгон десек болот. Демек, А.Үсөнбаев – элдик кереметтүү жана турмуштук жомокторду ырга айландырып, трансформациялоодо элдик жомокторго тиешелүү салттуулукту сактоо менен бирге, бул жомоктору сюжеттик, поэтикалык жактан жогорку деңгээлде иштеп чыккан акын. Акындын жомоктору чыгармаларынын жанрдык жактан ар түрдүү кылып, ошол эле мезгилде өздүк чеберчилигин да көрсөтөт. Бул маселелер оозеки айтылган элдик жомоктордун ырга түшүп, улам кийинки муундун көркөм казынасына кошулган мурас катары карайбыз. Өз кезегинде бул жомоктор элдик жомоктордун жаңыча өмүр алышына өбөлгө болуп, адабий жомоктордун жаралышына негиз болуп берет.

Адабий жомок менен элдик жомоктордун айырмачылыгын Солтобаева К.Б. ачык көрсөтүп берген: "Адабий жомок башкалар өзгөртө алгыс өз көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Автор окурманды болгон окуяга көбүрөөк ишендирүү үчүн иш аракеттин, окуянын ордун майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөп, каармандарын турмуш чындыгына жакындатууга аракеттенет. Жазуучу каармандын ички дүйнөсүн иликтөөгө, башынан кечирген кубаныч кайгысын чагылдырууга далалаттанат. Башкача айтканда, адабий жомоктогу күчтүү психологизмди фольклордон кездештирбейбиз. Адабий жомок негизинен так автору жана жазуу түрүндө жарык көргөн көлөмдүү өзгөрүлгүс тексти менен өзгөчөлөнөт. Адабий жомоктор элдик жомоктордон кеңири кайрадан баяндоосу менен гана эмес оңой менен түшүнө алгыс сюжеттери, ар башка түрү (форма) менен да айырмаланат"[68, 21-б.]. Ал эми А.Үсөнбаевдин жомокторунда биз байкагандай бир жагынан күчтүү психологизм, татаал сюжеттик курулмалар жокко эсе болсо, экинчи жагынан акындын чыгармачылыгы фольклордун негизинде калыптанып,

өнүгүп келгендигин эске алсак, чыгармалары фольклордук алкактан толук чыгып кете албайт деген ойдобуз. Бул жагдайларга карабастан А.Үсөнбаевдин жомоктору элдик жомокторду ырга айландырып, жаңычылдыктарды кошуп, формалык жактан өзгөргөн жаңы вариант катары, элдик жомоктон, адабий жомокко өтүүдөгү бир баскыч катары карайбыз.

### 2.2. А.Үсөнбаевдин вариантындагы «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Кедейкан» эпосторунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү

Алымкул Үсөнбаевдин эпосторду айтуучулугу – анын көп кырдуу чыгармачылыгынын дагы бир салмактуу жагы болуп эсептелет. Эпикалык мурастар, айтуучулук, варианттуулук боюнча көптөгөн чет элдик жана кыргыз фольклористтери баалуу ой-пикирлерин айтып келишкен. Мисалы А.Лорддун пикирине таяна турган болсок, окумуштуу айтуучулукту үч стадияга бөлөт. Биринчи стадияда айтуучу – жөн гана угуучу. Экинчи стадияда айтуучу, устатынан музыкалык инструменттин жардамы менен (же жардамысыз деле) эпосту айтуунун, аткаруунун, баяндай билүүнүн бардык жол-жобосун толук үйрөнөт. Үчүнчү стадияда айтуучу белгилүү бир эпикалык чыгарманы эл алдына аткарууга жарап калат. [51,33-37-бет.] Фольклористтин пикири же айтуучулуктагы бул такшалуу этабы кыргыз акын-ырчыларына деле туура келет. Бирок, А.Лорд таянган Югославиялык айтуучулар эпикалык чакан бул же тигил чыгарманы устатынан ошол калыбында жаттап алып, көп учурда эч жерине ондоо кийирбей, дал өзүндөй аткарууга шартталат. [51,39-бет.] Ал эми кыргыз элинин белгилүү айтуучуларына бул жагдай мүнөздүү эмес (сөз К.Акиев, А.Үсөнбаев, О.Бөлөбалаев, К.Досуев сыяктуу белгилүү төкмө акындар жөнүндө болуп жатат – С.Ж.) . Андай болгон учурда “Манас” эпосу баштаган майда жомокторго чейинки ар түрдүү варианттар жаралбайт эле. Ал гана эмес бир эле таланттуу манасчы же төкмө ырчылар бир эле эпикалык чыгарманы түрдүүчө айткан учурлар арбын кездешет. “Ар түркүн себептер менен азыр

эле тартылган эпизодду көп учурларда кайра тартууга туура келгенде, Сакең (Саякбай) мурдагы айткан сөздөрүн эч качан так кайталабай, улам башкачалап турчу экен, ал эми дастанчы кызып келгенде камерадагы тасма бүтүп калып, дайыма эле техника анын артынан үлгүрө албагандыгы режиссерду (Мелис Убукеевди) бөтөнчө таң калытырыптыр" [95]. "Кара жаак Калык" атанган белгилүү Калык Акиевдин шакирти Сарыкунан да устатынын бир чыгарманы ар учурда улам күчтөп, түрлөнтүп айта турганын эскергени бар. [57, 76-б.] Демек, кыргыздын белгилүү акын-ырчылары элден же устатынан уккан эпикалык чыгарманы кайталап айтып айтуучу бойдон калбастан, акындык талантына, өздүк чеберчилигине жараша кайрадан иштеп чыгып, сюжеттик, поэтикалык жактан өнүктүргөн жаратуучулар болгон.

А.Үсөнбаевдин вариантында "Кожожаш", "Олжобай менен Кишимжан", "Саринжи-Бөкөй" жана көлөмү чакан "Кедейкан" кенже эпостору бар. Акындын вариантындагы бул кенже эпостор ("Кедейкандан" башкасы – С.Ж.) 1938-жылдан бери бир канча жолу басылып, окурмандарга тартууланып келди. Акындын чыгармачылыгынын өнүгүшүнө биринчи кезекте элдик оозеки чыгармачылык негизги булак болуп берсе, экинчи кезекте устаты Токтогул Сатылгановдун орду чоң болгон. Жогорудагы кенже эпосторду акын бала кезинен эл арасынан угуп чоңойсо, кийин устаты Токтогулдан үйрөнгөн. А.Үсөнбаев устаты Т.Сатылгановдун жанында жүрүп ал айткан эпостордун, жомоктордун көбүн өздөштүрүп, баарын толук аткара билүү өзгөчөлүгүнө ээ болгон. Өз алдынча эл алдына чыгып төгүп ырдап, ыр куруунун техникасын өздөштүргөн. Бирок акындар чыгармачылыгы боюнча илимпоз изилдөөчү А.Обозканов айтуучулар боюнча төмөндөгүдөй оюн билдирет: «Айтуучу – биринчиден, өзү айтчу, жаратчу чыгарманын негизги өзөгүн элдик чакан жомок, айтым, аңыз, уламалардан алып, арбытып айтып, ар тарабынан байытып, көркөмдөп, эпостук даражага көтөрүп, же жаңы чыгарма жаратып айткан алп төкмөлөр. Экинчиден, таланттуу ырчылар тарабынан айтылып жүргөн эпос, дастандарды алардан үйрөнүп алып эч жерине оңдоо, түзөө киргизбестен

(булардын акындыгы жок бирок, өнөрү, эске тутуусу күчтүү куйма кулак адамдар), ошол калыбында аткаруучу – элге таратуучулар» [57,74-б.]. Тактап айтканда, биринчиси устатынан үйрөнгөн материалды мезгил-убакыттын өтүшү менен оңдоп түзөп, алымча-кошумчаларды киргизип, өзүнүн вариантын сунуштайт, жөнөкөй сөз менен айтканда, жаратуучу. Экинчиси, устатынан үйрөнгөн материалдарды эске тутуусунун өзгөчөлүгү менен жаттап калып, элге жеткирет. Бул жерде эч кандай устатындагы материалды кайра иштеп чыгуу деген жок. Эми А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жогорку аталган эки багыттын кайсы тобуна кириши мүмкүн деген суроого жооп издейбиз. Анткени окумуштуу жана фольклорист О.Сооронов «Кедейкан» деген кенже эпостун баш сөзүн жазып жатып мындай кызыктуу фактыга токтолгон: «Токтогулга барып сабак алган, чоң акын болуп калганга чейин Токтогулга шакирт болуп жүргөн Алымкул Үсөнбаев «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй» эпосторунун айтуучусу, К.Акиев «Жаныш-Байыш», «Курманбек» эпосторунун айтуучусу, а түгүл бул чыгармалардын автору катарында кабыл алына баштаган учурлары да бар. Ал эми Токтогулдун ысымы бул чыгармаларга байланыштуу эч жерде эскерилбей келатканын жогоруда айттык. Бул меселеде адилеттүүлүк кылгыбыз келсе, аталган эпосторду жарыялоодо Токтогулду биринчи атап, анан «айтып, жаздырган Калык Акиев же Алымкул Үсөнбаев» десек туура болот эле» [32,7-б.] деген пикирин билдирген. Ушул эле ойду улай: «Мынтүүгө болгондон кийин (К. Акиев «Кедейканды» айтуучу катары Токтогулду атаган делет) Алымкул Үсөнбаев айткан делген «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш» эпосторунда Токтогулду эмне үчүн кошуп жазып коюуга болбосун? Болмок. [32, 6-б].

Бул жердеги кайрылып аткан маселелердин себеби, айтуучулук өнөрдүн экинчи үчүнчү стадиясында процесстерге барып такалат. Анын үстүнө О.Сооронов айткан көз карашка такала турган болсок, анда А.Үсөнбаев устаты Т.Сатылгановдон үйрөнгөн материалды айтуучу катары эч кандай иштеп чыкпастан, Токтогулдун вариантын гана айткан болуш керек деген ойго барып такайт.

Жогорудагы А.Лорддун жана А.Обозкановдун эмгектерине дагы да үңүлүп көз жүгүртсөк, такшалган айтуучу боло албай калган акындар да кездешет деген ойду жолуктурабыз. Алардын кемчилиги ыр куруу формуласын аң-сезимсиз деңгээлге көтөрүп, тематикалык жактан структуралык багытта ой жүгүртүп, ырларды бир бүтүндүк кылып жаратуу таланты жетишсиз болгону. Ал эми жогоркуларды жеңип, кийинки тепкичке көтөрүлгөн инсандарга жаңы сюжет, андагы каармандар жана тема берип койсо, өздүк чыгармачылыктан өткөрүп, кыял-фантазиясын иштетип, салттуулуктун өзөгүндө жаңы нерсени жаратарын А.Лорд жогорку эмгегинде жазат.

Тилекке каршы Т.Сатылгановдон жогорудагы чыгармалардын бири да жазылбай калганы абдан кейиштүү, бирок толук кандуу А.Үсөнбаев айтып кеткен «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй» эпосторун да Токтогулга ыйгара берүү негизсиз. Анткени алп акын Токтогул кандай иштеп чыкты эле жана А.Үсөнбаев канча пайызын айтуучулук таланты менен кайра жарата алды же жөн гана жаттап алып айтып жүрөбү дегенди далилдеш да кыйын. Т.Сатылгановдун акындык дарамети жана чийки материалды өздүк аңдоодон өткөрүп, эстетикалык көркөм дөөлөттү жарата алчу кубатына шегибиз жок, бир гана Т.Сатылгановдун жанында башка акындарды эч кандай илимий аргументи жок тарыхый ордун төмөндөтө берүү негизсиз. Анткени А.Үсөнбаев репертуарындагы «Көзөлшаа», “Жолборс минген киши” ж.б. кара сөз менен айтылган жомокторду ырга салып, сюжеттик-композициялык курулушу, көркөм сөз каражаттары, идеялык-тематикалык жактан жакшы иштеп чыккан. Ал эми бул аталган жомоктор Т.Сатылгановдо жана А.Үсөнбаев үлгү алган эч бир акында ыр формасында айтылган варианттары кездешпегенин эске алып, А.Үсөнбаев жараткан «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй» эпосторунун варианттары өз алдынча чеберчилик менен өздөштүрүлгөн өзүнүн алымча кошумчаларын жасай алган жаңычыл үлгүсү деп атоого болот.

«Кожожаш» эпосун Сулайман Конокбаев, Төлөмүш Жээнтаев жана Алымкул Үсөнбаевдердин айткан варианттары белгилүү. К.Мифтаков тарабынан 1923-жылы 24-июнда Таластын Кең-Кол жергесинен Сулайман Конокбаевден араб арибинде кагаз бетине түшүрөт [инв.№347]. Андан кийин З.Мамытбеков тарабынан 1949-жылы ысык-көлдүк ырчы Төлөмүш Жээнтаевден жазып алган [инв.№357]. Бул варианттар КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталууда. Ал эми Алымкул Үсөнбаевдин айткан варианты кол жазмалар фондунда жок болгон үчүн 1938-жылы Мукай Элебаев тарабынан басмага даярдалган үлгүсү түп нуска катары эсептелип жүрөт.

"Кожожаш" эпосу жана анын варианттары боюнча бүгүнкү күнгө чейин Закиров С., Кырбашев К., Самарин Г., Мусаев С., Таштемиров Ж., ж.б. окумуштуулар варианттарды салыштырып, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү, баяндоо ыкмасы, көркөмдүк, поэтикалык өзгөчөлүктөрүнө чейин иликтөөлөрдү жүргүзүп келишкен. Ал эми бул илимий иште А.Үсөнбаевдин айтуусундагы "Кожожаш" эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн толуктап тактоого аракеттер көрүлөт. Жогорудагы окумуштуулардын эмгектеринде "Кожожаш" поэма (Закиров С.), дастан (Кырбашев К.), эпос (Мусаев С.) катары берилип келет. Ал эми Г.Орозованын "Элдик поэмаларды кенже эпостордон айырмалай турган негизги критерийлер деп – анын көлөмүнүн чакандыгын, композициялык түзүлүшүнүн жөнөкөйлүгүн, катышкан каармандардын аздыгын, сюжетке шайкеш келген поэтикасын жана сюжеттеги баш каармандын өмүр жолундагы орчундуу бир учурун, керт башына тиешелүү трагедиясын гана чагылдырышын эсептейбиз" [59, 36-бет] деген элдик поэмалар тууралуу айткан пикирин эске алуу менен адабияттын тарыхы, энциклопедиялык окуу куралдарына таянып жана жанрдык, союжеттик, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө карап кенже эпос деп берүүнү туура көрдүк.

Жазылып алынган 3 варианттын тең өзөгүндө Сурэчки кайберен менен Кожожаштын ортосундагы конфликт орун алып, Кожожаштын жана Сурэчкинин түшү, көзгө атар мергендин кайберендерди кырганы жана

Сурэчкинин өч алышы орун алып, ар бир айтуучу чыгармачылык дараметине жараша өздүк аңдоодон өткөрүп иштеп чыккан. Бирок ар бир айтуучу устаттарынан алган тажрыйбасына, ырчылык талантына, ой-кыял чабытына жараша Кожожаш жөнүндөгү жомоктук-мифологиялык окуяны мезгилдин духуна салып, иштеп чыккан. Айрыкча А.Үсөнбаев ырчылык таланты, устатынан алган тажрыйбанын (Т.Сатылганов кенже эпостордун баарын айта билгенин айтып өттүк) аркасында Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевге караганда сюжеттик ыргак, ыр куруу, мотив жагынан мыкты экенин көрсөттү. Акындын вариантындагы жоктоо, каргыш, керез сындуу элдик ырлар кеңири пайдаланылат. Муну өзү варианттын көркөм жана жеткилең иштелишин шарттаган. Бул тууралуу С.Закиров “Кожожаш” эпосунун кээ бир маселелери” деген эмгегинде “Идеялык-көркөмдүк жагынан А.Үсөнбаевден жазылган вариант С.Конокбаевден, Т.Жээнтаевден жазылып алынган варианттарга салыштырганда жогорку деңгээлде турат” [22,65-б.] десе, “Эл адабияты” сериясынын 1996-жылда (2015-жылы кайра басылган) чыккан 1-томундагы “Кожожаш” жана анын варианттары” деген эмгегинде К.Кырбашев да Алымкулдун элди көп аралап, ырчылык кесибин, чеберчилигин күндөн-күнгө өнүктүрүп жүрүп отуруу менен айтуучулук деңгээлин көтөргөнүн айтып, мисалга акындын вариантындагы “Кожожаш” эпосун келтирет [37, 39-бет].

Жогорудагы үч варианттын сюжеттик жалпылыктары таблица түрүндө (3-тиркеме) берилди. Бул ыкма айтуучулардын варианттарындагы сюжеттик салттулуктун жалпылыктары менен бирге өзгөчөлүктөрүн ажыратып талдоого ыңгайлуу. А.Үсөнбаев менен С.Конокбаевдин вариантындагы негизги жалпылыктар төмөнкүлөр: Кожожаштын балалык чагы, мергенчилиги; Кожожаштын Зулайкага үйлөнүшү; Кожожаштын жана Сурэчкинин көргөн түштөрү; Кожожаш жана Сурэчкинин жолугушуусу, эчкинин каргышы; Кожожашты Сурэчкинин азгырып алып кетиши; Кожожаштын аскада калышы, мергендин өлүмү; Молдожаш.

Ал эми Т.Жээнтавдин вариантында Кожожаштын балалык чагы, Зулайкага үйлөнүшү, Сурэчкинин Кожожашты азгырып алып кетиши жана Молдожаш жөнүндө айтылбайт.

Төкмө акын А.Үсөнбаевдин айткан «Кожожаш» эпосунда Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевдин варианттарына караганда бир топ сюжеттик айырмачылыктар жана чыгармачылык дүйнөтаанымына жараша иштеп чыгуулар орун алган. Тактап айтканда, эпостогу мотивдерди көкүрөктөн өткөрүп, болгон окуяны өзүнүн көз карашы менен чагылдырганга аракет кылат. Ошондуктан Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевдин варианттары менен салыштырып жүрүп олтурабыз.

А.Үсөнбаевдин вариантында Кожожаш Карыпбай деген жалчынын баласы болуп, Кара-Кол деген аймакты жердеген жыйырма түтүн кытай уруусунун көзгө басар мергенчиси атанып, эли-журтун тоо эчки-текенин эти менен багып келген. Мындай кырдаал эки ырчынын тең сюжеттик курулушунда кездешет. Ал эми Каракожо кызы Зулайканы күйөөлөп барган окуясы жогорку эки автордун айтканында кезикпейт. Бул сюжеттик өзөктү айтуучунун чыгармачылык кыялынан жаралган деп бааласак болчудай. Анткени кыргыз элинин маданий өзөгүн көтөрүп жүргөн катмар менен жакын тааныш болгондуктан баатырдык эпостун туруктуу канондук сюжеттеринин бири болгон баатырга жар тандоо деген мотивди «Кожожаш» эпосуна ийгиликтүү кошуп, Зулайканы жар тандатат. Бул тууралуу С.Закиров жогорудагы көрсөтүлгөн эмгегинде эпостун чыгыш тегин иликтеп жатып мындай дейт: “Кыздын түбөлүк жарды “эркин” тандашы этнографиялык жана тарыхый материалдарга караганда энелик доорго таандык экени айтылат. [22,18-б.]. Демек, А.Үсөнбаевдин айтуусундагы вариантта эпостун байыркылыгынан кабар алабыз.

Каракожо деген бай кызын өзү тандаган адамга калыңсыз берет экен деген жаңылыкты калайык калың журт угуп, Кожожаш ууда жүрүп укпай калат. Бирок Зулайка сулуу эч бир адамды жактырбай, күйөөлөп келген адамдардын баарын жоопсуз айдайт. Бир гана Кожожаш мерген барбай калат. Кожожаш мергенчиликтен айылына келгенде айылдаштары көндүрүп,

Зулайкага жиберишет. Зулайка сулуу көзгө атаар мергенди жактырып, жубайлыкка тандайт. Зулайканын атасы Каракожо чоң той өткөрүп, жамбы атуу боюнча сынак коюп, бирок эч бир мерген ата албай койгондо Кожожаш атып түшүрүп, кайын журттун алдында өзүн да, жубайын да көтөрмөлөйт.

Экөө баш кошуп жашап жүргөн күндөрдүн биринде Кожожаш түш көрөт. Мындай түш көрүү салты Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевдин варианттарында кездешет. Түш көрүү салты тууралуу Ж.Орозобекванын "Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу" аттуу эмгегинде "Айтуучу эпикалык чыгармадыгы түштөрдү сүрөттөөдө бирдей типтеги форманы колдонгон. Маселен: 1.Түш көрөт; 2. Түш той менен аяктайт; 3. Түш кийинки окуянын уланышына керектүү бир негизги функцияны аткарат" [58, 64-бет.] деген пикирди айтат. Биз иликтөөгө алган А.Үсөнбаевдин жана башка айтуучуларда да түш көрүү, анын жорулушу кийинки окуялардын уланышы үчүн негизги функция аткарып турат.

А.Үсөнбаевдин вариантында Кожожаш алдына атын минип, үстүнө кийимин кийип, ийинине Акбараңын артып алып Соң-Көлдүн өзүнөн, бийик тоонун көзүнөн отуз улак, кырк чебичти аткылап жүрүп, адам буту баспаган аска-зоонун боорунда как деген карга-кузгун жок жерде намаз окуп жалгыз калган түштү көрөт. Мына ушул түштү айыл аксакалдарга, насаат айткан кожо-эшендерине жоорутпастан, жубайы Зулайкага чечмелетет. Көргөн түштүн кыйын иш экенин баамдап, көтөрүп жүргөн темирди (куралын) таштабаса, кары картаң ата-энесин, айылдаштарын жана жаңы эле үйлөнгөн жарынан айрыларын эскертип, айтып берет.

Ошол эле маалда Сурэчки да түш көрүп, текеси менен кеңешип, жер которуштуруп кетүүнү ойлошот. Алабаш текеси макул болуп жер караштырып жүрүп Кууказык деген мергендин огунан араң качып кутулат. Сулайман Конокбаевдин вариантында карып калдым бул жерден кайда кетем деп болбой койсо, ал эми Төлөмүш Жээнтаевдин вариантында Сурэчкини такыр эле укпай коет. А.Үсөнбаев Сурэчки менен Алабаш текени укум-тукумга камкор, келечегин ойлогон жаныбар катары бергенге аракет кылган.

Кожожаш Зулайканын айткан кеңешин укпастан ууга кетип, Сурэчкинин миңдеген тукумун жана текеси Алабашты мууздап өлтүрүп каргышка калат. Бирок Сурэчки Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевдин варианттарында мергенди алдап барып аскага таштаса, ал эми А.Үсөнбаевдин айткан вариантында Кожожаш Сурэчкини колго кармайм деп убадалашып, ант берет. Мына ошол убаданы, антты аткарыш үчүн Зулайканы да, ата-энесин да, эли-журтун да укпай аркасынан жөнөйт. Аркасынан Зулайка издеп таап, кетели десе дагы макул болбой коет. Ошону менен аскага барып, чыкпай калат. Атасы издеп жүрүп аскадан таап, эли-журту шаты жасап түшүргөнгө, аркан эшип тартып алганга аракет кылат. Бирок кылган аракеттери оңунан чыкпай, акыркы керезин айтып өлөт. Зулай алты айлык боюнда бар: атын эркек болсо, Молдожаш, кыз болсо, Каныш кой деп Акбараңды аскадан ыргытып жибергенде майдаланып кетет, аны Зулайка чогултуп алат. Ошону менен күндөр өтүп Кожожаштын иниси Сарткошчуга Зулайдын башын байлап коет. Жогоруда аталган эки вариантта тең Кожожаштын иниси жөнүндө сөз болгон эмес. Мындан кийинки сюжеттик-композициялык курулушту А.Үсөнбаев логикалуу жыйынтыктап берген. Сулайман Конокбаевдин вариантында Кожожаш аскадан учуп өлгөндөн кийин алты айлык боюнда калды деп гана чыгарма аяктайт, ал эми Төлөмүш Жээнтаевдин вариантында Кожожаш жана Кермекаштын (Зулайка деген аялы болбойт, Кермекаш деген кудалашкан сүйгөнү болот) өлүмү менен чыгарма аягына чыгат. А.Үсөнбаев кульминациялык жыйынтыгын позитивдүү маанайда жакшы иштеп чыкканын баамдасак болот. Негизи Кожожаш жөнүндө окуянын идеялык багыты – адам менен жаратылыштын ортосундагы тең салмактуулукту бузган адам табияттын же жан-жаныбардын каарына каларын, зыянын тартарын көрсөтөт. Бирок төкмө акын андан ары улап кыргыздын кайберен жөнүндөгү мифологиялык уламыштарын көркөм иштеп чыгып, кошумчалаган. Тактап айтканда, кыргыз элинде токсон жашка чыккан карыя (кыш), кырк жаштагы чилде, беш жаштагы беш тогоол жана токсон карыянын кемпири суук (үшүк), кызы Аш-Афран деген тоодо жашаган үйбүлөгө кайберен аткан көзгө атар мерген жолугат. Тоо боорунда

мергендеп жүрүп кыштын үйүнө кирип, эликтин туягынан даам сызат. Ошол учурда баары көздөн кайым болот. Мергендин колунда туягы менен толтура айран калат. Аны менен бүт айылды тойгузат [53, 97-б]. Ушул эле мифологиялык окуяны Молдожаштын окуясына ылайыкташтырып иштеп чыккан. Молдожаш дагы атасы жөнүндө угуп, Сурэчкиден өч алмак болуп аттанып, кайберенди колго кармап алат. Ошондо Сурэчки жан соога сурап, Ашайран деген кызын турмушка берерин убадалап, үйүнө ээрчитип барат. Мергенди колдон келишинче сыйлап эликтин туягына айран куюп берип, курсагы тойгуча ичирет. Эртеси баары көздөн кайым болуп бир гана алган жары калат. Аны ээрчитип алып кытайларга барса, Молдожаш дагы өлдү деп аш кылып жаткандардын үстүнөн чыгып, ашы тойго айланат.

А.Үсөнбаевдин эпостун идеялык концепциясын өзгөчө оригиналдуулук менен иштеп чыкканын көрсөк болот. Кожожаш кудай берген өзгөчө талантты аша чаап пайдаланып, адам менен табияттын ортосундагы тең салмактуулукту бузуп, Сурэчкини каргышы Молдожаштын кеги менен уланып, ошол конфликтти табият биринчи колун сунуп, бир нукка, ыргакка келтирди. А.Үсөнбаев Сулайман Конокбаев жана Төлөмүш Жээнтаевдин варианттарынан айырмаланып, көчмөндөрдүн көкүрөгүндө жаткан эңсөөнү сезимталдык менен аңдап, чыгармачылык көркөм таланты аркылуу элине тартуулай алды.

Кыргыз элинин сүйүүгө чулганган **“Олжобай менен Кишимжан”** лирикалык эпосунун үч варианты жазылып калган. 1925-27-жылдар аралыгында Түп районунун Күрмөнтү айылында Сопубек Сакетаевден, экинчиси Кабылов Матраимден Чоң Алай районунан жазылып алынган. Үчүнчү вариантын төкмө акын А.Үсөнбаевден 1940-жылы институтуттун кызматкерлери тарабынан жазылып алынган.

Эл оозунда сакталып келген окуяны ырга салып, эпоско айландырган инсандардын акындык табияты, кайталангыс кыялы чоң мааниге ээ. Анткени кенже эпостун жазылып алынган варианттарынын көркөмдүк деңгээли ар кандай экенин айткыбыз келет. Сөз куру болбос үчүн Сопубек Сакетаевдин жана Алымкум Үсөнбаевдин варианттарын салыштырып жүрүп олтурабыз.

Жогоруда белгилеп кеткендей А.Үсөнбаевдин төкмө акындык таланты, көркөм кабылдоо өзгөчөлүгүн баса белгилеп кетүү зарыл, анткени С.Сопубековдун вариантына салыштырмалуу «Олжобай менен Кишимжан» эпосундагы окуяларга дыкат мамиле жасап, сюжеттик-композициялык курулушун, каармандардын эстетикалык өзгөчөлүгүн, көркөм сөз каражаттарын профессионалдуулук менен пайдаланган.

А.Үсөнбаев айткан вариантта Олжобайдын атасы Солтобай деген кыпчак элинин белдүү баатыры Курама деген досу менен бирге жубай издеп чыкканынан башталат. Аял издеп жүрүп, кыдырбаган жер, аралабаган эл калбайт. Кулжыгач деген адамдын Бегимжан, Канымжан, Алымкан деген үч кызы болот. Бегимжан деген кызынын сулуулугуна жана акылмандыгына көзү түшүп жактырып калат. Кыргыз адабиятынын тарыхындагы М.Мукасовдун “Олжобай менен Кишимжан” эпосу тууралуу эмгекте “Күйөө болуучу жигиттин эл-жерди кыдырып кыз тандоосу кыргыз элинде эзелтеден бери келе жаткан салттык көрүнүш. Бул – үйлөнүүчүлөр үчүн сүйүү эркиндигине жол берген, өз учуру үчүн прогрессивдүү салт болгон” [44, 306-бет] деп берет. Бул салттык көрүнүш кыргыз элинин башка эпосторунда да учурайт, мисалы “Манас” эпосунда Бокмурундун, Семетейдин жар издеши. Мына ушул салттык көрүнүштү А.Үсөнбаевдин айтуусундагы варианттан жолуктурабыз.

Олжобай Бегимжан менен кудалашканга досу Кураманы ортомчу кылып кыздын атасы Кулжыгачка жиберет. Бирок Кулжыгач бир талап менен кызды турмушка берүүгө макул экенин билдирет. Солтобайдан эч кандай кызга берчү калыңдын кереги жок, болгону кыздын төркүнүнө жакын жерге отурукташып жайгашып, мага көз салып турсун деген талап коет. Анткени Кулжыгачтын эркек уулу жок болуп, кыздары гана болот. Солтобай Бегимжанды катуу жактырып калгандыктан койгон талабына макул болуп, кайын журтуна орун очок алып жашап калат. Солтобай менен Бегимжан Олжобай аттуу балалуу болушат, ал эми Кулжыгач менен кемпири Кишимжан аттуу кыздуу болушуп, экөө жаш кезинен эгиз козудай чоңоюшат. Солтобай Олжобай эс тартып келе жатканда жарык дүйнө менен

кош айтышып, өтүп кетет. Кулжыгачтын иниси Кудаке деген Солтабайды да, Олжобайды да Бегимжанды калыңсыз алган деп, башынан каршы экенин көрсөтүп жүрүп, Солтобай өлгөндөн кийин ачык эле каршы чыгып, кыпчак элине айдап жиберет. Кудаке менен Олжобайдын ортосундагы конфликт дал ушинтип окуянын чиеленишине алып келет. Кишимжан Олжобайды кууганы үчүн Кудакени жек көрүп, мамилелер бузулат. Бул бөлүм жөнүндө кыргыз адабиятынын тарыхындагы М.Мукасовдун пикирине толук кошулууга болот: «Олжобай менен Кишимжан» эпосунун биринчи бөлүгү Солтобай менен Бегимжандын үйлөнүшүнө байланыштуу окуя, матриархаттык доордо пайда болгон байыркы сюжет кийинки доордун көз карашына ылайык, кайрадан ойлонуштурулуп, жаңыча мазмунга ээ болуп, трансформацияланып, кийинки жаралган чыгармага пайдаланылган”. [44, 311-бет].

Ал эми С.Сопубековдун айткан вариантында Олжобайдын жана Кишимжандын өткөн тарыхы, Кудаке менен конфликтиси жана Кулжыгачтын, Бегимжандын ордун көргөзүп берген эмес. Кишимжан Олжобайдын дайыны жөнүндө Момунжандан укканынан башталат.

А.Үсөнбаевдин вариантында Олжобайдын кыпчактарга кетип калышын реалдуу мотив менен негиздеп, чыгарманын башталышын, өнүгүшүн жакшы кылып негиздеп берген. Атасы өлүп, жетим калып, жакындары тарабынан куугунтуктуалып, колуктусунан ажыроо же үйлөнүү үчүн тоскоолдуктарга учуроо кыргыз эпосторунда кеңири учураган мотивдерден болуп саналат. (“Семетей”, “Саринжи-Бөкөй”, “Мендирман”ж.б.)

Олжобай менен Кишимжандын окуясы боюнча эки вариант негизинен жалпы сюжеттик негизде өнүккөн. Эки варианттагы окуялар кыргыз элдик ооеки чыгармачылыгындагы ошондой эле чыгыш элдердин башка эпос, поэмалар менен окшош жактары арбын («Саринжи, Бөкөй», «Мендирман», «Ак Саткын менен Мырза уул», «Ак Мөөр», «Тахир менен Зухра», «Лайли менен Мажнун», «Фархад жана Ширин», «Кыз жибек», «Козу көрпөш, Баян сулуу»). Өзгөчө А.Үсөнбаевдин варианты “казактардын «Козу көрпөш, Баян сулуу» эпосу менен темасы, айрым мотивдери жагынан гана эмес, кээде

бүтүндөй бир эпизоддору боюнча бири-бирине дал келишет" [44, 311-бет]. Бул жагдайды А.Үсөнбаев казак элине да акындык кылып, казак акындары менен тыгыз байланышта болгондугу менен түшүндүрсөк болот. Жээнинин таежесине ашык болгон турмуштук салт эпосторго, поэмаларга өзүнчө мотив болуп киргендиги байкалат. Эки вариантта тең Олжобайдын Кишимжанга ашык болуусу, С.Сакетаевдин вариантында Олжобайдын уулу Акберди Чачыкейдин Аксурмага үйлөнүшү буга мисал. Ал эми А.Үсөнбаев өзүнүн "Айкүмүштүн такилет" деген айтым күүсүндө (кийин бул күүнүн негизинде "Айкүмүш" поэмасын жаратакан – С.Ж.) Каралтай таежеси Айкүмүшкө үйлөнөт.

Эки вариантта тең Олжобайдын туулган жерине барып, Кишимжанга жолугуусуна Чачыке каршылыгын көрсөтөт. Бирок эки айтуучунун ар башка мамилеси байкалат. С.Сакетаевдин айткан вариантында маалымат жеткирген Момунжанды Олжобайдын аялы Чачыкей түшүндө көрүп, аны тааныйт. Ошол замат эле Олжобайдын көзүнчө кылычты көтөрүп чыгып сабап кирет.

«Өлөрүн анык билди дейт,
Олжобайдай төрөнүн,
Атынын кирип астына,
Корголоп байкуш калды дейт.
Биягынан чабарда,
Тиягынан чыгат дейт.
Быягынан чабарда,
Тиягынан чыгат дейт.
Чаптырбай жүрөт Момунжан,
Кой деп айтаар бекен деп,
Көзү жайнап турат дейт.

Ай – деп бирөө айтпады [33, 235-б.] деп жолугушуну сүрөттөйт. Олжобай арача түшпөй койгондо жансоогалап атып араң кутулуп чыгып качып жөнөйт. Бирок жолдон Кишимжанга берген убаданы аткарайын деп, кайра бурулуп Олжобайдын өзүнө жолугат.

Ал эми А.Үсөнбаевдин вариантында Акмамат деген соодагерге айттырып, Олжобайга жолугуп туулуп өскөн жери жана Кишимжан жөнүндө кабар берет. Туулуп өскөн жеримден жакшы кабар алып келген кабарчы деп үйүнө конок кылат. Ал жерден Чачыкей кылычты көтөргөндө:

Уялсаң, Чачы, тил отур,
Уруштун жөнүн баштаба
Коркомбу сенден өлтүрсөм?
Коркуп калды Акмамат.
Кожоңдоп Чачы желпинсең,
Колуңда турган ак кылыч,
Өзүңдү союп жүрбөсүн.
Акылың болсо куу тумшук,
Ачууданбай тынчтан.

Акмамат сенден өлчү киши эмес [33, 109-б.] – деп эркек катары, кыпчак элинин жол башчысы катары өктөм сөзүн айтат.

Бир эле кырдаалга эки айтуучунун эки башка мамилесин көрсөтүп турат. Тактап айтканда, С.Сакетаев Олжобайды аялына көз каранды чечкинсиз инсан катары  Чачыкейдин жетегинде жүргөн адам катары көрсөтүп турат. Ал эми А.Үсөнбаев Олжобайды чечкиндүү, салмактуу жана адилеттүү баатыр катары көрсөтөт.

А.Үсөнбаевдин вариантындагы дагы бир салттуу мотив – ашыгып келген Олжобайдын, Кудаке Кишимжанды зордоп багыштардын Байназарына берип жаткан тойдун үстүнөн чыгышы. Мындай мотивди гректердин “Одиссеясынан” баштап, түрк элдеринин “Алпамыш”, кыргыздын “Жаныш-Байыш” эпосунан, “Ак Мактым” поэмасынан кездештиребиз.

Негизи «Олжобай менен Кишимжан» кенже эпосунун лейтмотиви эки каармандын ортосунда сүйүү баянына барып такалат. Көчмөн кыргыздар аял менен эркектин ортосундагы улуу сезимди кандай кабылдап келди жана сезими үчүн кандай күрөшкөнүн көрсөткөн чыгарма катары эсептелет. Ал эми С.Сакетаевдинн айткан вариантында Олжобай менен Кишимжандын

ортосундагы сүйүү сезимине караганда баатырдык мотивдерди аралаштырып, негизги орун Олжобайдын уулу Акбердинин чоңоюшу, алгачкы эрдиги, ата-тегин угушу жана атасын өлтүргөн Кудакеден өч алуу сыяктуу мотивдердин кошулушу менен аталышы менен мазмуну эки башка болуп калган. Олжобай менен Кишимжандын сүйүү баянына караганда Акбердинин сырт келбети жөнүндө көп айтылат. Айрыкча баатырдык эпоско тийиштүү мотивдер көбүрөк берилген. Чачыкейдин түш көрүшү, Акбердинин колуна кан чеңгелдеп түшүшү, ата-тегин угушу жана издеп барышы, атасынын кегин алуу сыяктуу маңызда иштеп чыгып, лирикалык жанрдан баатырдык эпикалык жанрга өткөргөнгө аракет көргөн. Ошентип Олжобай менен Кишимжандан негизги фигура катары Акбердиге ооп кеткен.

А.Үсөнбаевдин вариантындагы айтылган эпосто Олжобай менен Кишимжандын сүйүү сезимдери абдан драмалуу чагылдырылган. Анткени Олжобайга жубайы Чачыкей жана баласы Акберди менен Кишимжандын ортосунда тандоо болот. Ал эми Кишимжан кудалап келген Байназар менен той үстүнөн кетем деп чыр салып, сүйгөнү менен качып жөнөйт. Экөө баардыгынан баш тартып, Жийдели деген жерде жашырынып жүргөн жеринен Кудакелер таап алышып, Олжобай кармашта курман болот. Аны көргөн Кишимжан да өзүн-өзү өлтүрөт. Аларды кууп келген Байназар ала турган жубайы Кишимжандын өлгөнүн көрүп, абийири чыдабай ал да өлөт. Үчөөнү бир жерге коюп кетишет, бирок Олжобай менен Кишимжан жаткан жерге терек өсүп чыгып, сүйүшкөндөрдүн түбөлүктү элесин тартып берет.

Негизи А.Үсөнбаев Олжобай менен Кишимжандын ортосундагы мамилеге басым жасап жүрүп олтурат. Баатыр кыпчак элине кете элек мезгилдеги экөөнүн мамилесин көтөрүлгөн тондо абдан мыкты сүрөттөп жүрүп олтурган. Эки жаштын чыныгы сүйүүсүн лирикалык тондо эң мыкты кылып чагылдырып, иштеп чыккан. Демек айтуучу эпостун алдыга койгон максатын ар кандай курч кырдаалда, символдуу сүрөттөлөр, салттуу мотивдерди колдонуу менен көркөм аңдоодон өткөрүп, жаңыча иштеп чыкканга толук аракеттерди көргөн.

Социалдык-турмуштук эпостордун түрүнө кирген **“Саринжи, Бөкөй”** кенже эпосунун А.Үсөнбаевдин жана С.Конокбаевдин варианттарында кездештиребиз. Эки айтуучудан тең 20-жылдары К.Мифтаков жазып алган. А.Үсөнбаевдин варианты 1938-жылы М.Элебаевдин баш сөзү менен жарыяланган. Кийин 1958-жылы Р.З.Кыдырбаева кайрадан басмага даярдап, жарыялаган. 1998-жылы А.Үсөнбаевдин жана С.Конокбаевдин варианттары, “Эл адабияты” сериясынын 6-томуна “Жаңыл Мырза” эпосу менен биргеликте А.Жайнакованын даярдоосу менен жарыяланды. Ал эми 2015-жылы эки вариант “Кыз Сайкал” менен “Эл адабияты” сериясынын 8-томунда басылып чыкты.

А.Үсөнбаевдин айткан варианты С.Конокбаевдикине салыштырмалуу көркөмдүгү жана тексттин жыйынтыктыктуу, так иштелип чыгышы боюнча жогору тураарын Р.З.Кыдырбаева белгилеген. [44, 266-бет]. Эки варианттын сюжеттик окуялары дээрлик окшош. Бул окшоштукту “Сулайман ырчынын Алымкул ырчы менен төрт жыл жолдош болуп, андан таалим-таасир алгандыгы” тууралуу К.Кырбашевдин [37,38-бет] пикирине таянып, ошондой эле эки айтуучу тең Таластан болгондугуна карап божомолдосок болот.

А.Үсөнбаевдин вариантында эпос баштан аяк ыр түрүндө берилип, акындын вариантындагы башка эпостордой эле салттуу поэтика көбүрөөк орун алган. Баяндоо көп учурда каармандардын атынан жүргүзүлүп, ал монолог, диалогго орундуу алмашылып турат. Ал эми С.Конокбаевдин вариантында кара сөз менен автор тарабынан баяндоо көбүрөөк орун алган. “«Саринжи, Бөкөй» эпосу кыргыз элинин патриархалдык-феодалдык коомдогу өнүгүш мезгилинде пайда болушу мүмкүн, анткени ал кыргыз үй-бүлөсүндөгү уруучулук тиричиликти чагылдырат, үй тиричилик конфликтерин кеңири камтыйт”[44, 267-бет.] – деген Р.З.Кыдырбаеванын пикирине толук кошулууга болот, анткени Бөкөйдүн тогуз аялынын болушу (С.Конокбаевдин вариантында), акылдуу жары Акчайымды өлтүрүшү, Саринжи менен Ак Берметтин мамилелери, Саринжи менне Бөкөйдүн мамилелери ошол доорду сүрөттөйт.

Эпостогу негизги окуялар Жамгырчы, Саринжи, Бөкөй, Ак Бермет, Жамаке, Коңурлардын айланасына топтолгон. Жамгырчы өлөр алдында Саринжини кошуп, мал-мүлкүн, элин Бөкөйгө тапшырышы анын уруулардын биримдигин жогору баалагандыгынан кабар берет. Ал эми Бөкөйдүн өз жары Акчайымды өлтүрүп, бузукулардын тилине кирип, келини Берметти алам дегени анын арамзалыгын, мансапкорлугун көргөзүп турат. А.Үсөнбаевдин вариантында образдардын иштелиши, реалдуулуукка жакындыгы, эпикалык чыгарманын талабын толук аткарып тургандыгы менен да баалуу. Ал эми С.Конокбаевде кээ бир образдар толук иштелбей калгандыгы байкалат. Мисалы, Саринжи беш жолдошунан бөлүнүп, качып барып  Күлдүр ханга жолукканда, тилмеч Садыктын бошот дегенинен кийин эле бошотуп жиберүүсү бир аз ишенимсизирээк чыккан.

**“Кедейкан”** эпосу социалдык-турмуштук эпостордун тобуна кирет. Адам менен жаратылыштын ортосундагы талаш-тартыш, күрөштү же мамилени баяндаган “Кожожаштагыдай” же “Төштүктөгүдөй” фантастикалык каармандар, сүрөттөөлөр, баяндоолор дээрлик жок. Мында эдин үмүтү, тилеги, жакшы турмушу, “адилеттүү хандар” жөнүндөгү кыялдануулары кызыктуу берилет. Бул маселеге адабиятчы Б.Кебекова өзүнүн «Кедейкан» эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү» [29, 3-б] аттуу эмгегинде кеңири токтолот.

“Кедейкан” эпосунун эки варианты бар. Бири 1938-жылы жарыкка чыккан Калык Акиевдин айтуусундагы Токтогулдун варианты. Экинчиси, 1927-жылы К.Мифтаков жазып алган А.Үсөнбаевдин варианты (Инв.№49(243) Жогорудагы 1964-жылы жарык көргөн 40 бет көлөмүндөгү «Кедейкан» эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү» аттуу эмгегинде Б.Кебекова А.Үсөнбаевдин вариантына бир аз токтолуп, анда Кедейкандын Даныйча деп аталышын, окуя Даныйчанын Ак эшенге келишинен башталарын жана окуялар бири-бири менен байланышсыз келки-келки эпизоддор менен сүрөттөлгөнү жөнүндө төмөндөгүдөй пикирлерин айтат: “Токтогулдуку боюнча Кедейдин хан болушу окуянын жүрүшүндө даярдалгандыктан, анын бийликте кала бериши ишенимдүү чыккан.

А.Үсөнбаевдин вариантында окуя үзүлүп-үзүлүп берилгендиктен, элге таандык негизги данегин бөлүп алуу да кыйынчылыкка турат. Сөзсүз, бул варианттан Токтогулдуку идеялык-көркөмдүк, композициялык түзүлүшү жагынан да жогору турат. Ал эми А.Үсөнбаевдики эпостогу тигил же бул көрүнүштү тактоодо зарыл. Өз алдынча турганда изилдөөнүн объектиси боло албайт" [29,3-б.] Бирок, буга карабастан, акындын вариантындагы өзгөчөлүктөргө токтолууну туура көрдүк.

А.Үсөнбаевдин вариантынын көлөмү жупуну, 1423 ыр сабынан турат. «Кедейкан» эпосунун эки вариантында жалпы сюжеттик түзүлүштөр, мазмун боюнча окшоштуктар бар. Эки вариантында тең турмуштун запкысын көп тарткан, жетим жүрүп жетилген кедей жигит Азимкан аттуу кандын тагына минет. Экөөндө тең тагынан ажырап, тентип кеткен Азимкан баяндалган окуянын аягында ар тарапка тарап кеткен катын-балдарын таап, Калык Акиев айткан Токтогулдун вариантында увазирликке, А.Үсөнбаевдин вариантында хандыкка жетет ж.б. Ушундай жалпы окшоштуктар менен бирге эки вариантта бир топ айырмачылыктар бар. Алымкул Үсөнбаев айткан вариант: «Дайынча кедейдин Азимкандын ордуна хан болгону», «Азимкандын мусаапырчылыгы», «Азимкандын кайра бак дөөлөттүү болгону» деген негизги үч бөлүкчөдөн туруу менен ошол эле үч башкы бөлүктөр дагы майдаланган он төрт темага бөлүнөт. «Кедейкандын» окуяларын баяндоо А.Үсөнбаевде түз эле Кедейдин Ак эшенге келишинен башталат. Кедейдин жетимдик турмушу, бой тартып чоңойгондон кийин жанына өзү сыяктуу жолдошторун топтоо менен бай, бектердин мал-мүлкүн талоо, карактоо, андан кийин зынданга түшүп качып чыгышы сыяктуу окуя, эпизоддор А.Үсөнбаевдин «Кедейканында» жок. Айрым эпизоддор кыска баяндалат. Натыйжада кээде тигил же бул эпизоддордун ишенимдүүлүгү да бүдөмүк бойдон калат. Алсак, Кедей менен Ак эшен Азимкандын тагын сурап келишкенде, Азимкан эч айтышпастан, кыйналбай, кысталбай, ойлонбой туруп эле тактысын бере коет ж.б. А.Үсөнбаевдин вариантынын көлөм жагынан аз болушу ушундай шарттар менен түшүндүрүлөт. Эки вариантта жер-суу, негизги каармандардын аттары боюнча да айырмачылыктар

кездешет. К.Акиев айткан Токтогулдун вариантында тактан ажыраган Азимкан Таалип хандын элине качып, тентип барат да, кийин кандын увазири болот. А.Үсөнбаевдикинде Айдаркан элине келет да, өлгөн хандын ордуна хан болот. К.Акиев айткан Токтогулдукунда Кедейкандын өз аты - Керээз, Алымкулдукунда – Дайынча, Азимкандын аялы - Гүлайым, А.Үсөнбаевде - Акканыш. Бир эле эпизод, көрүнүш эки вариантта эки башкача сүрөттөлгөн учурлар да бар. К.Акиев айткан Токтогулдун вариантында Азимкан менен аялы алсырап жатканда жол жүрүп келе жаткан кербендер аларга төөнүн сүтүн беришет. Өзөгүнө сүт түшүп кеткен Азимкан менен Гүлайым эсин жоготуп жатып калышат. Азимкан эсинен танып уктап калганда кербендер Гүлайымдын сулуулугуна кызыгышып аны алып кете беришет. Бул эпизод Алымкулда мындайча сүрөттөлөт:

Бош төөгө мингин деп,
Барар жолун оң чыгар,
Биз менен кошо жүргүн деп,
Кедейди болсо падышанын,
Кербендер баркын бийледи.
Катыны менен Азимкан
Бош төөсүнө минеди,
Кербен менен кошо жүрөдү.

Бул эпизоддо жалпы окшоштуктар менен бирге айырмачылыктар да ачык байкалып турат. К.Акиев айткан Токтогулдун вариантында Райкан менен Медетти баласыз бир падыша сатып алат, А.Үсөнбаевде билбей, таанып, хан болгондон кийин Азимкан, балдардын өз атасы сатып алат ж.б. Дагы ушул сыяктуу көп чоң мааниге ээ болбогон айырмачылык, бөтөнчөлүктөр бир топ. Эки вариант – айтуучулардын жалпы эле турмуштук тажрыйбаларынан, талантынан ж.б. айырмачылыктарынан келип чыккан эки башка көркөмдүк бөтөнчөлүктөргө, стилге ээ. А.Үсөнбаевдин варианты К.Акиев айткан Токтогулдун вариантына караганда мазмуну жана көркөмдүк деңгээли боюнча бир топ эле төмөн турганы ачык байкалып турат. Айрым

дурус саптар, баяндоо, сүрөттөөлөр менен бирге мааниси, угулуш, окулушу боюнча начар саптар да арбын кездешет:

Даңыйча деймин атымды,
Таксыр эшен эшитип,
Кедим сиздин затыңды.
Ач курсагын тоюнтуп,
Абыдан сыйлайт деген соң
Жетим, жесир бакырды.
Кызматың кылып, от жаксам
Тиер бекен бир салкын,
Саян майдан күнүңүз.

Элдик эпосторго мүнөздүү болбогон сөздөр, терминдер да А.Үсөнбаевдин вариантында бир топ:

Барчасы бирге эшендин,
Коомунда жүргөн эл эле.
Бир күнү күчүн береби
Дагы сурап бер дечү,
Даткаңдын сөзүн көрөлү.
Кайдан таптың жарыктык
Закончу кедей немени.
Аябай алтын так берсең,
Кийгизгин бедел чениңди.
Колтугуна суу бүркүп
Козголду партия жана эл.
Ылоого минген запас ат
Аябай камчы урады.
Жатканы жайсыз керебет
Ойлонгону керемет ж.б.

А.Үсөнбаевдин вариантында башка, өзгөчө коңшулаш өзбек, казак тилдеринен кирген сөздөр да арбын учурайт:

Жиберген киши келеди,

Эшенге кабар береди.

Ачууланып кедейге

Эшен таксыр келеди.

Бир күн да болсо падыша бол

Турайын Азимкандын элине

Азимкан тактын береди

Азимкан такты берди деп

Амма журт укту дареги.

Алымкулдун вариантын 1927-жылы Таластан жазып алган К.Мифтаков айтуучу тууралуу жазган маалыматында мындай кабарларды берет: «Турган жери казак, кыргыздын чек арасы болуп, көбүрөөк казактарга акынчылык кылат. Табышы (үнү) жакшы, муңдуу болуп, акынчылыгы да жакшы. Жомок да билет. Ырчылыкка устасы, Эркебай бий, Бердибай уулу болуп он алты жашынан ырчылык, акынчылыкка берилген. Окуп, жаза билбейт. Мындан «Кедейкан» баш болуп 150-бет эл адабиятын жазып алдым»[Инв.№148(359)]. Демек, «Кедейкан» эпосунда башка тилдердеги сөз, терминдердин арбын колдонулушу доордун таасири катары карасак болот. Ал эми «датка», «коом», «партия», «закончу» «запас ат» ж.б. эпоско мүнөздүү болбогон сөз тизмектери, терминдер – анохронизм, неологизмдердин арбын учурашы эпостун мурун жазылбай, кийинки кездерде, 1920-жылдарда жазылышы жана жалпы эле айтуучунун жекече чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү менен тыгыз байланыштуу. К.Мифтаковдун А.Үсөнбаев жөнүндөгү жогорудагы эскермесинде «Кедейканды» Алымкул акын 1911-жылда Чүй боюнда Токмок шаарынын жанында туруучу Молдо Ысак Шайбек уулунан үйрөнгөн экен» деген маалымат бар. Демек, Алымкулдун чыгармачылыгына, өзгөчө «Кедейканды» айтуусуна Ысак Шайбековдун таасири, анын стили, тили, баяндоо ыкмасы таасир эткендиги байкалат. Ысак Шайбеков да чыгыш оозеки жана кол жазма адабияты бөтөнчө казак оозеки адабияты менен кеңири тааныш болгон. «Шайбековдун адабий мектеби фольклор менен бирге, «Заркум», «Зал-зал», «Кыз Жибек», «Айман-Шолпан» сыяктуу казак элине мүнөздүү эски кысалар болгон» [9, 23-б]  Ысак Шайбековдун айрым

ырлары да формасы, интонациясы боюнча казак өлөңдөрүнө жакын. Он жашымда өгүз кош жетеледим, Ээ боло албай эки өгүзгө энтеледим. Эгерде байдын уулу боло калсам, Ат минип ашка, тойго кетер эдим – дейт Ысак Шайбеков өзүнүн автобиографиялык мүнөздөгү бир ырында. «Кедейкандын» Алымкул айткан вариантынын мазмун, көркөмдүк жактан жупуну болушунун дагы бир топ себептери болушу мүмкүн. Алымкул «Кедейканды» Токтогул сыяктуу дасыккан таланттуу ырчы, акындардан үйрөнгөн эмес экен. Жогоруда эскерилгендей, ал Ысак Шайбековдон үйрөнгөн. Ысак Шайбеков болсо эпикалык көлөмдүү эпосторду көркүнө келтирип айткан чебер айтуучулардан болбогондугу анын чыгармачылык жолунан белгилүү. Алымкулдун вариантындагы окуялардын баяндалышына караганда эпостун мазмунун толук үйрөнгөн эмес. Үзүл кесил гана эсте калгандарын айткан, өзүнчө чыгармачылык шык менен андан ары тереңдетип, өзгөчөлөнүп кете албаган. Анын да ар түрдүү себептери болушу мүмкүн. 1920-жылдарда Алымкул ырчылык чыгармачылыгын жаңыдан гана баштап жүргөн, али такшала элек кези эле. Ушундай шарттардын натыйжасында Алымкулдун вариантында «Кедейкан» көлөмү жагынан да чакан бойдон калган, көркөмдүгү да жогорку деңгээлде эмес.

Жогорудагы Алымкул айткан элдик эпостордун варианттарын салыштыра келип, акындын чыгармачылыгындагы бир айырмачылык элдик кенже эпосторду айтууда, элдик сюжетти кайрадан иштеп чыгууда, элге жеткирүүдө Алымкул Үсөнбаев чоң эмгек кылганын, айтуучулукта өзгөчө орду бар экенин белгилөөгө болот.

## Экинчи бап боюнча жыйынтыктар

- Акындын жомоктору, кенже эпостору өзгөчө орунда туруп, кеңири изилдөөнү талап кылат. А.Үсөнбаевдин элдик жомокторду мазмун, формалык жактан трансформациялап, жомоктордун, кенже эпостордун сюжеттик курулушуна, поэтикалык өзгөчөлүктөрүнө, образдар

системасына кошумчаларды кийирип, өздүк вариантты иштеп чыгышы акындын айтуучулук өнөрү менен бирге каралуучу өздүк чеберчилиги экендигин айгинелейт.

- Алымкулдун айтуусундагы кенже эпостордогу сюжеттик негизги өзөк окуяларды сактоо менен жаңыча көркөм сүрөттөөлөрдү, айрым эпизоддордун киргизилиши, мотивдердин жаңыча ыкмада сүрөттөлүшү айтуучунун өздүк чеберчилигин көрсөтөт. Анын “Кожожаш”, “Саринжи-Бөкөй”, “Олжобай менен Кишимжан” эпостору образдык жактан толукталып, турмуштук эпостордун классикалык үлгүлөрүнө айланган. Алымкул элдик мурасты ооздон-оозго өткөргөн айтуучу гана эмес, акындык таланты күчтүү, жаңычыл жаратуучу экендиги эпостун башка варианттарын салыштырып изилдөөдө аныкталды.

# 3-БАП: А.ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 3.1. Акындын чыгармаларынын тематикалык, жанрдык көп түрдүүлүгү

Алымкул Үсөнбаевдин көркөм мурасы жанрдык жактан көп түрдүү экенин байкоого болот. Ал биринчи кезекте, өзү таалим алып чоңойгон элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасына таянып, элдик чыгармачылыктын жанрларын кеңири колдонгон. Алсак,  санат, насыят, терме, сүйүү, эскерүү, айтыш өңдүү фольклордук жанрларды  салттуулукту улай, өздүк чеберчилик менен жарата билген.

Чыгармада белгилүү бир каармандар, сюжет, окуя чагылдырылбастан элдин турмуш-тажрыйбаларынын жыйынтыгы берилип, бул же тигил жаман-жакшы сапаттар саналып, адамдарды оң сапаттарга үндөө  идеясы

көтөрүлгөн **санат-насыят** ырлары көпчүлүк акындар сыяктуу эле Алымкулдун чыгармачылыгында да өзгөчө ынтаа менен ырдалган.

Белгилиүү окумуштуулар Ж.Таштемиров, С.Байходжоевдердин пикиринде: "Санат ырларында адамдардын ар түрдүү турмуштук мамилелери, жаратылыштын кубулуштары жыйынтыкталып, жеке адамдардын жүрүш-турушу катары айтылбастан, жалпы эле адамдарга таандык мүнөздөр, андагы кайраткерлик, акылмандуулук, жөн билгилик, чечендик өңдүү жакшы каситеттер даңазаланып, кайдыгерлик, ушакчылык, көпкөнчүлүк, жалкоолук сыяктуу терс жүрүш-туруштар сындалат"[50, 141-б.]. Мына ушул өзгөчөлүгүнө ылайык санат ырлары ар түрдүү темада ырдалып келет. Алсак, Жеңижоктун санат ырларында адамдын "бар болбой малы чачылбасы", "жетимдин арты жабылбасы", "ылайсыз дубал курулбасы" саналып, "жакшы адамга жанашкан, өлмөйүнчө кор болбосу" эскерилип, ушакчынын ар жерге батпай жашашы айтылат. Адамдын, турмуштук түшүнүктөрдүн кадыр-баркы тууралуу пикирлер ортого салынат. Дөөлөт маселеси көтөрүлүп, ашыкча доор келгенде "аргымак минип дуулап, алтынды үйгө чырмап" аябай дооран сүрөөрүн, ал эми ашыкча доор кеткенде "агайындын жат болору" айтылып, "ашуусу бийик белдей", "аңгырап калган жердей" болуп калары антитезалык ыкмада салыштырыла сүрөттөлөт. Токтогулдун санат ырында турмуштагы бар дүйнөгө каниет келтирүү, жаман адаттардын, "болбос жаман арамзанын болумсуз ишке малынары", "ханды кудай урурда калкына кас болору", сүткө тамган айрандай жаман сөз калк арасын иритери эскерилип, угуучуну "айталбаган сөз үчүн оозуңду бекер ачпагын", "мактаганга март болуп оокатыңды чачпагын", "жолдош болбо коркокко", "күлүк менен жарышпа", "билимдүү менен алышпа" деген өңдүү акыл-насааттары ырга салынып келген.

Санат ырда адамдын көз карашы, дүйнө таанымы, ою жеткен, кыялында жүргөн турмуштук бардык жагдайлар термеленип берилгендиктен эл оозунда кеңири айтылып келет. «Санат ырлар тематика жагынан өтө кеңири: эрдик, адилеттик, адамкерчилик, патриотизм, эмгек, өнөр, билим, байлык, достук, турмуш кызыкчылыгы ж. б. жөнүндө айтылат. Демек, санат

ыр элдин турмуш тиричилигине байланышкан окуялардын көпчүлүгүн өз ичине камтыгандыгын» Т.Саманчин туура жазган [66, 45-46-б.]. Арстанбек ырчы ар бир адамдын турмушунда, жашоосунда боло турганды санаттап айтса, Алымкул жаш өсүп келе жаткан муунга акыл-насаат айтуу менен агалык кеңешин айтат.

Тоо бузулуп, таш урап,
Тозулбаган жерде жок.
Чайпалбаган көлдө жок.
Чаалыкпаган жанда жок.
Бөксөрбөгөн суудa жок.
Бөлүнбөгөн элде жок.
Түгөнбөгөн кенде жок.
Түйшөлбөгөн пенде жок. (Арстанбек) [7,100-б.]
Дарактын көркү бүр менен,
Талаанын көркү гүл менен.
Асман - жердин арасы,
Ачылат көркү күн менен.
Жайнаса жылдыз жаркырап,
Жарашыгы түн менен.
Ат кадырын биле албайт,
Алыска сапар жүрбөгөн.
Ак чардак, өрдөк көрктөнөт,
Ак деңиз дайра, көл менен.
Аркар, кулжа жайылат,
Адырлуу кумай бел менен.
Кандай мыкты болсоң да,
Кайратың чыгат эл менен.
Канаттуунун кыраны,
Качырбай канат сермеген.
Карышкыр жолдош боло албайт,

Кабылан, арстан шер менен. (Алымкул). Мисалда көрүнүп тургандай, Алымкул өз санатында эмгек гана эрезеге жеткирерин белгилеп, "эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң" деп Арстанбектин калк тууралуу таамай оюна "кандай мыкты болсоң да, кайратың чыгат эл менен" деген жаңыча ой менен өз кошумчасын айтып турат.

**Кошок** – элдик оозеки адабияттагы каада-салт ырларынын бир түрү. Бул жанрга кирген А.Үсөнбаевдин "Зууракандын кошогу" чыгармасын К.Мифтаков [Инв. №(5213) 575] жазып алган. Албетте, бул кошок Арстанбек Акылбекти, Токтогул Жеңижоту же Коргоолдун Токтогулга кошкондогу кошоктордой эместиги, чыгарманы окуганыбызда акындын элден уккан кошокту өзүнүн айтуууучулугуна салып, аткарганы көрүнөт. Ошентсе да, акындан жазылып алынган кошок катарында кароо менен талданды. Кошокту аткараардан мурун, акын Зууракандын атасынын кандай шартта өлгөндүгү тууралуу баяндан баштайт. Эки атанын балдары Карабаш жана Алгазы болуш талашуудан чыр чыгарып, эки тараптын чабышында Карабаштын инилери Алгазыны өлтүрүп коет. Алгазынын жалгыз кызы Зууракан, атасына кошуу менен бирге акесине да кайрылып арызын айтат. Киши колдуу болуп өлгөн кишиге кошок кошууда, өлтүргөн тарапты каргоо же ошол учурда жакын адамдары жанында болсо, алардын куткарып албашы, же өзү жаныда болбой калганына өкүнүү сыяктууларды кошуу, элдик кошоктордо, эпостордо көп эле кездешет. А.Үсөнбаев ушул ыкта Зууsраканга алгач Карабаштын Алагызыны өлүмүнө жол беришин айттырып, андан соң атасынын жанында болбой калганына өкүнүү менен уланттырып, кийин Карабашты уяткаруу, каргоо менен бүтүрөт. Бул учурда акындын жамакчылыктан ырчылыкка өтүп жаткан мезгили катары карасак туура болот деген ойдобуз, анткени кошокто элдик кошокторго тиешелүү көндүм нуктардан алыс кетпегени байкалат.

Акындар чыгармачылыгындагы салттуу темалардын бири – **аккан суу**. Дүнүйө, өлүм, өмүр аталышындагы ырлар сыяктуу эле бул аталыш да акындардын жеке баамы, чыгармачылык дараметине жараша түрдүүчө сүрөттөлөт. Мисалы, Токтогулда аккан суу жаратылыштын бир көрүнүшү

катары сыпатталса, Жеңижокто “Аккан суу” диний түшүнүктүн алкагында чечмеленет. Ал эми Эсенаман ырчы акан суунун жаралышын, адамга пайдасын ырдап, “бир чымындай жан үчүн, соога экенин” көрсөтөт. Барпы да “аккан суу” ырын мурдатан калыптанган ыкма менен суу тууралуу түшүнүктөрдүн, диндик жөрөлгөлөрдүн негизинде карайт. Мына ушул сыяктуу суунун улуулугун, анын адам өмүрү үчүн өтө кымбат экенин Алымкул акын дагы айтууга аракет жасаган. Акын алгач аккан суунун кайдан чыга тургандыгын:

“Абал мурун жалтылдап,
Кайдан чыкты аккан суу?
Аскасы бийик көк тескей,
Сайдан чыкты аккан суу.
Агарып кары кетпеген,
Жайдан чыкты аккан суу” – деп баштайт да, ойду андан ары улайт,

суунун милдетин, анын пайдасын, жан-жаныбарга жашоо берген ыйык касиетин ырдайт. Акын ырды Жеңижок сымал поэтикасы күчтүү, классиканын үлгүсү кылып, “жети күн” ырдап бере албаса дагы, идеялык-көркөмдүк жагынан оюн жеткирүүгө аракеттенген. Ырдын аягында кайрадан өзү жашаган доорго байланыштырып аяктайт:

“Көз жетпеген түбү жок,
Терең экен аккан суу,
Кыбыраган жандарга,
Пахта, жибек, кызылча,
Арпа, буудай, ак сулуу,
Ар өсүмдүк дандарга,
Дары, майдай жаккан суу”. [79, 35-б.]

**Махабат** дээрлик акындардын баары кайрылган өзгөчө тема. Ырга ышкыбоз, көкүрөгүн кытыгылаган таланты бар адам, алгач ырдаганда эле махабат темасына кайрылары шексиз. Эл ырчыларынын өмүр таржымалына көз чаптырып көрсөк боз улан кездерде кыз оюндарда уккан ырларынын ичинен эң биринчи эле сүйгөн, күйгөн, секетпай ырларын кайрадан эл

алдына аткарып жүрүп такшалганын байкайбыз. Бардык эл ырчылары, төкмө акындар сыяктуу эле А.Үсөнбаев да махабат темасына кайрылбай койгон эмес. Анын “Жүзүмдөн бир тал үзүп бер”, “Гүл менен”, “Ак жибек кийген селкиге”, “Эскерме”, “Жигиттин каты” ырлары жогорку темада жазылган саналуу ырлардан. Бул ырларды элдик оозеки адабиятка мүнөздүү секетбай, күйгөн формасында:

“Жалгыз арча, үч күңгөй,

Жамалың тунук күзгүдөй.

Пейилиңди карасам,

Пенденин көөнү түшкөндөй.

Жалжалым эске түшкөндө,

Жаталбаймын үшкүрбөй” (“Ак жибек кийген селкиге”) деген ырында улуу махабатты ырга салат. Акын эки доорду, эки чыгармачылык багытта калыптанган ырчы катары профессионал поэзияга мүнөздүү ыр жолдору аркылуу да махабатты поэтизациялайт

“Кайра-кайра көргөн сайын өзүңдү,

Кайткым келбейт улам карап көзүңдү.

Сыпаа гана сен алдыртан сүйлөйсүң,

Сыр алдырбай сынадыңбы өзүмдү” (“Гүл менен”).

Алымкул окутуучусу Токтогулдан таасирленгенин билебиз, ошондуктан улуу акындын сүйүү темасындагы ырларын мазмун-формалык, стилдик жактын улантышы байкалат. Мисалы, “Селкинчек” деген ырында Токтогулдун ырларына окшош образдуу параллелизмди, көркөм элестерди көрүү кыйын эмес:

“Жашыл жоолук түрдө жан,

Жаш өмүрүң гүлдө жан.

Жаш кезиңде ойноп күл,

Жаным сага бирге жан.

Жаш өмүрүң өткөн соң,

Жанып келбейт күндө жан”.

Бул үзүндү Токтогул Сатылгановдун “Гүлдөп ал” деген ырын толук элестетип турат.

Акындын сүйүү темасындагы ырларын окуганыбызда махабатка кириптер болгон адамдын ички сезимине, толгонууларына, кусалыгына күбө болобуз. Бирок Токтогулдун “Алымканы”, Жеңижоктун көркөмдүү “Көк сулуусу”, Барпынын мөлтүрөгөн “Мөлмөлү”, Коргоолдун “Ак Бакайы” сыяктуу элдик сүйүү ырларынын шедеврине айланган атактуу ырлары окугандагыдай оргуштаган сезимге ээ болбойбуз. Себеби, аталган алп акындардын пенделик турмушунда, чыгармачылык рухий дүйнөсүндө улуу сезим болгонун же болбосо сүйгөнүнө жетпей калганын билебиз. “Махабат табияты боюнча эч ким, эч качан кийлигише албас, зордоп жаратууга да болбой турган, жеке индивиддин жекече өткүр каалоосу, өзгөчө терең сезими, ал кимди сүйөт, кантип сүйөт ар кимдин өз бактысы же тартчу азабы, жолукчу трагедиясы болгон” [18, 283-б.] сыңары, мүмкүн А.Үсөнбаевде мынчалык алоологон махабат болбогондур, же болсо дагы арзыган адамына “трагедиясыз” жеткендир дешке болот.

А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгына тиешелүү дагы бир темалардын бири – жаратылыш көрүнүштөрүн, кыргыз жергесинин кооздугун сүрөттөгөн **пейзаждык лирика**. Табиятка арналган ырларды Казыбек, Жеңижок, Барпы, Токтогул, Тоголок Молдо баштаган көптөгөн эл ырчыларынын өнөрканасынан жолуктурсак болот. Мисалы, Тоголок Молдо “Ала-Тоо”, “Нарын суу”, Барпы “Суусамыр”, “Жайлоо”, Казыбектин казалдары ж.б. “Жеңижок табиятка өз эрудициясына ылайык аңдоо салып, анын татаал сырларын чечмелөөгө далалаттанган. Элдик ырлардын ыкмасы менен ыргагынан азыктанган “Жер соорусу Аксы экен”, “Айтайын Аксы жеримди”, “Өскөн жер”, Аккан суу” ырлары биз сөз кылып жаткан жаратылыш темасына арналган”. [74,173-б.]

Киндик кесип, кир жууган,
Төрөлгөн жерим айтпасам.
Сыр бешик чаап кастарлап,
Бөлөнгөн жерим айтпасам.

Акындыгым не керек? – деп, Токтогул туулуп өскөн жерин, анын жаратылышын көркөм сөздө ырга кошуп чебер аткарган сыяктуу А.Үсөнбаев да, өзү жашап жаткан шаар, кыштактарын, барып элге ыр ырдап жүргөн жайлоолорун ырга кошпой коё алмак эмес. “Каркыранын көрүнүшү”, “Күз”, “Жазга маал”, “Капчыгай”, “Ысык-Көлдө”, “Кең-Кол”, “Кең-Сай”, “Кыргызстан”, “Фрунзе”, “Жалал-Абаддын көрүнүшү”, “Кыргыз тоосу”, “Таластын көрүнүшү”, ж.б. ырлары буга күбө. Бул ырларынан кыргыз жергесинин образы көз алдыга элестеп, акын сүрөттөгөн кең аймактардын географиялык түзүлүшү, экономикалык абалдары менен тааныша алабыз. Акын бул темага да 30-жылдарда эле кайрылып жана чыгармачылыгынын бардык мезгилинде улам кайрылып, ырдап, жазып турган.

Тоолор турат жибек чачын тарашып,
Суулар агат, азоо аттай ал шашып.
Күнгөй-тескей кудум эле ноотудай,
Жагалданып жай көркүнө жарашып.
Тоо эчкмдей кудум сергек сакчыдай,
Элеңдешет эки жагын каранып.
Күндөн-күнгө көрк кийинип жаткансыйт,
Сулуу кыздай улам чачын таранып.

Бул ырды окуганда акындын кийинки учурда, чыгармачылыгы бир топ өсүшкө жеткен учурда чыгарылган ыры экенине күбө болобуз. Ырдын муун өлчөмү, уйкаштыгы жазма адабиятка бир топ жакын. Ошондой эле орду менен берилген салыштыруулар жана күчтүү образ да аз эмес.

Жаратылышка, анын коздугуна арналган ырлары көлөмдүүрөөк ырлардан. Себеби бул ырларда акын табияттын көрүнүшүн толук ачып берүүгө далалат кылган. “Таластын көрүнүшү”, “Капчыгай” ырларында табият кандай болсо ошондой кабылданганы байкалат, натыйжада окурман Таластагы жер-суу, жайлоо, жан-жаныбар жөнүндө, капчыгайдын ичиндеги табият тууралуу кеңири маалымат ала алат.

Табият темасына арналган “Капчыгай”, “Көк арт”, “Суусамыр” деген ырларында тоо томкоруп, жарды уратып жүрүп жаткан жаңы курулуштун

элесин кошо берет. Алымкул тоодо жашаган элдин жолсуздуктан тарткан азабын өзгөчө таасир калтыра сүрөттөйт. Ал “Суусамыр” деген ырында:

“Аркайган урчук ташына,
Чамгарагы илинген.
Жантаймадан жыгылып,
Жамбашы ташка тилинген.
Кулап түшкөн коктуга,
Жүгү менен сары инген.
Колго илинер жери жок,
Казан менен тулгадан.
Ар кайсы жерде бир-бирден,
Кереге уук кыйраган.
Келиндер аттан жыгылып,
Бешикте бала ыйлаган.
Өткөн элим ушинтип,
Бейпайга түшүп кыйналган... – деп, кыргыз элинин өткөндөгү оор турмушунун жан кейиткен сүрөтүн көз алдыга тартуу менен социалисттик мезгилдеги жолдорду акын талантынын күзгүсүнөн көрсөткөндөй болот.

Элдик оозеки чыгармачылыкта, акындар поэзиясында өзүнчө жанр катары жашап, тойлордо, ашта жана башка эл жыйылган жерлерде кандайдыр бир кабарларды билдирүү, буйруктарды элге жеткизүү өңдүү максатты аркалаган жарчылык же **жар чакыруу** Алымкулдун чыгармачылыгында да кездешет. Бул тууралуу А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгы боюнча эмгек жараткан окумуштуу С.Байходжоев “Ал чоң жыйындарда, аш-тойлордо кадимкидей жар чакырып да жүргөн болучу. Мындай жыйындардагы ырчылыгы катарында автор Октябрь революциясынын алдындагы Жанкороздун, Акмолдонун ашын эскерет” [10,19-б.] – дейт. “Жарчы – жар чакырган ырчы же оозеки формада жар айткан киши. Жарчылар байыртан белгилүү. Адатта жарчылыкка оозунда сөзү бар, элди баштай билген акындар дайындалып, элдик жыйындардын жүрүшүн, улуттук оюндардын тартибин ж.б. көпчүлүккө угуза турган

маалыматты жеткирүүчү катары кызмат аткарат” [50, 35-б.]. Демек, Алымкул да чыгармачылыгынын башталышында аш-тойлордо жар чакырып жүргөн экен. Бирок ошол кездеги аш-тойлордогу жар чакыруу мүнөзүндөгү ырлары бизге жеткен эмес. Ошентсе да алгачкы Октябрь революциясы, Ленин жөнүндөгү ырларында жаңы замандын талабын элге угузуу маанисинде ырдаганына күбө болобуз:

“Лениндин атын укканда,

Толкундады жүрөгүм.

Орундатат деп уктук,

Жанчылган элдин тилегин”. [79, 5-б.]

Угуучуну оң сапаттарга үндөп, философиялык  ой жүгүртүүлөрдү камтыгандыгы менен айырмаланып турган нускалык (дидактикалык) үгүт, үлгү маанисиндеги терең ойлор күчтүү сакталган **насаат ырлар** Алымкулда эр азаматтын жашоодогу оң-терс сапаттарын сыпаттоо менен ырдалат. Акындын насаат ырларын согуш темасына арналган ырларында абдан көп учурайт. “Ак сакалдарга” деген ырында карыялардын кайгыга алдырбастан жаштарга дем берип,

“Кан кечип жүрөт балдар” – деп,

Кайгыга бөлбө санааңды.

Душмандан коргоп албайбы

Туулуп өскөн калааңды” [79, 86-бет] – деп насаатын айтат. Ушул ырына үндөш “Ушул кез”, “Келген жаз”, “Учурашуу” ырларында “элдин кайраттанышын, капаланып түнөрбөсүн”, “элирип тулпар ат минип, эл коргой турган ушул кез” экенин айтып, эр-азаматты эли-жерин коргоого чакырып ырдаса, фронттогу жоокерлерди жеңишке үгүттөө менен бирге, аларга  аталык насаатын айтат.

“Катын-бала калды” –деп,

Кайрылып артың караба.

Эрлер коргойт мекенди,

Эчтеме ойлоп санаба! [79, 136-бет]

Алымкулдун насаат ыры өзү жашаган мезгилдин ченинен бааланып, “ынтымактуу бир дилдеш, ырыскы жакын бир тилдеш, орус, кыргыз, өзүбек” деп, эл биримдигин даңазалоо менен жыйынтыкталат. Демек, Алымкул элдик оозеки чыгармачылыктагы салттуу болуп калган санат-насыят ырларынын нугунда өзүнүн чыгармаларын жаратуу менен өз заманынын жетишкендиктерин, кемчиликтерин кошо сүрөттөө менен бул жанрларга жаңы бир өң-түс бергенин байкоого болот.

Эл арасында барктуу, кадырлуу, оозунда кеби бар, сөзгө чебер өнөр ээлеринин чыгармачылыгына, адамдык сапатына, адамкерчилигине, алардын коомдогу алган орду, бири-биринен өзгөчөлүнүп турган артыкчылыктары жана негизги жакшы жактары сыпатталган **эскерүү ырлары** Алымкулдун чыгармачылыгында өзгөчө ыкмада сүрөттөлөт. “Калыкка эстелик”, “Мусага эстелик”, “Атайга эстелик”, “Шотага” ж.б. ырлары жалпыга белгилүү зор таланттарды эскерүүгө арналган. “Калыкка эстелик” деген ыры баштан аяк белгилүү акын Калык Акиевдин чыгармачылыгы тууралуу ырдалат:

Туйгундай туурда таранып,

Туулду эле Жумгалдан.

Таланттуу болуп жашынан,

Далай топто ырдаган. [79, 176-бет] – деп Калык акындын жашынан таланттуу чыгып, анын ырчылыгын, комузда кол ойноткон күүчүлүгүн, куудулдугун, улуу акын Токтогулдун жолун улап келгендигин айтат. Ырчылыгынын бааланып “ардак болуп төшүндө, алтын орден жайнагандыгын” айта келип, топ алдында ырдап чыкканда уккан элдин моокуму канып, акынды эли өзгөчө кадырлап, кыргызга эле эмес, канатташ элге да таанылган таланты күчтүү акындын чыгармалары түбөлүккө эл эсинде сакталып каларын жогорку пафосто айтат:

“Арнап элге эмгегин,

Ар качан талбай иштеген.

Өлдү деп аны айтпайбыз,

Өнөрү дайым биз менен!” [79, 176-бет]

Алымкул эскерүү ырларында ал таланттардын чыгармаларынын эл оозунда сакталып калышын же кагазга жазылып кийинки урпактарга жетиши тууралуу өз пикирин билдирип жүрүп олтурат. “Мусага эстелик” ырында да Муса ырчынын ырлары күндө ырдалып, элге тартууланып тургандыгын айтат:

“Бөлүнүп арабыздан кеткен менен,

Шаңкылдап күндө Муса турат ырдап.

Кадимки кайран Муса үнү экен деп,

Калың эл кулак коюп, турат тыңдап

-----------------------------------------

Мусанын өзү кетсе, сөзү калды,

Каткырып үнүн толук күндө берет”. [79, 180-бет] Алымкулдун Мусага арналган эскерүү ырында буга чейинки ырларында кездешпеген өзгөчөлүктү байкоого болот. Муса дүйнөдөн өткөндөн кийин театрдын алдында сайрап турган булбулдун да жоголуп кеткенин айтып, ырчы менен булбулду паралелль коюп ырдайт. Демек, бул учурда А.Үсөнбаев чыгармачылыгынын үстүндө талбай иштегендигин, изденгендигин жетишкендиктеринен, ырларындагы муундук жаңылануулардан да байкоого болот. Ошондой эле эскерүү ырларында өзү ырдап жаткан адамдардын адамгерчилик сапатын, мүнөзүн да ырга кошууну унутпаган:

“Жайдары, шайыр мүнөз түрүңдү эстеп,

Сүйлөсө сөзгө чебер тилиңди эстеп,

Комузга коңгуроодой кошо кеткен,

Эң сонун элге жаккан үнүңдү эстеп”. [79, 179-б.]

“Атайга эстелик” ырында комузчу Атай Огомбаевдин комузчулук, ырчылык, обончулук өнөрүнө терең баа берип, өзгөчө күүлөрүн бирден санап, ар бир күүсүнүн көркөмдүгүн, өзгөчөлүгүн эскерет:

“Машыккан чертчү “Машботой”,

Мааниси бар ошондой.

--------------------------

“Кыз ойготор”, “Күйдүм чок”,

Жанып-жанып сайратса,

Жакпай турган күүсү жок.

-----------------------------

“Саадак какты”, “Чайкама”

Салтантатту угулат” ж.б. [79, 180-бет]. Жогорудагы башка таланттарды эскерүү ырларындагыдай эле, бул ырында да Атай комузчунун өнөрүн эл баалаганы жана күүлөрү, обондору эл арасында жашай беришин, “өлдү дебейм Атайды, өзүбүз менен бир жүрөрүн” ырдайт. Калыкты, Атайды эскерүү ырларында, алар Токтогулдан үлгү алышканын, чыгармачылыгын өркүндөтүүдө устатынын орду жөнүндө да ырга кошушу, бул алардын эле эмес, өз устатына болгон урматын көрсөткөндүгү катары бааланат.

Таланттарды эскерүүдө Алымкул ар бир талanttын чыгармачылык ишмердүүлүгүнө баа берип, аны аатап, айтып гана койбостон кулк-мүнөзүн, жүрүш-турушун кошо ырдап, акындык бейнесин (портретин) сөз аркылуу тартат.

Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жазмага өткөндөн кийин эки багытта, нукта кеткендиги байкалат. Бири, өзү билип, айтып жүргөн, айрымадырын кийин иштеп чыккан элдик жомокторунун, “Саринжи-Бөкөй”, “Кожожаш” өңдүү эпосторунун, элдик салт-нуска менен ырдалган санат, насыят, кошок, аккан суу ж.б. төкмөлүк ыкта ырдалган салттуу үлгүлөр болду. Экинчиси, кадимки профессионал жазма акындардай жаңы ык табууга умтулган ар кыл формадагы ырлары жана поэмалары. Элдик төкмө акындардын чыгармачылыгында поэма негизги орунда тургандыгы маалым, акындын чыгармачылыгы бул жанрды да өз ичичне камтыйт. А.Үсөнбаев согуш учурундагы элдин турмушун, эмгек жеңишин чагылдырган “Ысык-Көл” поэмасын жаратса, кийин “Биринчи бригада”, “Айкүмүш” поэмаларын жараткан.

“Айкүмүш” поэмасы акындын “Айкүмүштүн такилет” күүсүнүн негизинде жаралган. Бул поэмада Карабек байдын мансапкорлугун, Каралтай аттуу кедейдин Айкүмүшкө болгон сүйүүсүн, болуштун кызы болсо да, жүрөгүндөгү сүйүүгө баш ийген жана атасынын кылган ишин сындап,

адилеттүүлүтү жактаган Айкүмүштүн акылдуулугун ачып берет. Карабек болуштун мансапкорлугу анын Айкүмүшкө куда түшкөн Алайлык эки байдан бири-бирине билгизбей калың алып жүргөндүгүнөн ачык көрүнөт. Ал эми Айкүмүштүн адилеттүлүгү атасынын айыбын эл алдында ачып, кызын мал катары сата тургандыгын көрсөтүп ачыкка чыгаргандыгы. Каралтайды болсо Карабекке жээн, таяжесин сүйүп, бирок кедейлигинен оюу арсар болуп жүргөн кезде, кошунда отурган жылкычылар, Айкүмүштүн бойго жеткендигин айтышып: "Ой сен, Карабек болуштун анык жээни болсоң, жээн даркан (ардактуу, сыйлуу) деген кыргызда сөз бар"- дешип, Айкүмүшкө жөнөтүшөт. Бул жерде айтка кетүүчү жагдай жээнинин таежесине ашык болгон эпостордогу мотивди акын поэмасына ыктуу кошо алган. Поэма элдик оозеки чыгармачылыктын салттуулугунда жазылса дагы, каармандардын өз ара мамилелери, сюжеттин өнүгүшү, Айкүмүш менен Карабектин конфликтиси жогорку деңгээлде берилген. Айкүмүштүн атасына каршы чыгып, калың алган күйөөлөрүнүн бирине жубай болууга макул болбогонун ошол учурдун жаштарына үлгү болсун деген тилегин автор чыгарманын аягында төмөндөгүдөй саптар менен берет:

"Акылдуу кыздын бири деп,
Алымкулдун жазганы
Маанисн окуп түшүнсүн,
Азыркы күндүн жаштары". [79,483-б.]

"Биринчи бригада", "Ысык-Көл" поэмалары да совет мезгилинде жаралгантырларынын катарын толуктап, дың жерлерди өздөштүрүү, коллектидүүлүк, коомго кирип жаткан өзгөрүүлөр сыяктуу темаларды өзүнө камтыйт. Акындын бул поэмаларынан өз заманынын жетишкендиктеринен артта калбай, профессионалдык поэзиянын салттарын өздөштүрүп, жараткан көркөм изденүүлөрдү көрүүгө болот. Мунун өзү акындын төкмөлүк менен жазмакерлдикти куштун эки канатындай катар коюп, изденген талант катары сыпаттоого негиз берет.

А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында **балдар темасы** да орун алган. Алымкул Үсөнбаевдин санат ырлары анын көбүнчө балдарга арналган ырларында камтылат. Мисалы, “Бактылуу балдарга” аттуу ырында балдардын пионер-комсосмол болушун айтуу менен катар, билим алып, окуудан талбашын айтат.

“Билим менен жетилип,

Пайдаңды тийгиз калкыңа

-------------------------------

Тартибиң таза сакталып,

Алган бааң болсун “беш”.

Окуу, окуу жана окуу,

Атабыз Ленин айтканды,

Эсиңе ал, балдар эрте-кеч” [79, 253-б.]. Ушундай эле маанидеги “Иниме”, “Бөбөктөр” аттуу ырларында да өсүп келе жаткан муундун билим алышы, эмгектен качпашы тууралуу аталык насаатын айтып ырдайт. Айрыкча “Эсенге” аттуу ырында “жигит болсоң, морт болбо, эринчээк болбо, бекерчиликке берилбе, орунсуз сөз сүйлөбө” сыяктуу бир топ жакшы сапаттарга үндөгөн саптарды жолуктурабыз.  Албетте, Токтогулдун “Ынтымак жакшы, ырк жакшы, Ырыскылуу журт жакшы”, Коргооолдун

“Кара ниет болсо тууганың,

Карабайт өлүү тирүүңө.

Чыйралып турат душманың,

Чыр чыкса сенден күнүгө” деген салттуу санат ырларына шайкеш келбесе да Алымкулдун жаш муунга билим алуу, окуу тууралуу акылын айтып, жаштар билим менен гана бийиктиктерди багынтаарын ырга салган.

“Ырас, эл акындарынын ар бири өз чыгармаларында тигил же бул деңгээлде балдар темасына кайрылып, баланын курактык өзгөчөлүгүнө ылайык көптөгөн ырларды жана поэмаларды жаратышты. Маселен Токтогул, Барпы, Молдо Кылыч, Арстанбек, Калыгул, Калык, Осмонкул, Алымкул өңдүү ырчылардын бардык башка тематикадагы ырлары сыяктуу эле, балдар темасындагы чыгармаларында да көркөмдүк-эстетикалык нарк-насили төмөн

болбогон, сөздүн нукура маанисинде, классикалык казынага айланган үлгүлөр бар”. [74. 233-б.] А.Үсөнбаевдин балдарга арнап чыгарган ырлары кичинекейлердин, бөбөктөрдүн психологиясына шайкеш келип, алардын ой-максаттарын, алга умтулууларын чагылдырып турат. Мындай ырларынын катарына “Кыздын тилеги”, “Бул ырды апам ырдаган”, “Бөбөктөр”, “Лыжа тепкен кыз”, “Иниме”, “Бактылуу балдарга” ж.б. чыгармалары кирет. Аталган ырлардын көбүндө акындын балдарга арналган акыл-насааты, тилеги, каалоолору да өз ордун тапкан.

“Кызыкпа балам ичүүгө,
Жакшы жол көрсөт кичүүгө.
Кажыбай иште барктуу бол,
Досторуңдун ичинде. (“Бул ырды апам ырдаган”)

Акындын балдарга арналган ырларынан да элдик оозеки чыгармалардын жана Токтогулдун таасирин байкайбыз. Бул ырларда акын салттуу теманы улап, санат-насыят түрүнө кайрылганы көрүнүп турат. Санат-насыят ырлары эл ырчыларынын чыгармачылыгында кездешкен кеңири салттуу темалардын бири. Ал эми акындын чыгармаларында бул салттуу тематиканы жана ушул тематикага тиешелүү идеяны балдарга арналган ырларынан көрөбүз.

“Жигит болсоң бекем бол,
Жашык талдай морт болбо!
Мээримдүү бол, сылык бол,
Мүнөзү начар чорт болбо! (“Эсенге”)

“Керимбек”, “Акылбек” ырларында башка тематикадагы ырларындай конкреттүү адамдын образы, сюжеттүүлүк бар. Согушка кеткен Керимбектин эрдиги, Акылбектин малга зыян келтирген карышкырды атып алышы балдар үчүн кызыктуу жана жеткиликтүү жөнөкөй тилде баяндалып берилет. Бул ырларында да акын Ленин, партия жөнүндө ырдаган. Өсүп келе жаткан муундун “бакубат жашоосуна” Лениндин, партиянын таасири зор экенин айтып ырдайт. Мисалы, “Бактылуу балдарга” ырында:

“Тартибиң таза сакталып,

Алган бааң болсун “беш”.

Өөрчүгөн сайын билимиң,

Өсө берет акыл-эс.

Окуу, окуу жана окуу,

Атабыз Ленин айтканды,

Эсиңе ал, балдар эрте-кеч.

Акындын балдарга арналган ырында бирин-эки болсо да тамсилдери орун алган. “Барчын менен кулаалы” тамсили өзүнүн көлөмү өтө эле чакандыгына карабастан айтайын деген ой таасирдүү берилген. Аллегориялык образдар аркылуу СССР менен фашисттик Германиянын согуштагы абалын элестетип көрсөтүүгө жетишкен.

“Жандап бетин өткөндө,

Жалп эте түштү кулаалы.

Канаттын мүрү үзүлүп,

Калдайып жерге кулады”.

“Сагызган”, “Таранчы” тамсилдеринде “мактанчаактык, бой көтөрүү” сыяктуу адамдагы терс сапаттар ашкереленет:

“Акылсыз, алы жетпеске боюн теңеп,

Түбүндө ар бир ишти чындык жеңет.

Колдон келбес нерсеге кол сунгандар,

Акыры сагызгандай болсо керек» [79, 272-бет]

Демек, Алымкул Үсөнбаев бөбөктөргө арналган насаат-насыят ырлары, тамсилдери, жана чакан лирикалык ырлары менен кыргыз балдар адабиятына да өз салымын кошо алды.

## 3.2. Акындын чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү же жаңы замандын жарчысы катары жаралган ырлар

Алымкул чыгармачылыктын алгачкы жылдарында Сулайман, Аттокур, Айдыраалы менен жүрүп ар түрдүү чакан жыйындарда көп ырдайт, көп сындан өтөт. Акындын бул мезгилдеги алым сабактары, ырлары жөнүндө

маалымат аз. Сөзсүз, жаш ырчы алгачкы ырында эле көзү көргөн, жүрөгү сезген турмуш көрүнүштөрүн кеңири жалпылай албаса да өзүнө тааныш оозеки элдик ырлардын үлгүсүндө жана өзү көргөн, бирге жүрүп бирге уккан акындардын ыкмасында айыл ичиндеги кубанычты жана кайгы-капаны тең бөлүшүүгө аракеттенген. Өз элинин турмуш-жайын, ой-тилегин, илгери үмүттөрүн, аз болсо да, комузга кошуп, тилектештеринин арасында ырдаганын Алымкул акын көп эскерген. Жаш талапкердин мындай ырчылыгы анын чыгармачылык жолундагы элдик идеянын өсүп өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Акындын Октябрь революциясына чейинки ырларынын көпчүлүгү көздүн жашы, көкүрөктүн дарты менен жуулгандыгын өз эскерүүлөрүнөн маалымат ала алабыз. «Мага эски ырларымды эске түшүрүш өтө кыйын, – дейт Алымкул Үсөнбаев, – анткени, мен эски ырларымды эске салуу менен таза унуткум келген эски турмушумду эске түшүрөм. Бала Үсөндүн агасынын ашындагы ырдаган ырымды ойго салсам, менин көз алдыма аштан кийинки манаптардын кызыл камчыга алып, үй-жайымды талап, жалгыз атымды тартып кеткени элестейт. Ал эми 1916-жылдагы ырларымды эскергенимде мен суудай аккан канды, көлдөй жашты элестетем».[91] Акындын өткөн доорду чагылдырган азыраак ырларынын катарында “Өткөндөгү бир элес” ыры бар. Бул ырында Чаткалды ээлеген басмачылар жөнүндө минтип ырдайт:

Бузулбас чеп болот деп,
Чаткалды ээлеп басмачы,
Өткөн-кеткен адамды,
Карактап эчен талады.
Убалына карабай,
Айыбы жок жазыксыз,
Өлтүрдү кары, баланы. [79,274-б.]. Ырды толук окуп чыкканбызда 20-30-жылдардагы карапайым элдин турмушу тууралуу толук маалымат алабыз. Акын бул ырында өзү да күбө болгон окуяны сүрөттөп, кедейлердин оор турмушунан кабар берет. Ал учурда басмачылардан качып, 3-4-жыл Олуя-Ата шаарында жашагандыгы тууралуу маалымат берген элек. Мына ушул

окуя акындын ырында толук чагылдырылат жана басмачынын “баарынын чоӊ мыктысы” Шермат сокур жөнүндө, кантисполком Чынаалынын, уполномочен Мамытбектин, актив Мадынын басмачылар тарабынан өлтүрүлгөндүгү тууралуу да сүрөттөйт. Кыскасы, акындын ушул ырынан 20-30-жылдардагы басмачылар сүргөн доору, карапайым элдин жашоосу көз алдыбызга даана элестейт. Демек, Алымкул Үсөнбаев өзбашынан өткөндөрдү ырга салуу менен катаал турмушту, өткөн доордун азап-кайгысын толук чагылдырып бере алган.

Советтик мезгил өз идеологиясын таратууда, элге жайылтууда Алымкул сындуу эл акындарын пайдаланышкан. Кыргызстандын ар кыл региондорунан, өрөөндөрүнөн өнөр ээлерин чогултуп, ырчы-чоорчуларын колхоз, совхоздоруна концерт койдуртуп, жумушчу-дыйкандардын руханий жан дүйнөсүн байытуу менен кошо идеологияны жайылтууну да милдеттендирген. Мындай процесстин кемчилик жактары менен кошо артыкчылык жактары болду. Токтогулдун, Калыктын, Осмонкулун, Алымкулдун «Ленин», «Партия», «Жаркын келечек» сыяктуу ырлары жаралды. Токтогулга «Кандай аял тууду экен, Ленindей уулду» деген ырларды чапташтырып, өмүр баянына бурмалоолорду киргизип, «демократ акын» катары идеялдаштырып келишти. Дал ушундай союздук масштабдагы саясий идеяларды ишке ашырууда ар бир элдеги уюткулуу талант ээлеринин өзгөчөлүгүн коммунистик партиянын камчысын чаптырып, кеңири массага алардын идеяларын жеткирүү жана жайылтуу багытында иштерге тартты. Ошону менен кошо кыргыз илимий жана маданий чөйрөсү үчүн артыкчылык жактары гана болгон десек болот. «Манас» эпосу сыяктуу көлөмдүү жана кенже эпосторубуздун ар кайсы варианттары жазылып, андан тышкары кенже эпостор, элдик поэмалар, миф-уламыштар, музыкалык күү-обондор кагаз бетине түшүрүлүп, Арстанбек, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы сыяктуу залкарлардын ар кыл темадагы ырлары урпактарына жетип отурат.

Андан тышкары ошол мезгилдеги тирүү таланттарга совет өкмөтү кам көрүп турган. Бул тууралуу Осмонкул төмөндөгү ырында:

«Жазгы маал болгондо,

Эгин айдап, мал бакпайм.

Күзгө маал болгондо,

Орок оруп, чөп чаппайм.

Менин атым Осмонкул,

Ырдап жүрүп жан сактайм», – [60, 10-б] деп бүткүл сырын ачкан. Ооба, Советтик бийлик келе электе төкмө ырчылардын жан багуусу таланты менен ишке ашып келгенин баамдасак болот. Кээ бир бай-манаптардын жеке ырчылары болуп, өзүлөрү жасаган иштерди, ата-бабаларынын эрдиктерин жана уруу намысын кадырын сактаганга алардын куюлуштуруп сүйлөгөн сөздөрүн, терең маанидеги ойлорун жана таасирин жеке кызыкчылыктары үчүн пайдаланып келишкен. Кыргыз элинин көчмөн маданий өзгөчөлүгүн эске алганда сөзгө абдан маани берип келгендигин төмөнөгүдөй ойлорунан эле баамдасак болот: «Өнөр алды – кызыл тил», «Айтылган сөз атылган ок», «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» ж.б. Ошондуктан сөздү баккан, сөздү кадырлаган төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрү карапайым элдер туу тутуп, алардын ойлорунан, ырларынан ырахат алып келишкендигин көрсөк болот. Айрыкча элдин көкүрөгүндөгү көйгөйүн коомдогу чындыкты, теңсиздикти ырдаган Токтогул, Жеңижок, Барпы, Калык сыяктуу залкарлар элдин колдоосуна ээ болуп, сүймөнчүлүгүнө татыган.

Андан тышкары ырчылык өнөрдүн өктөм элесине жеткичекти жамакчылык, ырчылык, төкмөлүк деңгээлдерди басып өткүчө комузду чебер ойнотконго, кулакка уккулуктуу коңур үнгө, кыргыздын тарыхын санжырасын, географиясын, кенже эпосторун үйрөнүп, элдин интелектуалдык катмарына өсүп жетиле баштаган. Мындай универсалдуу талантка ээ болуу менен элге багыт берчү, жол көрсөтө алчу руханий жол башчыларга айлана баштаган. Дал ушундай объективдүү жана субъектидүү себептерден улам төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрү коомдогу таасирдүү катмарга айлана алгандыгын баамдасак болот.

Компартиянын саясаты талант ээлерин чогултуп, алардын өнөрканасын изилдегенге жаркын таланттардын ачылышына, бири-бири менен тажрыйба

алмашып, чыгармачыл өнөрүн байытканга социалдык экономика жактан чоң шарт түзүп берди десек болот. Мурда өнөр ээлери бай-манаптардын же эл массасынын кызыкчыгын көздөп ырдап келсе, эми партиянын идеялык камчысын чаап, алардын идеяларын элге жеткирүү үчүн ырдамай болду. А.Үсөнбаевдин «Ленин» жөнүндөгү ырында:

«Ленин атын укканда,
Кубанган менин жүрөгүм,
Эл үчүн жанын аябай,
Эркиндик жолун күрөдүм.
Эмгекчил дыйкан элиңди,
Жан дилиң менен сүрөдүн.
Ойлогон максат тилегиң,
Жанчылган дыйкан кедейди,
Жарыкка сүйрөп чыгууга,
Мына азыр биз жеттик,
Эң бир сонун кылымга», – [79, 5-б.] деген ыр саптарында идеологиялык ураандын түзмө-түз көчүрмөлөрүн көп экенин көрсөк болот.

Негизи эле 20-40-жылдар аралыгында төкмөлүк өнөрканада эмес, профессионал адабияттын башаттарында деле Ленин боюнча окшош эле ойлор, салыштыруулар, пикирлер айтылган. Бул ыр саптарында деле алардын эч айырмаланбаган ойлор кынапталып жатканын баамдасак болот.

«Конститутция» деген ырында Совет өкмөтүнө кире элек убакыт менен андан кийинки мезгилди салыштырып мындай ырдаган:

«Эски убакта мындай теңдик болбогон,
Бай-манаптар кедейлерди кордогон.
Бай байланып, эшигинде кул болуп,
Эмгекчилер кызматында шордогон.
Эки жакка эрки менен бастырбай,
Ач карышкыр алды аркасын торкогон.
Кайгы күндөр башыбыздан алынды,
Калкым толкуп, кайра баштан жаңырды.

Союз болуп эркиндигин колго алып,

Мына кыргыз жер жүзүнө таанылды.

Малайлыкта күн өткөргөн кедейлер,

Кызматынан орден, алтын тагынды». [79,44-б]. Бул ырда айтылып тургандай Совет мезгилине чейинки жана советтик мезгилди салыштырып, адилетсиздик, теңсиздик, кулчулук сыяктуу көрүнүштөр берилип, Октябрдын келиши менен укуктары теңделип, эркиндиктин таза абасы менен дем алып, ар бир адам кылган эмгегине татыктуу бааланып, «орден», «медалдарга» ээ болгонун түшүнсөк болот. Дал ушундай мааниде эле «Биздин сот» деген ырын келтирсек болот:

«Эл жыйып суд кылчу эле эки жаран,

Бийлеген ал жыйынды зулум заман.

Пара алып, бай жанынын сөзүн сүйлөп,

Кедейди өкүм зордук кетчү талап.

Биздин суд, чын большевик, таза жүрөк.

Советтик уясынан учту түлөп.

Бир тиет, бир кишинин баласындай,

Урматка улуу орус келди сүрөп» [79, 75-б.]. Ушундай ырлар менен жаңы доорду, жаңы заманды мактап андагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү «Москва», «Конституция күнүнө», «Жыргап жатат элибиз», «Жыйырма жылдык октябрга арнап», «Москванын көрүнүшү», «Октябрдын таңы менен», «Учкан уя» сыяктуу ырлары Советтик өлкөнүн өзгөчө ар кыл жактарын белгилеп, кыргыз элинин илими, билими, маданияты эркиндикке жеткенин баса белгилеп көрсөткөн.

Негедир жогорудагы мисалга келтирген ырларында бир жактуулук, жалпы ой жүгүртүү башка төкмөлөрдөн айырмаланып турган индивидуалдык өзгөчөлүктү баамдай албайсың. Деги эле ырдалган ырлардын көпчүлүгү шаблонго түшкөн ойлор, кайталанма көз караштар менен чектелип, ырдалган ырларында кандайдыр бир берилүүлүк, өзгөчөлүк көрүнбөгөн сыяктуу. Мунун өзү эмгек алдыңкысын, өлкөнүн ийгилик, жетишкендиктерин

ырдоого берилген тапшырма, жалпы талаптын таасири болгон сыяктуу. Бирок, ошондой болсо дагы айрым акындарда бул тенденциядан чечерчилик менен чыгып кеткендерин байкоого болот. Мисалы, «Көр деп айтат ким мени» деген ырында Барпы да мурунку менен кийинки турмушту мындай ырдаган экен:

«Караны, акты көргөмүн,
Карасы өмүр чөлдөрүн.
Караңгы заман муунтуп,
Кайгынын зымын өргөмүн.
Күңгүрөнүп жүргөндө,
Кырк ташын самап төлгөнүн…
Кеңештин таңы жарк этип,
Кадиксиз аткан түндөрүм.
Калпты чындап бөлгөмүн.
Калкым мага көрсөттү,
Кадыр барктын төрлөрүн.
Конуш кылдым түбөлүк,
Кутмандуу күндүн мөлдөрүн. [сноска

Мисалда көрүнүп тургандай, өткөн турмуш менен азыркысын салыштырма планда ырга салуу ошол мезгилдеги негизги ойду берүү ыкмасы болгон. Мурунку өткөн турмуштун азаптуу күндөрүн айтуу менен жаңы замандын жетишкендиктерин ачып берүүнү максат кылышкан. Бардык акындарда кезиккен тенденциялуулук кеңештин «таңы жарк этип атуусу», «калкка жарык күн келип», «акындардын баары төрлөгөнү» ырга салынат. Бирок ошондой болсо дагы Барпы Советтик өкмөттүн алып келген адилеттүүлүгүн, теңчил идеяларын чагылдырууда астейдил мамиле жасагандай. Ырында нукура чындыктын эпкини уруп, ырчынын алдындагы акыйкаттык сыяктуу ички толгонуулар жатканын, турмуш жетишкендиктерин, доорду өздүк идивидуалдык кабылдоодон өткөрүп бергенин байкоо кыйын эмес. Мунун өзү акындын акын болуп калыптанышында, анын чыгармачылыкка жасаган

мамилеси анын тагдыры менен тыгыз байланыштуу экендигин күбөлөп турат.

Токтогулдун Токтогул болушуна анын тагдыры себеп болду, о.э. Барпынын жаштайынан көргөн татаал жашоосу, көзүнүн көрбөй калышы, анын санат-насыят, термелерди жогорку чекке жеткире ырдаганга түрткү берди. Болбосо буларда деле саясий идеологоиялык ырлары башка акындардан ашса ашып, бирок кем калбай турчу таланттын угуту бар эле.

Ал эми Алымкулдун чыгармачылыгынын такшалуусу, гүлдөп турган учуру советтик мезгилге туш болгондуктан, ошондой эле ар бир ырдаган ырында саясий жактан эркиндик болбогондуктан, тапшырма, көрсөтмө менен ырлар жаралгандыктан жогорку ой куроо, ички сезимталдык жактан аксоолор кезиккен беп божомолдоого болот.

Акындын чыгармаларындагы доордун чагылдырылышы айтыштарынан да ачык көрүнөт. Төкмөлүк өнөрдүн эң негизги өзгөчөлүгү ырчылык таланттын дараметин пайдаланып турмуш чындыгына айлана-чөйрөнү жана андагы болуп жаткан процесстерге даярдыгы жок эле куюлуштуруп кулакка уккулуктуу обон, адамдын көкүрөгүнө таасирдүү сөздөр менен жеткирүү болуп саналат. Бул төкмө акындардын акындыгын далилдөөчү – айтыш өнөрү. Алымкул да өз кезегниде устаты Токтогул, замандаштары Калык, Осмонкул сыяктуу төкмө акындар менен түрдүү айтыштарга түшкөн. Мындай айтыштардын катарында акындын алым-сабак айтышын бөлүп көрсөтүүгө болот. Алым-сабак айтышта эки төкмө акын ырдап жаткан ойлорду бири экинчисин улап, жактап, толуктап турган. Мындай метод өнөр ээсинин чеберчилигин, талантынын курчтугун, ой жүгүртүүсүнүн тереңдигин аныктап турат. Дал ушундай айтыш Алымкул менен Осмонкулдун ортосунда орун алып, Кеңеш мезгилиндеги социалдык-экономикалык шартты аныктап, доордун жүзүн чагылдырып турган.

Осмонкулдун Алымкул менен совхоздор жөнүндө ырдаган ырларында айтылган ойлорду бири-бири улап олтурат. Осмонкулдун:

«Айталы деп биздерге
Аксакалдар буюрду.

Менден көрө кичүүсүң,

Куттуктап кой Алымкул,

Кубанычтуу жыйынды», [79,558-бет]– деп агасы жол берип жатат. Бул жердеги айтыштын нугу эркин болуп, бири-экинчисин улап кетиш милдет болуп саналат.

«Алты область кыргызда,

Азыркы жыргал турмушта,

Жыйырма алты совхоздун,

Жыйнаган экен барларын,

Ээси келген өңдөнөт,

Өстүрүүчү чарбанын» [79,559-бет] – деп Алымкул ойду улап, журтка түшүндүрмө берип жатат. Кыргызстандагы мыкты иштеген совхоздордун жетекчилеринин жыйындарында ырдалып жаткан ырда алардын жетишкен ийгиликтери ырдалышы керек.

Андан Осмонкул ойду логикалык жактан улап жалпы аталыштан жекеге өтө баштайт:

«Ошончо совхоз ичинен,

Ильич алды болуптур.

Кошойдун уулу Өмүрзак,

Жүз бээден алып, жүз кулун,

Баатыр деп атак конуптур.

Байсалова Саанчы,

Беш миң литр сүт алып,

«Эпкиндүү» атка конуптур». – деген нукта совхоздордун алдыңкы баатырларын, эмгектерин эл-журтка даңазалап, башка совхоздун өкүлдөрүнө өрнөк катары сунуштап жатат. Осмонкул ырынын соңунда:

«Ушуга теңдеш Алымкул,

Кайсы совхоз болду экен?

Айтып бер өз элиңде» - деп бүтүрсө,

Алымкул:

«Аламүдүн» совхоздо,

Асыл тукум зоот мал.

Атын айтсам малында,

«Ала Тоо» аттуу уйлар бар.

Уй баккан малчы Бектенбай,

Аман баккан кышы-жай.

Ак ниеттүү малчынын

Кызматы болот ушундай». – деп Кеминдеги «Ильич» совхозуна тең келе турчу совхозду атап жалпы журттун алдында ага сый көргөзүп, даңазалап калышат.

Ошондой эле Осмонкул менен Алымкулдун алым-сабак айтыштарында «Көк Мойнок» совхозундагы Казболотов чабанды, Кең Таластын «Жоон төбө» совхозунун Досбергенов Төлөбай, «Оргочор» деген совхоздун Тынаева Зууракан, «Сухон хребет» совхозундагы Токтокандын дыйкандардын, эмгекчилердин эмгегин баса белгилеп ар биринин кайсы тармакта, кайсы багытта ийгиликтерге жетишкенин санап кетишип, артта калган, мамлекеттик планды аткара албай, ишти жыйынтыктуу алпара албаган совхоздорду эл алдында уяткарып өтөт.

Алымкул: «Билбей калган экенсиң,

Эгин жактан эң төмөн.

Бир совхозуң «Кайыңды».

Аралап бир күн көрүп ал.

Ушундай артта калган айылды. [79, 562-б.]

«Кайыңдыдай» жашырып,

Катып бирин калбагын!

Катып койгон экенсиз,

Дагы билбей калыпсыз,

«Чалдыбар» артта калганын,

«Директору түзүк» дейт,

Билбейби жөнүн чарбанын,

Кышында карга таштаптыр,

Кыйнатып арык малдарын», – [79,563-б] деп ырдаса, ал эми Осмонкул:

«Капте-Талдык» совхозун

Мен айтайын жөн-жөнүн.

Көрбөй калган экенсиң

Котур койдун өлгөнүн», – деп сындап ырдашканын айткыбыз келет.

Массалык маалыматтын азыркыдай актуалдуу боло электе, кыргыз элинин чоң жыйындарда ырчылардын ой пикирлери чоң мааниге ээ болгону белгилүү. Мындай жыйындарга акындар дыкат даярданып барышкандыгы алардын ар бир колхоз боюнча, ал колхоздогу адамдардын ар биринин аты-жөнү, жетишкен ийгиликтери жөнүндө кеңири маалыматы болгон. Бул маалыматтарды кагазга жазып алып окубагандыгы белгилүү. Бир айтканда илип алган куйма кулактыгы бардык нерсени илгиртпей ырга салышына себеп болгон.

Бул жерде ырдалган ырлардын масштабы «Ленин», «Партия», «Коммунизмге» караганда алда канча ылдыйраак болгон үчүн ачуу чындык менен туз себелеп өткөнүн байкап отурабыз. Анткени төкмөлүк өнөрдүн өзгөчөлүгү эркин ой жүгүртүп, адилеттүүлүктү көзгө сайып көргөзүп, чындыкты ортого таштоону эң негизги өзөк туткан.

Алымкулдун Ленин, партия жөнүндө ырдагандарында эч кандай жаңылык жок болуп жалпы шаблон менен кайра-кайра ырдалышы-ырчылык өнөрдү дайыма көзөмөлдөп, эмнени айтыш керек жана ырдаш керектигин белгилеп тургандыктан анын реалдуу жүзүн жон териси менен сезбестен партиялык бюрократтык иштеп чыккан сөзүн ырдап келген. Ошондуктан жалпы саясат жөнүндөгү ырларынын салмагы төмөндөп кеткен. Ал эми колхоз-совхоз сыяктуу Кыргызстандын ички иштериндеги маселелерди акырын оң тетири жактарын ырга салып, сындап турушкан.

Бардык доордогу өнөр ээлеринин, анын ичинде, төкмө ырчылардын турмуш чындыгын акты ак, караны кара деп ырдашы нукура талантка тийиштүү сапат деп эсептешкен. Мындай талант ээсинин көрсөткүчү

Толубай сынчынын чындыкты тайманбай эки көзүнөн ажыраса да айтканынан көрсөк болот.

Ал эми Алымкул да, Осмонкул да «Кайыңды», «Чалдыбар», «Капте Талдык» совхозунун ийгиликтерин айтып, жалпы жыйында ырдашы – чындыктын, адилеттүүлүктүн айтылып чыгышына болгон умтулуу эле. Болбосо совхоздордо бир гана өнүгүү өсүү болуп жатат, бардык маселелер чечилген десе калп болоруна шек жок эле.

Демек Алымкул да, Осмонкул да алым сабак айтышы аркылуу совхоздордун артыкчылыктары менен кошо кемчиликтерин айтып өтүшкөн.

Акыр аягында жараатты туз менен сээп туруп, акырын дарылап өтүшкөнүн төмөнкү саптардан көрсөк болот:

«Артта калыш жакшы эмес,

Ар убак болгон жарышта.

Ноокатта малга жайлуу жер,

Келдиңер андан далайлар,

Малчыларың кайда эле,

Баккан малын карабай?

Жаман эмес жериңер,

Жайыты кенен Чоң Алай.

Котур болгон койлорго,

Дарыны арбын сепкиле!

Аман басып чарбаңды

Силер да алдыңкыга жеткиле!», – деп келечекте ийгиликти багындыруусун каалаган.

Негизинен XX кылымдын экинчи чейрегине чейин биринчи дүйнөлүк согуш, революциялар, граждандык согуш сыяктуу каргашалуу убакыттар менен кошо миллиондогон адамдардын өмүрүн алган, дүйнөнүн үчтөн эки бөлүгү тартылган экинчи дүйнөлүк согушту кыргыз эли да башынан өткөрдү.

Бул учурдун түздөн-түз күбөсү катары А.Үсөнбаев да эсептелет. Анын элдин духун, маанайын көтөрүү, ачуу чындыкты көрсөткөн ырлары көп

кездешет. Бул доорду ырга салган Алымкул өзүнүн көргөн билгенин «Өлүмгө өлүм» деген ырында мындай ырдаган:

«Кээ жерден, кыштак калааны,
Ач көздүк менен акмактар,
Ар нерсени талады.
Кара малдай мууздады,
Катын менен баланы.
Күнү-түнү жумшап тындырбай,
Күң кылмак сүйгөн жарыңды.
Өлгөнүнө карабай,
Өжөрлүк менен чамынды.
Бетбака кантип берелик,
Береке жыргал дүйнөнү». [25, 67-б.]. Мисалда көрүнүп тургандай, акын өткөн турмуштун реалдуу картинасын тарта алды. Кыргыз баласы үй-бүлөнүн, ата-эненин, бир туугандарынын жана элинин тынчтыгын алган жоосуна айбат менен жооп кайтарарын «Туулуп өскөн мекенди, Душманга кантип беребиз», – деген саптарда ачыктай алды.

«Ак сакалдар» деген ырында согушка неберелерин, уулдарын, жээндерин кан майданга узаткан карыларга кайрат айтып ырдаганы жогорку деңгээлде ишке ашкан:

«Бактысын тилеп, кайрат кыл,
Ата-Журт коргоп кеткендин.
Карылар кайрат кылбаса,
Калкыңдын иши болобу,
Эскилер кирбей шыманып,
Эмгектин орду толобу?
Сексен төрткө чыкканда,
Жолойду жыккан Кошойдой,
Балбандан калган салт ошол,
Баарыңар болгун ошондой», – [79,71-б.] деп Кошойду, Кыргыл чалды мисал келтирип, кайратына кайрат, күчүнө күч кошкон. Кыргыздын байыркы

фольклордук улуттук баатырларынан үлгү алып, жол көрсөтчү өзөк кылып, идеализациялаган. Мындай салыштыруулар «Манас» эпосун идеал туткан элдер үчүн чоң күч-кубат берип келген.

Негизи эле төкмө акындар ар тараптуу талант болуп, кыргыздын тарыхын, эпосун, маданиятын, санжырасын беш колдой билип, элге жол көрсөтүүчү руханий лидер болушу шарт. Ал эми Манастан мисал тартканынан элдик духту бийик кастарлап, улуттук кадыр-баркты ардактоо, байыркы улут наркын кастарлоосунан кабар берет.

Жыйынтыктап айта турган болсок, анда А.Үсөнбаевдин доорду чагылдырууда бардык ырларында коомдун реалдуу картинасын ырга салганга аракеттенген. Бул төкмө акындын чыгармачылыгына илимий нукта объективдүү баа бере турган болсок, анда жалпы Союздук деңгээлдеги саясий көйгөйлөрдү козгоодо, айрыкча Ленин, партия, идеология жөнүндө ырдаган ырларында ошол мезгилдин талам-мүдөөсүнүн чегинде ыр курап, көпсүлүк акындарда кездешкен чыгармачылык тенденциянын нугунда ыр жаратканын, ага кандай саясий социалдык шарттар таасир бергенин көргөзгөнгө аракет кылдык. Акын чыгармаларын ошол мезгилдин духунда жаратканы менен өлкө ичиндеги маселелерге объективдүү позициясын билдирип, адилеттүүлүк принцибин карманганга аракет кылганын Осмонкул акын менен ырдашкан бир катар айтыштарын мисалга тартуу менен далилдегенге аракет кылдык.

### 3.3 Акындын чыгармаларынын поэтикалык мүнөзү

Акындар поэзиясы өзүнүн алгачкы башатын фольклордон алып жана өнүгүп келгендиги маалым. Ошондуктан элдик поэзиянын салтын өз боюна сиңирүү менен бирге анын көп формаларын өзүнө камтыган. Акындардын чыгармалары тематикалык, жанрдык, идеялык салттуулукдан сырткары дагы көркөм салтуулуктарды кабыл алат жана калыптандырат. Бул тууралуу адабиятчы М.К.Көлбаева “традициялуулук (салттуулук) биринчи кезекте, поэтикалык чыгармаларынын тилинин стилистикалык стереотиптүүлүгүнөн

көрүнөт. Ал элдик поэзиядагы көркөм формула жана шилтемелердин колдонулушу менен мүнөздөлөт.

Акындар чыгармачылыгы форма жагынан гана эмес, мазмуну боюнча да элдик поэзиянын салттарына таянат. Элдик поэзиянын салттарына чыгарма канчалык каныккан болсо, анын элге алымдуулугу (элдүүлүгү) ошончолук бийик болору анык” [40, 28-б.] дейт. Алымкул дагы өз чыгармачылыгында элдик поэзиянын салттарына, формаларына таянуу менен катар, ошол эле поэтикалык көркөм каражаттарды колдонууда өз алдынча өзгөчөлүктөрдү иштеп чыгат.

Алымкул биринчи кезекте ыр куроо, муун өлчөм, уйкаштык сындуу элдик поэзияда салтка айланган көркөм каражаттарга таянат. Алымкулда элдик салт мазмунда гана эмес, форманы берүүдө да өзгөчө экени байкалат. Мисалы, “Эшектен жолборс”, “Көзөлшаа” сыяктуу элдик жомокторду, элдик тамсилдерди кайрадан иштеп чыгып, жаңы формадагы, мазмундагы чыгармаларды элге тартуулайт.

Алымкул өзүнүн чыгармачылыгында башка акындардын акындык өнөрүндө сакталган салттуу поэтикалык формулаларды жыш пайдаланып, жаңы нерсе жаратууга аракет кылат. Мисалы: көп акындардын чыгармачылыгында кезиккен “Кара тоонун боорунан, Кайнап чыккан аккан суу” – деген аккан суу тууралуу философиялык салттуу формула Алымкулдун чыгармачылыгында да өздүк чеберчилик жана жаңы замандын деми менен ырдалган.

Ак жалама зоолордон,
Жарып чыккан аккан суу.
Алкымынан жез канат,
Балык чыккан аккан суу [79, 33-бет.]

Акындар чыгармачылыгын өкүлдөрүнө таандык арноо, эскерүү ыралырын да акындын чыгармачылыгында көп кездештиребиз. Мисалы: Калык ырчы Эшмамбет жөнүндө

Өжөр ырчы Эшмамбет,
Өтүмдүү ырга бай эле.

Ээ-жаа бербей эч кимге,

Элирип ырдап турганы,

Элестейт көзгө дагы эле.

Ак калпак элдин ичинде,

Акындын көкжалы эле – десе, Алымкул ырчы ушул формуланы “Калыкка эстелик” деген ырында төмөнкүчө берет:

Кедейден чыккан ырчы эле,

Кеби да өткүр курч эле.

Керек десе көпчүлүк

Келтирип ырдап турчу эле.

Калык качан келет деп,

Калкы да көңүл бурчу эле.

Алымкул ушул сыяктуу “Акын атама”, “Мусага эстелик”, “Атайга эстелик” ырларында улуу акындардын, комузчулардын, ырчылардын талантын ар тараптан баалап, салттуу формулага салат. Мындай салттуу формуланы ыктуу пайдалануу акындын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатып, өздүк корун көбөйтүүгө өбөлгө түзгөндүгүн байкайбыз.

Акындар поэзиясындагы айрым поэтикалык формулалар кайсы бир учурда бир эле сөздөн туруп формулалык касиетке ээ болуп каларын байкоого болот. Мисалы «жорго», «булбул», «күкүк», «торгой» жана башка сөз формулаларды айтууга болот. Белгилүү окумуштуу Г.Керк сөздөрдүн группасын гана формула деп албастан, айрым жеке сөздөрдү да формула катарында кароо туура деген сунушун айтып, «жеке сөздөр дагы формулалык касиетке ээ, формулалык тенденция мүнөздүү» [16,33-36-б.]- деп белгилеген. Ушундай сөз формулалар Алымкулдун чыгармаларында да берилет. Мисалы:

Ошондо барып көрүштүм,

Токтогул **булбул** асылга.

--------------------------------

Күүлөнүп ырдап отурсаң,

**Күкүк** элең шактагы.

-------------------------------

Мукем, көк жоргодой жулкунган,

Көлөкөлүү даракта.

**Көк тоту** болчу кулпунган.

**----------------------------**

Алдына даңкан салбаган,

**Жоргом** Током эсенби?

Ак кагаз көрбөй окуган

**Молдом** Током эсенби ж.б. – салттуу формалар арбын колдонулат. Мындай сөз формулалар тууралуу адабиятчы А.Садыков “акын жалпы элдик тилдин казынасынан пайдаланары чындык. Бирок, аны ар ким өзүлөрүнүн дараметине жараша ар кандай деңгээлде көркөмдөйт, коoздойт. Айталык, ал мурдатан фольклордо жашап келген сөз каражаттарына кайрылган күндө да, аны конкреттүү учурларга ыңгайлаштырат, ага жакын маанилик оттенколорду киргизет”[65, 69-б.] – деген пикирин айтат. Демек, Алымкул дагы элдик поэзиядагы салттуу көрүнүш болуп калган сөз формулаларга таянып, өз заманына ылайык маанилик боекторду берип, жаңылап келгенин жогорудагы мисалдардан көрүүгө болот. Элдик эпосту айтуучулар даяр поэтикалык каражаттарды, формулаларды пайдалануу менен чыгармага өз атынан кошумча азыраак киргизген. Ал эми чыгармачыл акындар салттуу каражаттарды өздөштүрүү менен кандайдыр жекелик, өз алдынчалык киргизишет. Бул акындын окуяна же затты сүрөттөөдөгү жеке кабыл алуусуна, өз алдынчалык өзгөчөлүгүнө, чыгармачылык кыял чабытына байланыштуу каралат.

Жазгыч жана төкмө акындардын чыгармачылыгында көркөм сүрөттөөнүн түрлөрү болгон салыштыруу жана эпитетти пайдалануу салтуу ыкма дешке болот. Адабиятчы Ш.Үмөталиев “Кайсы гана улуу акын же жазуучу болбосун, анын улуулугу – ал жактаган же ал көтөргөн идея менен идеялардын улуулугунда, прогрессивдүүлүгүндө жана аны өзүнө тете кылдат чеберчиликке ширей билгенинде” [98] – деген пикирди айтат. Чындыгында, акын чыгармачылыгында алып жүргөн терең идеялар дайыма чеберчилик

менен жасалган көркөмдүк менен ширелишип, андан соң гана төрт тарабы төп келген чыгармага айланат. Алымкул да мындай жагдай байкалат. Акын көркөм сөз каражаттарын ыктуу пайдалануу, ачык, таасирдүү чыгармаларды жарата алган.

Көркөм сөз каражаттарын пайдаланууда акын туш келди эле оюна келгенди айта бербестен, окурманга эстетикалык таасир тартуулоо көркөм чыгармачылыкта негизги шарттардын бири.

Образдуу сүрөттөөнүн маанилүү каражаты болгон салыштыруу жалпы окшоштуктары бар эки нерсенин (предмет, кубулуш, окуялар жана башка) бири–бирине окшоштурулуп көрсөтүлүшү аркылуу түзүлөт да, сүрөттөлүп жаткан нерсенин белгисин, сапатын же маанисин күчөтүп, сезимге түздөн-түз таасир этүүдө маанилүү роль ойнойт [35, 46-б]. Алымкул Үсөнбаев өзүнүн чыгармачылыгнда троптун эң эле кеңири тараган түрү болгон салыштырууну чыгармачылыгын дээрлик бардык жанрларында кеңири колдонот. Өзгөчө, жер-сууга арналган ырларында, ашыктык ырларында, жомок, поэмаларында ж.б. Бирок ошол салыштырууну да өз орду менен ыктуу пайдаланып, чыгрмаларында образдуулук жаратуусу ар бир акындын өздүк чеберчилигине байланыштуу. Акындын “Аттын сыны” ырын мисалга алып көрөлү:

Тамылжыган эки көз
Таңда чыккан чопондой.
Көмкөрүлгөн соорусу
Казан асып койгондой.
Көз кумары тулпардын
Көркөмүнө тойгондой.
Кашка маңдай, ак шыйрак
Колдон жасап койгондой. [79, 70-б.]

Бул мисалда көпчүлүк салыштыруулар акындын ар бир сабында кездешип, Алымкулдун атка берген сынын ар тараптан жеткиликтүү кылып турат. Ушул эле ойду акындын “Кронштад”, “Жаз”, “Жайдын көркү” ж.б. ырлары тууралуу да айтсак болот. Акындын “Ысык-Көл” аттуу поэмасында

эки доор салыштырылып, Ысык-Көлдүн өткөндөгүсү менен азыркысы таамай берүүгө жетишкен:

Эл көрбөгөн пайдасын
Ээсиз жаткан чөл эле.
Эгин айдап, тал тигип,
Эки жагы кең болду.
Балыр тепсеп жатчу эле,
Параход жүрчү көл болду. – деп антитезалык ыкманы ыктуу пайдалануу менен көлдүн көркөмдүгүн ачып берүүгө аракет жасайт.

Алымкулдун чыгармаларындагы “Асман менен сүйлөшүп, Турган **өңдүү** келбети”, “Тоо мойну шуру тагынган, тоту куш **сындуу** кубулуп” деген өңдүү саптарында салыштыруунун –дай мүчөсүнөн башка дагы “сындуу”, “сыяктуу”, “сымал” өңдүү жандоочтор аркылуу да уюштуруу ыгын пайдаланган.

“Айрым учурда ырдын ритмине, уйкаштыгына байланыштуу жана ыр саптарындагы муундарга карай –дай мүчөсүнүн шарттуу түрдө кыскарып калышы ыктымал” [34,49-б] деген эрежеге таянсак, акындын ырларында салыштыруунун дагы башка ыгы колдонулуп, “Жайкалып эгин буралат. Жай жылып **күмүш суу** агат”, “Желеленип тизилген, Жемишиң бышкан таттуу **бал**” деп берилет. Мисалда сүрөттөлүп жаткан суунун “тунуктугун күмүштөй”, Арсланбап токоюнда өскөн жемиштин “таттуулугу балдай” деп салыштырууну акын ырдын уйкаштыгына жараша кыскартып, салыштырууну уюштурду.

Алымкулдун чыгармаларында салыштыруудан башка дагы көркөм сөз каражаттарынын көп түрү кезигет. Алсак, акындын ырларынан фразеологизмдерди, метонимия, учкул сөздөрдү арбын кездештиребиз. Айталы, эпитетти акындын ар бир ырынан жыш кезиктирүүгө болот.

Мисалы: Торбулуу жайлоо Кырк-Серке,
**Торгоюм** Токо, өз жериң.
Береги конгон көп айыл,
Берекелүү өз элим.

Байкабай калдык биз дагы

**Булбулум** Током келгенин. [79, 496-б.]

Бул саптарда акындар чыгармачылыгында салттуу болгон «торгой», «булбул», «буудан» өңдүү туруктуу эпитеттеттердин колдонулушу калыптанып калган туруктуу поэткалык көрүнүш экенин дагы бир жолу ырастап олтурат. Акындын ырларында мындай туруктуу эпитеттер абдан көп кездешет. “Манас” трилогиясынан баштап көпчүлүк кенже эпостордун көркөмдүк касиетинде мурдатан калыптанып калган “айкөл”, “эр”, “жолборс” жана башка формула эпитеттерди да ыктуу колдонгон. “Канжарын эр Жунусбай сууруп алды” (“Жунусбай мерген”), “Эңишкен менен эңишип, Эр Олжобай карылуу”, “Көп болду элден кеткени, Көкжал эле Олжобай” (“Олжобай менен Кишимжан”), “Айкөл Манас жүргөн деп, Ааламга кеткен даңкың бар” (“Таластын көрүнүшү”)

Акындын чыгармаларында сын атооч сөз түркүмү аркылуу уюшулган эпитеттерди көрөбүз:

Кундактай түптүз кулан жал,
Кундуздай жүнү кой макмал,
Алты ай минсе арыбас,
Аргымактын баары бар.
--------------------------
Салпылдап чыкты асманга
Сарала моюн кулаалы.
-------------------------
Жер жүзүнөн жоёбуз,
Сендей желмогуз, көркоо залымды. ж.б.

зат атоочтордон Балдары барчын, алгыр куш,
Айланып учту жылдызга.
Согуш – кайгы, тынчтык эли жек көрөт,
Согуш – тажаал, соо адамдан кан төгөт.

сан атоотордон Сегиз кил чыгып бир түбү,
Центнеринен миң алса.

Акын мындан башка да тактоочтордон, чакчыл түрмөктөрдөн, башкача айтканда, сөз түркүмдөрүнүн бардык түрлөрүнөн эпитет куруугa жетишкен.

Алымкул ошондой эле бир эле кубулуштун, предметтин өзгөчөлүгүн бир нече эпитеттерди пайдалануу аркылуу ачып берет. Мисалы: “Москва” ырын алып көрөлү:

1. Энебиз да, атабыз да Москва,
Каалайсың сен, - элдин гүлдөп өсүшүн.
2. Касиеттүү алтын тутка Москва,
Көргөн жандын көнүлү чайттай ачылат.
3. Адамзаттын көркү алтын Москва,
Куштар болуп сени кимдер сүйбөгөн.
4. Жүрөгүсүң, кубатысың Москва,
Дүнүйөдө мүлдө эмгекчи элимдин.

Мисалда көрүнүп тургандай Москва шаарын сүрөттөө үчүн “алтын тутка”, “жүрөк”, “кубат”, “эне-ат” ж.б. ар түрдүү эпитеттер колдонулду.

Эрежеге ылайык эпитеттерди, теориялык мүнөздөмөлөрдү, көркөм адабиятта аткарган кызматына жараша, мазмуну жагынан туруктуу лирикалык, лиро-эпикалык сүрөттөөчү мүнөздөмө эпитет деп бөлүштүрүлүп келет. Сүрөттөөчү эпитет Алымкулдун «Толкуганда» аттуу ырында

Эргип алга жөносөм
Боз жоргодой чайпалып,
Коңгуроодой угулган
Кош добушум байкалып,
Оозумдан чыккан алтын сөз
Алда сонун көрүнүп,
Улам кайнап шакардай.
-------------------------
Каркырадай келишкен,
Илимге бүтүн берилген,
Келеңкор чачпак кең соору,
Кермаралдай керилген,

Адамга мээри жагыштуу

Асылдар чыгып келинден. - деп берилип, акындын колхоз турмушун берүүдө сүрөттөөчү эпитеттердин ыктуу пайдаланылгандыгы көрүнүп турат.

Убакыттын өтүшү, адабияттын өнүгүшү менен эпитеттер семантикалык маанисин өзгөрткөн сыяктуу, колдонгон эпитеттер да жаңы өң түс, жаңы маани алууга жетишти. Мындай эпитеттер акындын согуш темасындагы ырларынан өтө көп учуратабыз.

Аркасы бийик, сээри пас,
Түндө минсе түлкүдөй
Жол жүрүүгө богон маш.
Бууланып кара тер чыкса,
Буудандар талбайт алыска,
Эр жүрөк жигит кубаты,
Элиртип минсең чалышка,
Куйма туяк жез билек
Кубаттуу жылкы жарышта.
Жакшы ат жандын калкасы,
Эр жанчышкан чабышта. [79,84-б.]

Мисалда көрүнгөндөй, акын согуштагы жоокерлердин жана минген аттарынын күчтүүлүгүн ачып берүү үчүн “сээри пас”, куйма туяк”, “жез билек”, “эр жүрөк” экендигин баса белгилеп, сүрөттөөчү эпитеттин жаңы түрүн пайдаланды. Акындын ырларында бир эле нерсени атоо үчүн ырдын маанисине карата эки же болбосо андан ашык туруктуу эпитеттер менен берген учурлары да бар. Мисалы:

Өмүрүндү соолтуп,
Өчүрөбуз шамыңды.
Арылтпайбыз башыңдан,
Ажалдуу кызыл жалынды.

«Поэзиянын сөзү курч, эмоционалдык, эстетикалык таасир берүү касиетине ээ болуусу шарт. Ал үчүн поэзия жок жерден сөздү таппайт.

Кандай гана ташкын таланттуу акын болсо да, белгисиз сөздү колдонууга күчү жетпеси түшүнүктүү. Анын үстүнө ырдагы сөздөр элге түшүнүктүү болууга тийиш. Ушул жагынан алып караганда, тигил же бул акындын чыгармачылыгында ары зор, ары жоопту милдет дайыма күтүп тургансыйт. Мындагы сыр акындын өзүнө таандык күчтүү таланты, ошону менен катар дайыма изденүү, дайыма чыгармачылыкта көнүгүүлөрдү жасоо, ырчылыкта такшалуу болуп туруусу кажет» [72,112-б.]. Бул ой Алымкулдун шакирти Эстебеске ырдаган ырында "күмүш сырга" катары айтылуу менен, өзү да чыныгы акын болуунун эреже-жобосун жогору кармаган.

Элестетип отурам,
Эстебестей чагымды.
Томуктай кезде көргөмүн
Токтогулдай шайырды.
Алып жүрүп жанына,
Ачты эле менин багымды.
-----------------------------
Түзүк болуп калыпсың
Түшүндүм, жээним, жайыңды
Жаман эмес арышың
Жакшы эле айттың барыңды.
Такалбай ырды так айткын,
Таамайлуу сөздү шар айткын.
Оюн, күлкү, тамашаң
Олтурган элге жарашсын.
Канчалык айтсаң жадабай.
Калк оозуңду карашсын.
Бак-таалайлуу ырчы бол,
Бардык эл барктап талашсын.

Ырда көрүнүп тургандай, Алымкул алгач улуу аын Токтогулдун жанында жүрүп, ырычылыкка үйрөнгөнүн айтып келип, кийин шакирти Эстебеске акындыктын, эл алдында ырдоонун мыйзамдарын ыры аркылуу

түшүндүрүп жатканын көрөбүз. Чындыгында эле мындай жол көрсөтүү ырчылыкта, төкмөлүктө устат-шакиртчиликте салттуу ыкма катары бүгүнкү күнгө чейин уланып келгендигин айтууга болот.

Алымкулдун ырлары версификация жагынан башка акындардыкы сыяктуу эле силлабикалык системага кошулат. Бул система ыр саптарынын, муундардын бирдей өлчөмдө уюштурулушуна негизделет. Мындай ырды уюштуруучу жагдайлар негизинен рифма (уйкаштык) жана строфа эсептелинет. Акындын ырлары так строфалык бөлүнүшкө ээ эместиги байкалат. Строфанын өлчөмү сөздүн маанисине, берилип жаткан ойдун бүтүшүнө жараша аныкталат. Көпчүлүк убакта ыр строфалары эки, үч, төрт ыр саптарынан турат, кээде он, он бир, андан да ашык ыр саптарынан куралган учурлар кездешет.

Кыргыз ыр түзүлүшүн изилдеген окумуштуу Б.Керимжанова акындардын чыгармачылыгы өзүнүн мазмун, формаларына жараша уйкаштыктын көп түрлөрүн өзүнө камтып тургандыгын белгилеген. «Кыргыз акындарынын поэтикалык чыгармалары-деп жазат ал, -негизинен, өлчөмдүү ыр саптарына (строфаларга) бөлүнүп, аларда бир мааниге ээ болгон ой айтылат. Кээде эки же бир канча муундуу ырлар кайталанып созулган строфалардын бирдигинен турган чыгармалар кездешет. Мындай учурда рифма ар кайсы ыр саптарынан орун алат да, ыр белгилүү уйкаштыкта түзүлбөгөн болот» [35, 112-б.].

Аралашып кыргызга,
Атыр жыттуу жерде өскөн,
Ата-журттун ары үчүн,
Ажыдаар менен сермешкен.
Кандай душман беттешсе,
Кайткан эмес жеңбестен.
Туурдан учтуң кайран эр,
Душманга намыс бербестен.
Эр жүрөк кылдың жаштарды,
Ээрчитип жүрүп жетелеп,

Кыйын кылдың далайды,

Кыргыйдай таптап бөпөлөп – ырда көрүнүп тургандай, Алымкулдун “Панфиловду эскерип” аттуу ырынан алынган үзүндүдө строфалык бөлүнүү жок. Бирок ошол эле мезгилде бир мааниге бириктирилген ой жатат. Ырдын бул үзүндүсүндө биринчи бөлүктө уйкаштык “сермешкен”, “жеңбестен”, “бербестен” деген сөздөрдүн берилиши аркылуу уюштурулуп жатса, кийинки саптарда “жетелеп”, “бөпөлөп” деген сөздөр уйкашып жатат. Демек, бир эле мазмундагы ырда уйкаштыктын бир канча түрү колдонулганын көрүүгө болот. Бул сыяктуу өзгөрмөлүү учур чыгарма уланган сайын улам жаңырып турушу мүмкүн.

Жогорудагы мисалда рифма (ыр жолунун аяк жагынан уйкашуусу) сап аягынан учураганын көрдүк. Ал кээ бир учурда акындын чеберчилигине жараша, саптын баш жагынан да орун алышы мүмкүн.

Элиртип тулпар ат минип,
Эл коргой турган ушул кез.
Эне-атаң эркин өстүргөн,
Жер коргой турган ушул кез.
Тайманбастан эл үчүн,
Эл коргой турган ушул кез.

Мында: «эл коргой», «жер коргой» деген сөздөр саптын баш жагынан уйкашуусун камсыздап турса, кийинки «ушул кез», деген сөз улам кайталанып, эпифоралык милдет аткарып, ырдын угумдуулугун күчөтүп турат.

Ушундай эле ыкмада, бирок, антитезалык көрүнүштөгү, бир аз «драмалаштырылган» ыр түрмөктөрү да акындын ырларында жолугат:

Жат душмандын жаган оту өчкөн күн,
Жайнап элим жаңы журтка көчкөн күн.
Эсептелбес сан курулуш гүлдөтүп,
Эркин жыргап эл байлыг өскөн күн.
--------------------------------------------
Жеңем деп келген дущмандар,

Кара чымды жамынды.

Бомба түшкөн кара жер,

Гүлдөдү, кайра жаңырды.

Мисалдарда мезгилдик маанидеги антитезалык ыкма менен түзүлгөн уйкаштыкта “өчкөн күн”, “көчкөн күн”, “өскөн күн” эпифоралык ыкмада ырдалып, “жамынды”, “жаңырды” уйкаштыктары мезгилдик сыпаттоонун жардамы менен лирикалык каармандын ой толгоосун так сүрөттөп, ырдын маани берүүчү таасирин күчөтүп тургандыгы байкалат.

Чыгармачыл адамдын берейин деген оюн тереңдетип, чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттыруу максатында поэтикалык зарылдыктан келип чыккан, поэзиябыздын улуттук өзгөчөлүгүн белгилей турган аллитерация (ыр жолунун баш жагында үнсүз тыбыштардын, муундардын айкалышуусу) кубулушун акындын чыгармаларынан да байкоого болот.

Кол жетпес аска тоолору,

Кол менен урган коргондой.

Кар жетпес аска таштары,

Катарлап жыйып койгондой.

Кар эрип аккан суусуна,

Какшыган чөлдөр тойгондой. [79, 15-б]

Бул сыр саптарында көрүнүп тургандай, үнсүз тыбыштардын кайталанышы, башкача айтканда, стилдик ыкма ырдын көркөмдүүлүгүн, ырааттуулугун, коздугун күчөтүп, стилдик максатта пайдаланылган саптар кайталанып, ондолуп көрүнгөнү менен айтылчу ойду тактап, аныктап, тереңдетип бергендиги байкалып турат. Акындын ырларында мындай уйкаштыктар көп кездешет. Кээ бир ыр түрмөктөрү гана аллитерацияга илинбей калбаса, бүткүл ырда баштан аяк туташ аллитерациядан турган учурлар да кездешет. Көпчүлүк бөлүгү абдан татаалдашып, бир башталган аллитерация 10–20 саптан аша чапкан ыр түрмөктөрүн кучагына алат.

Катаган кетти түнөрүп, - А

Койчуга көзүн жиберип. - Б

Колоттон туюк айланып, - А

Кой астын тосту имерип. - Б
Камчыбек алыс калганы, - А
Кетсин деп күйүт-арманы. - А
Кара ириктин мойнуна, - В
Кыл чылбыр толгоп салганы. -А
Кыйкылдатып жөткүртүп, -Г
Карп-курп тартып алганы.-А [79,261-б.]

Бул 10 саптан турган ыр түрмөгү жалаң «ка», “кы” “ко” муунунан турган татаалдашкан туташ аллитерациядан түзүлүп, анафора менен катар аллитерация, ассонанстар айкалыша келип, ырдын фонологиялык коооздугун, көркөмдүгүн камсыз кылуу менен бирге, рифмасы вертикалдык алган ордуна жараша бир эле учурда ар түрдүү уйкаштыктан (аттама– А Б, А-Б; аксак А-В-А-А, кезектүү Г-А) курулуп, бир уйкаштык экинчиси менен алмаштырылган. Ал эми сап башындагы уйкаштык (аллитерация), сап аягындагы уйкаштыкка (рифмага) караганда өзүнүн бир кылкалыгы, туруктуулугу менен күчтүү экендигин аныктап турат. Мындан сырткары эки, үч, төрт же андан ашык саптар аллитерацияны түзүп, ортодо бир же эки сап аллитерацияга илинбей, бирок, андан кийинки саптар мурунку аллитерацияны улантып кеткен учурлар да кездешет:

Комузчуда жок эле,
Кол имерип какканы,
Күлө багып Токомдун,
Күүлөр үнүн тапканы.
Күүлөнүп ырдап отурсаң,
Күкүк элең шактагы,
Алдында жатып билинбей,
Ажалдын чапты капканы.
Качырган туйгун шекилдүү,
Калың элиң таппады.

Мында 7-8-саптар аллитерацияга илинбей, андан кийинкилери мурда келаткан аллитерацияны кайра улантып кетти.

Алымкулдун ырларындагы уйкаштыктын сөздүк курамы жагынан татаал жана жөнөкөй уйкашты колдонгонун көрөбүз.

Кайраттанып калк толкуп,,
Намысы келген окшоду.
Казанат бүтүн жылкынын,
Чалышы келген окшоду.
Баштап жүргөн кыргыздын,
Карысы келген окшоду. [79, 85-б]

Мында «окшоду» деген жөнөкөй сөз бул ыр саптарында жөнөкөй уйкаштыкты түзүп турат.

Канаттуу куштар өтө албас,
Карматып койгон чеби бар.
Каптаса тоону бузгандай,
Кадимки Балтика көлү бар.
Ак каардуу зоодой параход,
Айбаттуу, сүрдүү деми бар.
Ал деңиз толкуп чыкканда,
Агызып кетчү сели бар. [79, 125-б]

Строфадагы «чеби», «көлү», «деми», “сели” деген сөздөрдөн соң «бар» деген сөз жанаша келип, эки компоненттен туруп, редифтүү татаал уйкаштыкты түзүп турат.

Уйкаштыктын ыр сабындагы ордуна карата, мисалда көрүнүп тургандай, кезектүү уйкашты (уйкаштын схемасы: а–б–в–б–г-б-д-б) түзсө, ошондой эле мындан башка да аксак  уйкашты,

Суворов басып өттүң нечен жолду, (а)
Талкалап тап душмандар жайган торду. (а)
Үйрөнүп үлгү алган бир өзүңдөн, (б)
От жүрөк, эл коргогон баатыр болду. (а)

аттама уйкаштыкты:

Параддагы солдаттай,      (а)
Көчөттөр катар караса. (б)

Көңүлдөрү болуп жай, (а)
Бaратат жаштар жанаша. (б)

эгиз уйкаштыкты:

Баштарын тарап жуушту, (а)
Бардыгы карап турушту. (а)
Акылбек бала кеп айтат, (б)
Ал Сагынга деп айтат: (б)

көп кезиктиребиз, башкача айтканда, Алымкулдун ырларынын басымдуу бөлүгү аксак, аттама жана эгиз уйкаш менен ырдалган.

Алымкулдун чыгармаларында жарыш катарда бир эле элементтин кайра–кайра кайталанышына негизделген стилистикалык каражат – анафора да арбын кезигет.

Калтырбай айт баарын деп,
Кайталап сурап турасың.
Канат бүтүп өзгөргөм,
Кандайча көңүл бурасың.
Кана эмесе, үйгө жүр,
Калганын кечте угасың. [79, 58-б]

Мисал катары алынган Алымкулдун бир сабак ыры башкы сөзүнүн башкы үнсүз, үндүү «к», «а» тыбыштары үндөшүп кайталанып, үндөштүк анафораны түзүп, ырдын эмоционалдык таасирдүүлүгүн күчөтүп турганын байкалды. Акындын ырларынын көбү жаратылышты сүрөттөөгө, эмгекке чакырууга, Совет бийлигин даңктоого жана согуш темасына арналган. Согуш мезгилинде жазылган ырларына көз чаптырганыбызда, жоокерлерге кайрат, дем-күч берүү маанисин күчөтүү үчүн көңүл бөлүнгөн сөздү улам кайталоо менен кайчы анафора формасында түзүлгөн саптарды кезиктиребиз.

Ойдо жетсең, ойдо сой,
Кырда жетсең, кырда сой,
Көлдө жетсең, көлдө сой,
Көз жетпеген чөлдө сой.

Мында “жетсең” жана “сой” деген сөз улам-улам кайталанып, акындын жоокерлерге берген кайрат-демин арттырып, эмоционалдык күч берип турат. Ошону менен кайчы түзүлгөн анафора ырдын ыргактуулугун камсыз кылып, анын музыкалуулугун, уккулуктуулугун күчөтүп, адамдын эсинде көпкө сакталып кала тургандай жагдайды түзүп турат. Акындын жалпы ырларына, жогоруда көргөндөй, үндөштүк жана кайчы анафоралар мүнөздүү келип, синтаксистик анафора көп кездешпейт. Акын ырларында ыктуу колдонгон анафоралар ырдын синтаксистик кубулушун (конструкциясын) түзүүгө көмөк көрсөтүп, куплеттин же ырдын идеясынын ачылышында ритмдик толкунду уюштура ала турган, ырдын эмоционалдык күчүн ачууга багытталып, өзгөчө боёкторго, көркөмдүк каражаттарга ээ экендигин көрөбүз. Алардын бардыгы синтездешип, акындын ырларынын түзүлүшүн шарттап, маанилүү болуп чыгышын уюштурат. Уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген стилистикалык ыкма үндөштүк (ассонанс) Алымкулдун чыгармаларында Жеңижоктун «Айтамын санат тобуңа» деген ырындагыдай баштан аяк кездешпесе да, айрым ыр курулмаларында 10-12 саптан турган көлөмдө кезиктиребиз.

Мисалы:

Өзөндүү токой туюкка,
Өчпөс чырак жагылат
Өсүп балдар жетилди,
Өмүргө гүлдөп жаңырат.
Өлөрман ач көз душмандар,
Өрт коёбуз деп жүрүп,
Өлгөн тарпты жеп жүрүп,
Өскөн өлкө торуна,
Өзү эле бир күн чалынат.
Өз өмүрүн кыскартып,
Өлүмгө минтип багынат.[79, 116-б.]

Мисалда көрүнүп тургандай, «ө» тыбышынын кайра-кайра кайталанышы ассонансты түзүп, поэтикалык кептин жагымдуу жана уккулуктуу болушун жаратууда.

Синтаксистик бөлүнүшү (членение) жагынан акындын ырларына инверсия жана сөздөрдүн кайталанышы мүнөздүү. Ыр сабында ээнин ордуна баяндооч, баяндоочтун ордуна ээ, жандоочтун ордуна толуктооч өз тартибинен терс орун алмашуу жолу менен түзүлгөн синтаксистик ыкма (инверсия) акындын ырларында бирин-экин кездеше калат. Мисалы:

Тула-боюм тер басып,
Турумун айтып саламды.
Кымбатым Токо, булбул куш,
Кыргыз үчүн жаралды.[79, 493-б.]

Акындын Токтогулга алгачкы жолу жолугуп салам айтуусун кара сөз менен жазганда мындай берүүгө тийиш эле: «Кыргыз үчүн жаралган булбул куш Токомо салам айтам». Ал эми акындын улуу акынга салам айтышын логикалык жана эмоционалдык жактан күчөтүү, уйкаштыкка баш ийдирүү максатында автор инверсиялык ыкты чебер колдонгон. Инверсия саптар арасында гана эмес, бир эле саптагы сөздөрдүн орун алмашуусу аркылуу да түзүлгөнүн көрөбүз. Мисалы, “салам айтып турамын” деген ойду, уйкаштыкка баш ийдирүүдө “турумун айтып саламды” деп берген.

Чыгармаларда сүрөттөлүп жаткан түшүнүккө, окуяга же бирөөгө атайын назар салуу, көңүлүн ээлөө максатында жазылган кайталоолор акындын ырларында арбын кездешет.

Мисалы:

Башкага айтса угулбайт,
Кедейдин зарлуу үндөрү.
Акысын берип толуктап,
Кедейдин баркын билбеди. [79,326-б.]

---------------------------------

Коңгуроодой кошулса,
Үн сонуну сенде экен.
Жатык тартып ырдаса,

Тил сонуну сенде экен. [79, 23-б.]

Мында «кедейдин» деген сөздүн улам-улам кайталанып колдонулушу аркылуу кедейдин көргөн азаптарын, кыйын турмушун чагылдырса, экинчи мисалда "үн сонуну", "тил сонуну" деген сөздүн улам кайталанышы менен акындык ойду берүүнү улам тереңдетип, суктанууну күчөтүү максатында колдонот. Мындай кайталоолор поэтикалык речтин ыргагын, көркөмдүк сапатын андан ары арттырып, негизги ой ачылат да, чыгарманын адам сезимине таасир этүүчү эмоционалдык кубатын шарттап, шайкеш келип турат.

Кыргыз ырлары көпчүлүк элдердикиндей эки же андан көп саптардан турат. Ыр сабында ой толук айтылып бүтүүгө тийиш. «…белгилүү ыр жолунан туруп, ырдын бардык саптарында кайталанып турган ыр тобун (группасын) строфа деп атайт» Г.Шенгели [81, 288-б]. Ушуга ылайык, Алымкулдун  көпчүлүк ырлары бир канча саптардан туруп, ыр түрмөгүнөн түзүлгөнүн көрүүгө болот. Чыгармалардагы ыр түрмөктөрүндө аллитерация, ассонанс көп боло турган болсо, уйкаштыктын да көпчүлүк түрлөрү колдонулуп,  ыр түрмөгүнүн биримдикте түзүлүшүнө көмөктөшүп турат.

Көпчүлүк элдердин поэзиясында түрдүү строфалардан турган ырлар менен бирге дайыма такталып, колдонулуп келе жаткан туруктуу  ыр сабактары да бар.

Акындын чыгармаларында ар бир ыр жолдорунун акырында, кээде сап аттап барып уйкашуу мүнөздүү. Ошондой эле айрым сөздөрдүн кайталанышынан түзүлгөн ыр уйкаштарынынын саптын аяк жагынан уюшулган.

Бактысы баштан кетпеген,
Байлыктын кени, тууган жер.
Башка душман чок салбай,
Мамырап жаткан жыргал жер.
Башчы болуп көзөлдөр,
Таалайлуу доор курган жер.
Асылып келген душмандын,

Туусу кыйрап сынган жер. [79, 137-б.]

Мында «тууган жер», “жыргал жер”, “курган жер”, “сынган жер” деген сөздөр сап аягындагы уйкашууну уюштурууда. Мисалда акындын Кавказ жергесинин байлыгын, душмандар да басып ала албагандыгын тизмектете ырдоодо колдонулган форма. Ал ырдын ыргактуулугун арттырып, сүрөттөөгө багытталган ойду тактап, улам- улам басым менен белгилеп олтурат.

Эки сап ырдын биринчиси менен экинчиси өз ара уйкаштыктарга тутумдашып турган уйкаштыктын туруктуу формасын да акындын чыгармаларынан кезиктиребиз.

Туюкту бузуп жол салып,
Жиреп чыккан Ленин.
Душмандын туусун кулатып,
Тиреп чыккан Ленин.
Жанчылган элди жарыкка,
Сүрөп чыккан Ленин. [79,534-б.]

Мына ушундай ар бир сап ич ара («Туюкту бузуп жол салып», «Жиреп чыккан Ленин») уйкашып, бир маанини берип турат. Мындай форма акындын ырларында негизги орунда турбайт, айрым ата–журт, балдарга арналган ырларында жана айтыштарында гана сейрегирээк кездешет.

Г.Шенгели: «Строфа является обычно ешё и смысловым единством» [81,272-б.] - деп ырдын сырткы көрүнүшү, уйкашуу жолунан сырткары строфа да маанилүү бирдикти түзөөрүн туура белгилегендей, Алымкулдун ырларында уйкаштык канча табылса, ошончо сап кете берип, маанилик жактан түрдүүлөнүп турганын көрүүгө болот. Айрым учурда эки сап, айрым учурда төрт-беш сап бир маанини түшүндүрүп, айрым учурларда мындан да көп (мисалы: 40-50 сап) сап ыр бир мааниге багытталганын көрөбүз. Мисалы, акындын чыгармаларында төрт саптан жогору санда бир мааниге баш ийдирилгенин көрсөк болот,

4 саптан: Кылтыйып кырды ашканы,
Укмуштай бара жатканы,

Жетип келип ийнине,

Жашынып кире качканы. [79,406-б.]

5 саптан: Айнектей бети мелтиреп,

Ар бир көчө бурчунда,

Достуктун туусу желпинет,

Жаза берсең Киевдин

Жайнаган сонун көркү көп... [79, 173-б.]

6 саптан: Эски убакта мындай теңдик болбогон,

Бай-манаптар кедейлерди кордогон.

Баш байланып эшигинде кул болуп,

Эмгекчилер кызматында шордогон.

Эки жакка эки менен бастырбай,

Ач карышкыр алды-аркасын торгогон. [79,44-б.] ж.б. Мына ушул өңдүү саптардын санынын бир мааниге баш ийдирилгени төрт саптан тарта бир канча саптардан турарын көрүүгө болот. Акындын жаратылышка арналган айрым ырлары, кээ бир поэмалары 40-50 саптан туруп, бир маанини туюндуруп турганын да көрөбүз. Мындан Алымкулдун кыргыз акындарынын чыгармачылыгында кезиккен строфалык түрлөрдүн көбүн колдоно алган деген ойго келебиз.

Кыргыз адабиятында ыр түзүүдө ыргактуулукту түзүп турган негизги (белгилердин) факторлордун бири – муун өлчөмү. Муун өлчөмү тууралуу М.Борбугулов буларга токтолот: “муундардын санынан, бирдей саптардын кайталанышынан ыргак жаралат. Ал эми басым түшкөн жана түшпөгөн муундарда белгилүү бир ирет сакталбайт. ... Силлабикалык ырдын ыр саптарындагы муун сандарынын бирдей болушу өтө маанилүү, ал уйкаштыкка кызмат кылат. Ал эми уйкаштык поэтикалык сөздөгү тыбыштык окшоштуктан куралат.” [14,497-б.] Ушуга ылайык Алымкулдун жалпы чыгармачылыгы Калыгул, Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Барпы, Алдаш Молдо, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо сыяктуу жазгыч жана төкмө акындардын чеберлери пайдаланып, өнүктүрүп келген силлабикалык

системанын нугунда өнүктү. Анын чыгармаларында бирдей жана ошондой эле бирдей эмес болгон аралаш муун өлчөмдөрү бар.

Акындын көпчүлүк ырлары белгилүү бир ыргактуулукту түзүп, жети же сегиз муундуу бирдей муун өлчөмүнөн турат:

Сугатчы, сугат улансын, - 8 муун
Суйкалып эгин буралсын. – 8 муун
Көңүлгө жакын эмеспи, – 8 муун
Көргөндө дыйкан кубансын. – 8 муун
Сарманат кийип көрктөнүп, – 8 муун
Сапаты артсын күзүндө. – 8 муун
Түшүмдүү болсун жүгөрү, – 8 муун
Түгөнгүс байлык жүзүндө. – 8 муун

Демек, бул алынган мисалда ыр муундары бирдей сегиз муундан куралган, муундардын топтолушу 4 жана 3 болуп ирээтин сактап, ритм толкуну боюнча да, ритм бөлүкчөлөрү боюнча да бирдей абалда болуп, ырдын ыргактуулугун арттырды.

Акындын ырларында бирдей таза муундан курулган ырларга салыштырып караганда бирдей эмес аралаш муундан курулган (башкача айтканда, неравносложенные, смешанные размеры) ырлар көбүрөөк. Ошонун ичинде оромо же шакекче ыкмадагы муун курулмалары сейрек кездешсе,

Абалтан намыс бербеген, – 8 муун
Башынан кыргыз салтыбыз. – 8 муун
Кызыктырып укканды, – 7 муун
Кыйлага кеткен даңкыбыз. – 8 муун

эгиз (жуп), кайчы ыкмада түзүлгөн муун курулмалары жокко эсе. Анын көпчүлүк ыры аралаш муундан куралган ырлар.

Кыздан чыккан кыраандар – 7 муун
Кыргызда калган үлгүсү, – 8 муун
Кыз куудуга келген кыз – 7 муун
Атка бекем, шамдагай – 7 муун
Илгерки кыз Сайкал, Жаңыл синдиси, - 11 муун

Жабдыктап кызды мингизди – 8 муун
Жараган күлүк бууданга – 8 муун
Кыйкырып көп эл кол чапты, – 8 муун
Кыз атка камчы урганда. – 8 муун

Көрүнүп тургандай, Алымкулдун чыгармаларында салттуу болуп калган ыр түзүлүшүнүн муунчул түрүнө негизделген. Анда бирдей муун өлчөмү менен кошо, аралаш муун өлчөмү да ыктуу пайдаланылып, ырларынын ыргактуулугун түзүп, чоң көлөмдөгү, бийик көркөмдүктөгү саптар жаралды.

Кайсы гана поэзияда болбосун поэтикалык каражаттар көп колдонулары турган кеп. Мисалы, параллелизм поэтикалык ыкманын ролун аткарбастан, ыр өлчөмдөрүнүн да бир мүчөсү, компоненти катарында роль ойноору белгилүү.

«Поэтикалык паралеллизмдин колдонулушу лирикалык ырдын мазмундуулугунун спецификасы менен шартталат: анда бир жагынан символдуу образдар (жаратылыштан алынган), экинчи жагынан реалдуу адамзаттык образдардын болушу менен шартталат. Параллелизм принцибинде түзүлгөн ырларда мындай закончененмдүү ырааттуулук байкалат. Биринчиден, табияттын символикалык картинасы берилет, андан кийин турмуштагы образ-картина берилет. Бул бирге алынган эки картина идеялык-эмоционалдык жана көркөмдүк жактан бир бүтүндүктү түзөт» [40, 136–б.] Айрым учурда сүрөттөлүп жаткан объект бүтүндүк мааниси боюнча бирдей болбой калуусу мүмкүн. Бул жөнүндө А.Н.Веселовский: «Общая схема психологической параллели нам известна, сопоставлены два мотива, один подсказывает другой, они выясняют друг-друга, причем перевес на стороне того, который наполнен человеческим содержанием» [15, 169-б.]-дейт.

Көк өрдөк толуп, каз конгон,
Көл эсинен чыгарбайт.
Көк өрүш жайнап мал жаткан,
Төр эсинен чыгарбайт.

Капкагын ачып эл тапкан,
Кен эсинен чыгарбайт.
Аргымак байлап ат чапкан,
Ала-Тоолук ак калпак,
Эл эсинен чыгарбайт
Үлгүндү алып бирге өскөн,
Үйрөнүп жаштан бир дешкен,
Кошулуп топто сүйлөшкөн,
Комузун толгоп күүлөшкөн,
Катар ырдап үндөшкөн,
Кошо жүрүп үлгү алган,
Мен эсимен чыгарбайм. [79, 25-б.]

Бул түрмөктөр синтаксистик түзүлүшү боюнча бири-бирине параллелдүү келип, биринчи ой кийинки ойду толуктап турат, улуу акынды эч ким эсинен чыгарып койбойт деген ойду улам кийинки түрмөктө тереңдетип олтурганын көрөбүз, б.а. түрмөктөрдөгү ой кыйыр түрүндө үндөшүп турат. Параллелизм принцибинде алган символикалык картина түзүлүп, ырга эмоционалдык түс тартуулап, акыркы параллелде берилген негизги ойдун таасирдүүлүгүн күчөтүп, автордун же лирикалык каармандын ички сезиминин терең ачылышын камсыз кылып келет. Жогорудагы эле мисалда көрүнүп тургандай, алгач акынды көлдүн, төрдүн, элдин эсинен чыгарбай турганы айтылып келип, акыркы түрмөк автордун ички толгонуусу кошулуп, автордун негизги оюн ачык, жеткиликтүү, образдуу берүүгө көмөктөшүп турат.

Акын сүрөттөп жаткан көрүнүшкө окурмандын көңүлүн буруу максатында ойдун негизин ээлеген сөздү, же сөз түрмөгүн бир нече жолу кайталоо аркылуу түзүлгөн жай кайталанма параллелдер да бар.

Ак бариктүү токойго,
Конгон Током, эсенби?
Алты сан журттун эрмеги,
Болгон Током эсенби?

Алдына даңкан салбаган,
Жоргом Током, эсенби?
Ак кагаз көрбөй окуган,
Молдом Током эсенби? [79, 490-б]

Мында «Током, эсенби» деген редифтүү кайталоо менен уюшулган суроолуу саптар аркылуу Токтогул акындын улуулугун, даңктуулугун поэтизациялоого жетишкен.

Айрым ырларында узун созулган образдуу параллелизм түзүлөт да, негизги ой акындын турмуш жагдайына байланыштуу мурдагы жашоосунан мисал алып, азыркы абалын ошого салыштырып, образдуу параллелизмди түзөт. Мисалы, “Конститиутуция” деген ырында:

Эски убакта мындай теңдик болбогон,
Бай-манаптар кедейледи колдогон.
Баш байланып эишигинде кул болуп,
Эмгекчилер кызматында шордогон.
Эки жакка эрки менен бастырбай,
Ач карышкыр алды-аркасын жойлогон.

Кайгы күндөр башыбыздан алынды,
Калкым толкуп кайра баштан жаңырды.
Союз болуп эркиндигин колго алып,
Мына кыргыз жер жүзүнө таанылды.
Малайлыкта күн өткөргөн кедейлер,
Кызматынан алтын орден тагынды. [79, 44-б.]

Бул мисалда көрүнүп тургандай, кыргыз элинин мурунку заманы менен кийинкисин чагылдырууда образдуу парралелизм ыкмасын ыктуу пайдалануу менен ары даана, ары ачык, эмоционалдуу ачып берүүгө жетише алган. Мисалдагы бири-бирине карама-каршы сүрөттөлгөн эки ой мезгилдик маанини да алып, ал учурдагы доордун сүрөтүн тартууга жетишкен. Демек, Алымкул чыгармаларынын образдуулугун арттырып, айтылган ойдун

бийиктигин тартуулоо үчүн параллелизмдин түрдүү ыкмаларын колдоно алганын көрө алдык.

Акындар чыгармачылыгындагы салттуулукдын дагы бири элдик поэзиядагы ыр түзүлүшүн, уйкаштыкты, ыргактуулукту өз чыгармаларында пайдалануудан көрүнөт. Мисалы, Алымкулда:

Эркиндик элде ынтымак, – 8 муун

Эмки жашты карачы. – 8 муун

Бирин-бири сыйлашып. – 7 муун [79, 198-б.]

Элдик санат ырларында:

Кетсе айылдан ынтымак, - 8 муун

Жигит башы тел болор. – 7 муун

Арстанбек Буйлаш уулунда:

Ынтымак болсо элиңде, - 8 муун

Кут конордун белгиси – 7 муун

Нишан Молдо:

Ынтымак кетсе элиңден – 8 муун

Бекинесиң душмандан – 7 муун

Бүркүттөн качкан улардай – 8 муун. [82, 90-б.] Акындар чыгармачылыгындагы бул өңдүү муундук параллелдер ыр түзүлүшүндөгү салттуулукту түзүү менен мазмундук окшоштуктарды б.а. салттуулукту түзө турганын көрүүгө болот. Ар бир акын көтөрүлгөн проблемага карата өз көз карашын билдиргени менен жалпы мазмунда салтуулук белгилердин сакталганы ачык байкалат.

Булардан сырткары Алымкулдун чыгармаларында элдик накыл сөздөр, макал-ылакаптар, фразеологизмдер, неологизмдер, антоним, синоним сыңары тил каражаттары эркин, ыгына жараша шайма-шай колдонулат.

Курамындагы сөздөр өзүнүн баштапкы, түздөн-түз негизги маанисинен ажырап, бир бүтүндүккө бириктирип, чыгармалардын ажарын бийиктетип, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүп, ойду курч, элестүү берүүчү туруктуу сөз айкаштары (фразеологизмдер) акындын ырларында

арбын кезигет. Алар көбүнчө таалим тарбиялык мааниге сугарылган санат, терме, насыят ырларында жыш колдонулат.

- Ойлогун досум! – деп койду,
Оту жайнап көзүндө.
Кубанып тыптынч олтурду,
Кулак салып сөзүмө.
---------------------------------
Чекилик кылбай койлорго,
Чебердеп жолду баштаган.
Жүдөөсүң кызыл шишегим,
Жүүнүң бош окшойт далайдан. [79, 59-б.]
----------------------------------
Жигит болсоң бекем бол,
Жашык талдай морт болбо.
Мээримдүү бол, сылык бол,
Мүнөзү начар чорт болбо.[79, 257-б.]

Мисалда кезиккен фразеологиялык айкаштар ырдагы каарманды сүрөттөөдө жана жаштарга берген насааттарында ойду курч, элестүү берүүгө кызмат өтөп, ырдын таасирдүүлүгүн күчөтүп, ырчынын негизги оюн жеткиликтүү, таамай ачып берүүчү жүгүн аркалап турат.

Акындын ырларында ар кандай интонациялык фигуралар, риторикалык суроо, кайрылуулар автордун ички туйгусун, толгонууларын ачык чагылдырып, анын тилине поэтикалык добуш берип турат. Мисалы, жооп суроонун өзүндө камтылган автордун же каармандын жооп талап кылбаган суроо түрүндөгү сөзү, риторикалык суроо Алымкулдун айтыштарында жана анын вариантындагы кенже эпостордо арбын кездешет. Демек, акындын чыгармачылыгында риторикалык суроо ыктуу пайдаланылган стилистикалык ыкмасы болгон.

Кайрылып Токо, кономбу?
Калк ырчысы боломбу?
Же калкымдан чыкпай соломбу?

Каргадай болгон бул балаң,

Канткенде туруп оңолду? [79, 493-б.]

Мисалда көрүнүп тургандай, ыктуу пайдаланылган риторикалык суроо автордун Токтогулга кайрылуу жасап, “Калк ырчысы боломбу же калкымдан чыкпай соломбу” деген кайрылуу менен акындын оюн күчтөндүрүп, психологиялык толгонуусун чагылдыруу учүн колдонулду.

Ажырадым мен сенден,

Айла жок кандай кыламын?

-------------------------------

Ээси ким малымдын,

Боздогон чымын жанымдын?

------------------------------

Бергени актын мына ошол,

Мен байкуш эми кимге таарындым? [33,183-б.]

Акындын “Олжобай менен Кишимжан” эпосунан алынган бул риторикалык суроодо каармандын убайым тарткан абалы, ички психологиялык толгонуусу көз алдыбызга ачык тартылат. Демек, Алымкулдун чыгармачылыгында бир эле учурда риторикалык суроо менен риторикалык кайрылуунун айкалыша берилиши автордун оюнун жеткиликтүү чыгышына түрткү болгон.

Алымкулдун ырларындагы тематикалык-идеялык бөтөнчөлүгүнө жараша көркөм сөз каражаттарын да өзгөчөлүк менен пайдаланат. Анын ырларынын тили элге түшүнүктүү. Акындын ырларында элдин турмуш тиричилигине байланышкан сөздөр жана элдик акылмандыктын казынасынан алынган акылман сөздөр, макал-ылакаптар, накыл сөздөр көп колдонулат. Алар кыргыздын менталитетин көрсөтүп, элдин жоокерчилик, малчылык, мергенчилик кесибин чагылдырып, калкыбыздын жай турмушун сүрөттөйт.

Алымкулдун ырларында өткөндөгү жашоо-турмушун өзгөчө ыкмада сүрөттөп койгондой туюлушу мүмкүн. Бирок, бул акындын өзү жашаган жаңы замандын жетишкендиктерин, өзгөрүүлөрүн ачып берүү үчүн пайдаланылган көркөм ыкмасы болуп эсептелет. Ошентип, акын жашаган

эки доордун сүрөтүн көркөм сөздө чагылдырууда Алымкул салыштыруу, карама-каршы коюу аркылуу ар бир мезгилдин сүрөтүн тартууга аракет жасайт.

Алымкулдун жаратылышты сүрөттөөсү элдик поэзиянын мурдатан келаткан салттуу мотивине окшош. Белгилүү жерлердин, өзү жашаган аймактын аттарын атап, анын образын элестүү берүү ага карата өзүнүн мамилесин жана көз карашын билдирет. Акындын табият көрүнүшүн сүрөттөөсү көбүнчө  жаратылышка арналган, советтик доордо өзгөрүүлөргө учураган жер-сууну сүрөттөгөн жана айтыш ырларында өзүн тааныштыруу, эли-жери тууралуу маалымат берүүдө көп колдонулган.

Акындын жаңы заман тууралуу ырларында мурунку замандагы “эски убакта мындай теңдик болбогонун, бай-манаптар кедейлерли кордогонун” чагылдырууда, өзү жашап жаткан жарды-байы белгисиз, кедейге укук берген жаңы замандын жакшы жактарын сыпаттоодо баяндоо мотиви, өткөн турмушту эскерген «лирикалык чегинүүлөрү» менен айырмаланып турат.

Алымкулдун үлгү, насыят, терме иретинде айтылган саптарында таалим-тарбиялык ойлор бийик үлгүдө ырдалып,  жыйынтыктуу. Андай саптарда элдик тажрыйбанын, акылмандыктын, аңдап-байкоонун келкиси көрүнөт. Анафора, аллитерация ыр саптарын байланыштыруунун, бириктирүүнүн ыкмасы катарында кызмат кылат. Тигил же бул салттарды күчөтүп сыпаттоо үчүн риторикалык суроолор жолугат. Насаат, санат саптарында салыштыруу өтө кыска келип, анда ошол эле белгилүү мотивдер жыйынтыкталган формада, дидактикалык резюме түрүндө берилет.

Алымкулдун арноолорунда, эскерүүлөрүндө сүрөттөөнүн өзгөчө ыкмада колдонулуп, салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттардын көп пайдаланылганын көрөбүз. Себеби, арноого, эскерүүгө алынып жаткан адамдын сырткы келбетин, адамдык сапаттарын, иш тажрыйбасын, эл арасындагы кадыр-баркын ачып берүү үчүн жогорудагы көркөм каражаттарды ыктуу пайдалануу талап кылынары турган кеп.

Ал эми айтыштарында салттуу болуп калган саламдашуударда, өзүн тааныштырууда, өнөктөшүнүн абал-жайын суроодо көбүнчө баяндоо,

сүрөттөө ыкмасы көп колдонулуп, көркөм каражаттарды чыгарманын мүнөзүнө, мазмунуна ылайык ээн-эркин колдонгонун көрө алабыз.

Алымкулдун чыгармаларынын речитативдүү мүнөзүн да белгилей кетүү керек. Анын ырларынан обондуу ритм өзгөчө байкалып турат. Улуу сынчы В.Г.Белинский поэзиядагы ритмдин зор маанисине токтолуп, аны элдик ырлардын узак жашашынын бир себеби катары карап, көпчүлүк элдик ырлар өзүнүн мазмуну гана эмес, элдик ритмдердин, сөздөрүнүн кыналып байланышкандыгы аркылуу жаралган үндөрдүн, обондордун музыкалуулугу менен да элдин эсинде сакталып тура тургандыгын жазган. Мындай касиет Алымкулдун чыгармаларында чоң мааниге ээ болуп, бүгүнкү күндө да эл арасында жогору бааланып келет.

Акындын ырларындагы камтылган ойдо эмоционалдуулук, логикалык ырааттуулук толук сакталып, көркөмдүк деңгээли жогору келип, тил каражаттарын ээн эркин пайдаланып, поэзиянын мыкты үлгүлөрүн жараткан. Көркөм чыгарманы куруу техникасын мыкты билген, тилдик кубулуштарды, уйкаштыктарды толук өздөштүрө алган.

Жыйынтыктап айтканда, Алымкулдун чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттарын анализдөө, алардын ар түрдүүлүгү акындын көркөмдүк чеберчилигинин бийиктиги жөнүндө айтууга негиз берет.

## Үчүнчү бап боюнча жыйынтыктар

- Акын  30-40-жылдары акын курч саясий ырларды, көлөмдүү поэмаларды жараткан. Ырларынын көбү элдин өзгөрүп жаткан турмушуна арналып, эмгек, өнүгүү, Ленин, партия, коллективдештирүү темасында болуп, саясий идеялар камтылган.
- Акындын табият темасындагы ырлары чыгармачылыгын бардык учурунда ырдалганын байкоо кыйын эмес. Табияттык сүрөттөөлөр акындын “Жайлоодо”, “Жалал-Абад”, “Көгарт”, “Суусамыр” ж.б. көптөгөн ырларында жогорку деңгээлде берилип, окурмандын көз алдына бул жерлердин жаратылышын коoздугу менен бирге, ал

жерлерде болуп жаткан өзгөрүүлөр да даана тартылат. Бул акындын табият жөнүндөгү салттуу ырларды улай, өздүк чеберчилиги экенин да белгилесек болот.

- Ата-Мекендик согуш темасы акындын чыгармачылыгынын басымдуу бөлүгүн ээлейт. Согуш жылдарындагы акындын ырлары акындын импровизатордук чыгармачылыгына мүнөздүү арноо, чакырык, баатырдык баяндоо, лирикалык ой жүгүртүү формасында жазылган. Согуш темасы акындын элге кайрылган үндөөлөрүндө, фронттун жана тылдын турмушун элестеткен сүрөттөөлөрүндө ачык көрүнөт. Бул учурдагы ырларынын негизги идеясы – аскерлерге дем, шык берүү, советтик армияны даңктоо, оорукта калган элге кайрат айтуу, эмгекке үндөө болгон.
- Алымкул акындын тематикасы абдан бай экени байкалат. Согуш, табият, эмгек темаларынна башка тынчтык, махабат темасына да кайрылган жана балдарга арналган ырлары да бир топ экенин көрөбүз.
- Акындын чыгармалары жанрдык жактан көп түрдүү. Ал эпикалык, дидактикалык жана лирикалык жанрларда чыгармаларды жараткан. Тагыраак айтканда, балдарга арналган ырлары санат-насыят түрүндө болуп, дидактикалык жанрда болсо, сүйүү, арноо ырлары лирикалык жанрдын үлгүлөрүнө кирет. Балдарга арналган санат ырлары элдик оозеки чыгармачылыктагы салтуу болуп калган санат-насыят ырларынын нугунда өзүнүн чыгармаларын жаратуу менен өз заманынын  жетишкендиктерин, кемчиликтерин кошо сүрөттөө менен бул жанрларга жаңы бир өң-түс бергенин байкоого болот. Бул акындын өздүк чеберчилиги экени ырас.
- Алымкул чыгармаларында элдик чыгармачылыкта салттуу болуп келген поэтикалык ыкмаларга таянат. Ал элдик поэзиядагы салттуу мазмунду гана эмес форманы да кабыл алып, традициялуу поэтикалык формулаларды пайдаланып, мезгилдин агымына ылайык жаңычыл мүнөздөгүсүн жаратууга аракет жасайт;

- Акындын чыгармаларында салыштыруу, эпитет, параллелизм өңдүү көркөм каражаттардын көп түрү колдонулуп, чыгарманын мазмунуна ылайык ар бир көркөм каражаттын бир нече түрлөрү ыгына жараша пайдаланганын көрдүк. Мисалы, эпитеттин туруктуу, лиро-эпикалык, сүрөттөөчү маанайда айтылганы, түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал эпитеттердин колдонулушу ж.б. Бул маселеде Алымкулдун салттык мүнөздөгү көркөм каражаттарды пайдалануусу менен заман талабына жараша акындык чеберчилик аркылуу жаратылган жаңы көркөм каражаттарды көрө алдык. Бул акындык чеберчиликтин айкын күбөсү болуп берет;
- Алымкулдун чыгармалары строфалык жактан так бөлүнгөн өлчөмгө ээ эмес. Мындай өзгөчөлүк акындар поэзиясындагы өнөр адамдарынын дээрлик көпчүлүгүндө кезиккен өзгөчөлүк. Ал эми уйкаштык жагынан Алымкулдун чыгармачылыгында жөнөкөй, татаал түрлөрү көп колдонулуп, чыгарманын ыгына жараша көбүнчө эгиз, аксак, аттама уйкаштар көп колдонуларын белгиледик;
- Муун өлчөмү жагынан  Алымкулдун чыгармалары негизинен 7-8 муундук өлчөмдө түзүлгөн. Кийн акын жазма адабияттын үлгүлөрүнө көбүрөөк ык кое баштаганда 11-12 муундук ырларды жараткан. Ошондой эле бирдей эмес (неравносложенные, смешанные размеры) муун өлчөмүндөгү ырлары да бар.
- Жалпысынан алганда, акындын чыгармалары элдик поэзиянын нугунда өнүгүү менен жаңычыл мүнөздөгү поэтикалык ыкмаларды, каражаттарды жаратып, индивидуалдык белгилерге ээ болгон. Алымкулдун чыгармаларынын көркөмдүк деңгээлинин бийиктиги, ырларынын кооз, уккулуктуулугу, тилинин байлыгы, уйкаштыктарынын тактыгы, ыргагынын ийкемдүүлүгү акындын чыгармаларына жасалган поэтикалык анализден дагы бир ирет тастыкталып олтурат.

# Корутунду

Төкмө акын, эл ырчысы Алмкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын комплекстүү изилдөөдө төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

- **Алымкул Үсөнбаев – төкмө акын.** Алымкул өз чыгармачылыгын чакан той-аштарда, кыз оюндарда секетпай, күйгөн ырларды аткаруудан баштайт. Кийин таасирленүү, көнүгүү, тажрыйба топтоо, жамакчылык, өз алдынчалыкка өтүү, төкмөлүк же айтыш акыны, устаттык сындуу салттуу өнүгүү этаптарды басып өтүп, чыгармачылыгы андан ары калыптанган. Акындын акын болуп, чыгармачылыгынын андан ары өнүгүшүнө айылдаш акындар Сулайман, Аттокур, Айдараалы, Үмөталы ырчылардын, кийин Токтогулдун салымы зор болгон. Кийин кыргыздын улуу акындары Токтогул, Калык, Осмонкул, Ысмайыл өңдүү акындар менен эл алдында ырдашып, чыныгы төкмөлүк сапатты калыптандырган;
- **Алымкул Үсөнбаевдин чыгармалары 30-жылдардан баштап жарык көрө баштайт.** Акын алгачкы “Ырлар” жыйнагы 1938-жылы басылып чыккан. Ушундан баштап ыр жыйнактары, жомоктору, анын вариантындагы кенже эпостор тынбай жарыяланып келет. Ал эми акындын чыгармачылыгына илимий баа берүү иши К.Маликовдун макаласынан башталып, Ж.Таштемиров, С.Байходжоев, С.Мусаев, Б.Кебекова, А.Обозканов, А.Турдугулов, С.Тиллебаев, М.Көлбаева ж.б. сыяктуу адабиятчылардын акындар поэзиясы тууралуу эмгектеринде, о.э. кыргыз адабиятынын тарыхында, антологиясында, кыргыз адабиятынын тарыхында, залкар акындар серияларында акындын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу илимий талдоолор айтылып, портреттик мүнөздөгү иштер жазылган;
- **Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында акындар поэзиясындагы салттуулук толук сакталган.** Муну акындын турган жеринде ырды төгүп ырдаган төкмөлүгүнөн, чыгармачылык синкретизминен, устат-шакиртчиликтин салттуулугунан, идеялык-тематикалык, поэтикалык салттуулуктардан көрөбүз;

- **Алымкул Үсөнбаев – айтыш өнөрүнүн мыкты өкүлү.** Акындын Токтогул, Калык, Осмонкул сыяктуу белгилүү акындар менен болгон алым-сабак, учурашуу айтыштары бар. Токтогул менен ырдашкан “Акбаары”, “Кырк-Серке жайлоосунда Токтогул менен жолугушуу”, “Аксы багытында” жана “Осмонкул менен Алымкулдун совхоздор жөнүндө айтышы” сындуу айтыштары бул жанрдын классикалык үлгүсү катары бүгүнкү күнгө чейин ырдалып келет. Акындын айтыштарында жаңы заманды, совет өлкөсүнүн жетишкендиктерин даңазалоо идеялары күч экени байкалат;
- **Алымкул Үсөнбаев – өз вариантын жараткан айтуучу.** Акын элдик эпостордун бир нечесин ырдап, “Кожожаш”, “Саринжи-Бөкөй”, “Олжобай менен Кишимжан” сындуу эпосторду образдык жактан толуктап, негизги канондук сюжеттерге алымча кошумчаларын киргизип, өздүк варианттарын жарата алган. Ошондой эле “Нарикбай” элдик поэмасын айткандыгы тууралуу маалымат бар. Акындын вариантындагы кенже эпостордон тышкары анын эпикалык жанрдагы жомоктору да белгилүү. Элдик жомокторду трансформациялап, ыр түрүндө жомок жаратышы акындын айтуучулугу менен бирге каралуучу өздүк чеберчилигинен кабар берет. Элдик жомокторду ырга салып, аларга жаңы түс берип, мааниси курч тамсилдерди да жараткан. Анын жомоктору, тамсилдери курч окуялуулугу жана поэтикалык өзгөчөлүгү менен өз алдынчалыкка ээ;
- **Алымкул Үсөнбаев – акындар чыгармачылыгындагы тематикалык салтты** өз чыгармачылыгында улантып, аккан суу, махабат, табият сындуу салттуу темаларга өз чеберчилигине жараша жаңычылдыктарды киргизген. Табият темасындагы ырларында пейзаждык сүрөттөлөргө өтө бай жана заман талабына ылайык жаңылыктарды киргизүү менен ырларынын элдүүлүгүн арттыра алган.
- **Акын – доордун жарчысы.** Ал эки доордо өмүр кечирсе дагы акындык өнөрдөгү салттуу чыгармачылык жолду тутунуп, жаңы заманга жараша жаңычыл темада, идеяда чыгармаларды жаратып, өз ийгиликтерин көрсөтө алды. Жаңы доордо жартакан ырлары көбүнесе согуш, жаңы замандын жетишкендиктерин даңазалоо, чакырык темасындагы ырлар.

Акындын салттуу ырларынан, жаңычыл мүнөздөгү чыгармаларынан көркөмдүүлүгү жактан ийгиликтүү чыккан ырлары арбын.

Акындын согуш темасындагы ырлары согуштагы жоокерлерге дем-күч берип турса, тылдагы эмгекчи элге кайрат берип турган. Акын элдик ырчы, ал элдин жашоосунда кандай жаңылык болсо ырга салган. Партия, Ленин, Совет өкмөтү жөнүндөгү ырлары жаңы заман жөнүндө элди кабардар кылуу, эмгекке, окууга чакыруу мүнөздө болгон. Бул жаатта акын ырларды , "Биринчи бригада" сыяктуу көлөмдүү поэмаларын да жараткан

• **Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларынын тили бай, көркөмдүгү бийик.** Ал башка акындар сыяктуу эле ырларды жаратууда элдтк поэзиянын салттарына таянат. Оозеки чыгармачылыкта кездешүүчү туруктуу сөз айкаштарын, салыштырууларды, эпитеттердин түрлөрүн чыгармачылыгында ыктуу колдонуу менен ырларынын көркөмдүгүн бийиктете алды. Ырларынын көбү салт болуп калган 7-8 муундан турса, кийин жазма адабияттын таасири менен 11-12 муун өлчөмүндөгү ырлары да бар.

Жыйынтыктап айтканда, Алымкул Үсөнбаев элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасын сактап, жайылтып жана кайрадан иштеп чыгуу менен бирге заманга жараша ырларды чыгарып, бай мурас калтырган жана айтуучулугу, мукамдуу үнү жана аткаруучулугу менен эл эсинде калган залкар талант.

## Колдонулган адабияттар


1. Абдиев, Т. Айтыштар, замандаштар, чоңколор, залкарлар [Текст] / Т. Абдиев. – Бишкек: [б-сыз], 2004. – 360 б.
2. Айтыштар [Текст] / түз. А. Токомбаева. – Фрунзе: Кыргызстан, 1972. – 1 китеп, 2 т. – 400 б.

3. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1988. – 660 б.
4. Алагушев, Б. Актаңдайлар: Чыгармачыл ажарлар [Текст]: чыгармачыл ажарлар / Б. Алагушев, С. Шер-Нияз. – Бишкек: [б-сыз], 2003. – 239 б.
5. Алымкул төкмө 100 жашта [Текст]: эскермелер / З. Үсөнбаев. – Бишкек Баласагын фил.,1994. – 104 б.
6. Алымкул, Токтоналы Ысмайыл [Текст]: ырлар, айтыштар / түз. А. Акматалиев, А. Обозканов. – Бишкек: Шам, 2006. – 345 б. – (Залкар акындар сер. 7 т.).
7. Арстанбек [Текст]: ырлар / түз. Б. Кебекова. – Бишкек: КЭ башкы ред., 1994. – 180 б.
8. Асакеева, Д. Ж. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук адабий-көркөм процесс [Текст]: моногр. / Д. Асакеева –Бишкек: Улуу Тоолор, 2015. – 536 б.
9. Байкоджоев, С. Жазгыч акындар [Текст] / С. Байкоджоев. – Фрунзе: КыргССР Илимдер Акад., 1959. – 76 б.
10. Байходжоев, С. Алымкул Үсөнбаев [Текст] / С. Байходжоев. – Фрунзе: КСА бас., 1962. – 77 б.
11. Байходжоев, С. Осмонкул ырчы [Текст] / С. Байходжоев. – Фрунзе: Илим, 1964. – 196 б.
12. Байходжоев, С. Эл ырчысы Калык [Текст] / С. Байходжоев. – Фрунзе: КСИАнын бас., 1960. – 311 б.
13. Бапаев, Х. Кыргыз-казак, кыргыз-өзбек адабий байланыштары [Текст] / Х. Бапаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975. – 312 б.
14. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст] / М. Борбугулов. – Бишкек: Сорос фонду, 1996. – 552 б.
15. Веселовский, А. Н. Историческая поэтика [Текст] / А. Н. Веселовский. –Л.: Гослитиздат, 1940. – 648с.

16. Гринцер, П. А. Древнеиндийский эпос. Генезис и типология [Текст] / П. А. Гринцер. – М.: ГРВЛ Наука, 1974. – 422 с.
17. Даутов, К. Сөз өнөрүнүн эстетикасы [Текст] / К. Даутов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 191 б.
18. Даутов, К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү [Текст] / К. Даутов. – Бишкек: Басма-тамга, 2003. – 436 б.
19. Жаманбаева, К. К. Досу уулунун чыгармачылыгында салттуулуктун улантылышы жана өздүк чеберчилик [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / К. Жаманбаева. – Бишкек, 2017. – 155 б.
20. Жумажанов, К. Фольклорная и индивидуальная традиции акынской поэзии [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / К. Жумажанов. –Алмата, 1984. – 30 с.
21. Жусупбеков, А. Жеңижоктун чыгармачылык өзгөчөлүгү [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / А. Жусупбеков. – Бишкек, 2012, – 150 б.
22. Закиров, С. Кожожаш эпосунун кээ бир маселелери [Текст] / С. Закиров. – Фрунзе: КыргССР Илим. акад. бас., 1960. – 68 б.
23. Залкар акындар: Токтогул [Текст] / түз. О. Сооронов. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 5 т. – 304 б.
24. Залкар акындар: Калык Осмонкул [Текст] / түз. А. Акматалиев, А. Обозканов. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 7 т. – 219 б.
25. Залкар акындар: Үсөнбаев А. Шабданбаев Т. Борончиев Ы. [Текст] / түз. А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2016. – 289 б. – (Залкар акындар сер. 14 т.)
26. Ирисов, П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / П. Ирисов. – Фрунзе, 1971. – 182 б.
27. Искендерова, Ш. Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын изилдениши: кечээ жана бүгүн [Текст] / Ш. Искендерова. – Бишкек: Акыл, 2006. – 153 б.
28. Исмайилов, Е. Жамбыл жана халык акындары [Текст] / Е. Исмайилов. –Алматы: [б-сыз], 1996. – 238 б

29. Кебекова, Б. Кедейкан эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү [Текст] / Б. Кебекова. – Фрунзе: Илим, 1964. – 40 б.
30. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст] / Б. Кебекова. – Бишкек: Турар, 2009. – 346 б.
31. Кебекова, Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст] / Б. Кебекова. – Фрунзе: Илим, 1982. – 260 б.
32. Кедейкан. Шырдакбек. Тайлак баатыр [Текст]: эмгек ырлары / түз. А. Акматалиев, О. Сооронов. – Бишкек: Принт-экспресс, 2016. – 552 б. – (Эл адабияты сер. 11 т.).
33. Кедейкан. Олжобай менен Кишимжан [Текст]: эпостор / ред. А. Акматалиев; түз. Т. Казиев. – Бишкек: Шам, 1997. – 424 б.
34. Керимжанова, Б. Кыргыз ыр түзүшүнүн кээ бир маселелери [Текст] / Б. Керимжанова. – Фрунзе: Илим, 1964. – 279 б.
35. Керимжанова, Б. Кыргыз поэзиясынын көркөм сөз каражаттары [Текст] / Б. Керимжанова, С. Жумадылов. – Фрунзе: Илим, 1968. – 105 б.
36. Классикалык изилдөөлөр: Акындар чыгармачылыгы [Текст]: 2-китеп / түз. А. Акматалиев, М. Көлбаева. – Бишкек: Принт экспресс, 2017. – 528 б.
37. Кожожаш [Текст]: кенже эпос / түз. А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Касымгелдиева. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 556 б. – ( Эл адабияты сер. 1 т.)
38. Көлбаева, М. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / М. Көлбаева. – Бишкек, 2015. – 256 б
39. Көлбаева, М. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы [Текст] / М. Көлбаева; жоопту ред. А. А. Акматалиев. – Бишкек: Газ. Kg, 2014. – 120 б.

40. Көлбаева, М. К. Казыбек акындын адабий мурастарынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / М. Көлбаева. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 132 б.
41. Кушмаков, М. Проблемы, традиции и импровизации [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / М. Кушмаков. – Ташкент, 1984. – 30 с.
42. Кыдырбаева, Р. З. Эпос Манас Генезис. Поэтика. Сказательство [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Шам, 1996. – 408 б.
43. Кыдырбаева, Р. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Р. Кыдырбаева, К. Асаналиев. – Бишкек: [б-сыз], 2004. – 572 б.
44. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: кенже эпостор жана поэмалар / жалпы ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Кут-Бер, 2017. – 3 т. – 668 б.
45. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары [Текст] / ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Poligrafbumresursy, 2017. – 5 т. – 776 б.
46. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / жалпы ред. А. Акматалиев. – Бишкек: – 2017. – 8 т.: Фольклор таануу. – 624 б.
47. Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы [Текст] / К. А. Артыкбаев, А. Абдыразаков, С. З. Закиров, Л. У. Укубаева. – Фрунзе: КМУ, 1988. – 171 б.
48. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Фольклор жана эл акындарынын ырлары [Текст] / түз. С. Закиров, Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. – 1 т. – 769 б.
49. Кыргыз эл ырчылары [Текст]: ырлар, айтыштар / түз. Б. Кебекова. – Бишкек: Шам, 1996. – 143 б.
50. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки [Текст] / ред. Ж. Таштемиров, С. Байходжоев, С. Закиров. – Фрунзе: Илим, 1973. – 705 б.
51. Лорд, А. Б. Сказитель [Текст] / А. Б. Лорд. – М.: Вост. лит. РАН, 1994. – 368 с.

52. Мейлах, М. Б. Язык трубадуров [Текст] / М. Мейлах. – М.: Наука, 1975, 239 с.
53. Миф, уламыш, аңыз, санжыра уламышы [Текст] / түз. Н. О. Нарынбаева. – Бишкек: Принт-экспресс, 2017. – 631 б. – (Эл адабияты сер. 6 т.)
54. Мундук, Зарлык, Кыз Дарийка, Нарикбай [Текст]: поэмалар / ред. А. Акматалиев; түз. Г. Орозова. – Бишкек: Принт экспресс, 2002. – 448 б.
55. Мусаев, С. Кыргыз адабияты [Текст]: 9-кл. үчүн окуу китеби / С. Мусаев, Ж. Таштемиров, 3. Б.Маленов. – Фрунзе: Мектеп, 1964. – 296 б.
56. Обозканов, А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты [Текст] / А. Обозканов. – Бишкек: Шам, 2006. – 264 б.
57. Обозканов, А. Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөрканасы [Текст] / А. Обозканов. – Бишкек: [б-сыз], 2000. – 140 б.
58. Орозобекова, Ж. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу [Текст] / Ж. Орозобекова. – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 304 б.
59. Орозова, Г. Кыргыз элдик поэмаларынын табияты ( Жанр. Сюжет. Историзм) [Текст]: моногр. / Г. Орозова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 356 б.
60. Тандалган чыгармалар [Текст] / түз. Б. Осмонкулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 569 б.
61. Өмүралиева, Ж. М. Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” эпосунун көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / Ж. Өмүралиева. – Бишкек, 2021. – 175 б.
62. Пропп, В. Я. Поэтика фольклора (Собрание трудов В. Я. Проппа) [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Лабиринт, 1998. – 352 с.

63. Сабыр уулу Буудайбек. Эл шайырлары, адабий маек [Текст] / Б. Сабыр уулу. – Бишкек: Турар, 2008. – 508 б.
64. Садык, А. Унутулган адабият [Текст] / А. Садык. – Бишкек: Бийиктик, 2006. – 352 б.
65. Садыков, А. С. А. Осмоновдун өнөркана сыры [Текст] / А. С. Садыков. – Бишкек: Турар, 2004. – 186 б.
66. Саманчин, Т. Кылыч – жазуучу акын [Текст] / Т. Саманчин. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1948. – 131 б.
67. Саринжи, Бөкөй. Кыз Сайкал [Текст]: кенже эпостор / түз. А. Жайнакова, Г. Орозова, А. Мусаева. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 428 б. – (Эл адабияты сер. 8 т.).
68. Солтобаева, К. Фольклордук жомоктордун трансформацияланышы, адабий жомоктун калыптанып өнүгүшү (XX кылымдын 20-60-жж.) [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / К. Солтобаева. – Бишкек, 2021. – 159 б.
69. Таштемиров, Ж. Токтогул жана оозеки эл чыгармачылыгынын традициялары [Текст] / Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Илим, 1976. – 148 б.
70. Таштемиров, Ж. Токтогул жана акындык поэзия [Текст] / Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Адабият, 1980. – 172 б.
71. Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү [Текст] / Ж. Таштемиров – Фрунзе: Адабият, 1989. – 100 б.
72. Токтогул [Текст]: чыгармаларынын 2 т. жыйнагы / редкол. О. Султанов; түз. ж-а баш сөзүн жазган Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 1. Т. – 264 б.
73. Токтогулга эстелик: Кыргыздын улуу акыны Т.Сатылгановдун 75жылдык юбилейине карата [Текст] . – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940. – 112 б.
74. Турдугулов, А. Т. Кыргыз классикасы: Адабий мурас – руханий дөөлөт башатында [Текст] / А. Т. Турдугулов. – Бишкек: Шам, 2005. – 386 б.

75. Турдугулов, А. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты [Текст]: филол. илим. ... д-ру дис. / А. Турдугулов. – Бишкек, 2010. – 259 б.
76. Турсуналиев, Э. Эскерүүлөр [Текст] / Э. Турсуналиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975. – 156 б.
77. Үкүбаева, Л. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы [Текст] / Л. Үкүбаева. – Бишкек: [б-сыз], 1994. – 100 б.
78. Үмөталы Ырлар, айтыштар, адабий иликтөөлөр [Текст] / түз. Б. Таштаналиев. – Бишкек: Турар, 2014. – 336 б.
79. Үсөнбаев, А. Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы [Текст] / А. Үсөнбаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 581 б.
80. Үсөнбаев, З. Эскермелер [Текст] / З. Үсөнбаев. – Бишкек: Баласагын фил., 1994. – 104 б.
81. Шенгели, Г. Техника стиха [Текст] / Г. Шенгели. – М.: Гослитиздат, 1960. – 312 с.
82. Эшиев, А. Акындар поэзиясы: эволюциясы, интерактивдик тенденциясы, типологиялык процесстер (XI-XVк.) [Текст]: филол. илим. ... д-ру дис. / А. Эшиев. – Бишкек: 2011. – 321 б.

Гезит-журналдар

83. Абдыразаков, А. Алымкул төкмө [Текст] / А. Абдыразаков // Ала-Тоо таңы (Ысык-Көл). – 1990. – 24-25 янв.
84. Айтматов, Ч. Эми ойлосом [Текст] / Ч. Айтматов // Сов. Кыргызстан. – 1963. – 4 авг.
85. Алагушев, Б. Төкмө ырчы, айтылуу комузчу [Текст] / Б. Алагушев // Ала-Тоо. – 1984. – № 12. – 111-115 б.
86. Байкожоев, С. Эл таалайынын ырчысы [Текст] / С. Байкожоев // Сов. Кыргызстан. – 1964. – 29 авг.
87. Бөкөнбаев, Ж. Акындын үнү [Текст] / Ж. Бөкөнбаев // Кызыл-Кыргызстан. – 1941. – 30 май.

88. Виноградов, В. Алымкулду эскерип [Текст] / В. Виноградов // Талас турмушу. – 1994. – 27 сент.

89. Изаке уулу С. Алымкул төкмөнүн поэзиясы [Текст] / Изаке уулу С. // Талас турмушу. – 1994. – 20 сент.

90. Маликов, К. Акын Алымкул үчүн [Текст] / К. Маликов // Ленинчил жаш. – 1938. –22 июнь

91. Маликов, К. Эл ырчысы Алымкул [Текст] / К. Маликов // Ленинчил жаш. – 1954. – 17 ноябрь.

92. Маликов, К. Акын Алымкул Үсөнбаев [Текст] / К. Маликов // Ала-Тоо. – 1938. – № 1. – 3-5 б.

93. Рахматуллин, К. Эл акыны Алымкул [Текст] / К. Рахматуллин // Сов. Кыргызстан. – 1942. – № 8. – 61-67 б.

94. Сагымбаев, Т. Алымкул төкмө: А. Үсөнбаевдин 110-жылдыгына [Текст] / Т. Сагымбаев // Эл агартуу. – 2004. – № 1. – 79-81 б.

95. Салиев, А. Манас жана Саякбай [Текст] / А. Салиев // Ала-Тоо. – 1988. – № 8. – 10 б.

96. Укаев, К. Таалайлуу элдин ырчысы [Текст] / К. Укаев // Сов. Кыргызстан. – 1954. – № 11. – 69-72 б.

97. Үмөталиев, Т. Алымкул төкмөнүн «Комуз» аттуу жыйнагы жөнүндө [Текст] / Т. Үмөталиев // Сов. Кыргызстан. – 1951. – № 7. – 58-64 б.

98. Үмөталиев, Ш. Отко күйбөс, суугa чөкпөс поэзия [Текст] / Ш. Үмөталиев // Сов. Кыргызстан. – 1983. – 30 май.

99. Үсөнбаев, А. Жакшы сөз жанга кубат [Текст] / А. Үсөнбаев // Сов. Кыргызстан. – 1960. – 17 дек.

100. Эралиев, С. Атактуу эл ырчысы [Текст] / С. Эралиев // Ала Тоо. – 1974. – № 11. – 85-90 б.

**1-тиркеме**

**Алымкул Үсөнбаевдин өмүр жолу**

1894-жылы – А.Үсөнбеав Талас облусунун Манас районунун Кара-Арча айылында туулган.

1906-1907-жылдары ата-энесинен ажыраган.

1912-жылы Токтогулга жолугуп, улуу акындан ырчылыктын өнөрүң терең өздөштүрө баштаган.

1931-жылы – “Арал” колхозуна мүчө болгон.

1936-жылы – филармонияга иштеп баштаган.

1938-жылдан баштап китептери чыга баштаган, Кыргызстан Жазуучулар союзуна мүчө болгон.

1939-жылы – Кыргыз ССРинин эл артисти, Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышында депутат.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолу депутат болуп шайланган.

А.Үсөнбаев Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл жылдыз ордендери, «1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта каармандык эмгеги үчүн»

медалы менен жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган

1963-жылдын 2-августунда дүйнөдөн өткөн.

**Алымкул Үсөнбаевдин китептери**

**Ырлар.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1938. – 34. б.

**Ырлар жана поэмалар.**–Ф. – Казань: Кыргызмамбас, 1940. – 92 б.

**Кожожаш:** Поэма. – Ф.: Кыргызмамбас, 1938. – 172 б.

**Саринжи-Бөкөй:** Поэма. – Ф. – Казань: Кыргызмамбас, 1938. – 218 б.

**Ырлар жыйнагы.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1938. – 34 б.

**Жолборс минген киши:** Эл жомогу. – Ф. – Казань: Кыргызмамбас, 1939. – 16 б.

**Олжобай менен Кишимжан:** Поэма. – Ф. – Казань: Кыргызмамбас, 1940. – 192 б.

**Ырлар жана поэмалар.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1940. – 92 б.

**Согушуп жаткан эрлерге:** Ата Мекендик согушка арналган ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1942. – 88 б.

**Ырлар жыйнагы.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1947. – 55 б.

**Комуз: Тандалмалуу ырлар жыйнагы**. – Ф.: Кыргызмамбас, 1949. – 182 б.
Улуу дос: Ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1950. – 100 б.

**Улуу дос**. 1950.

**Тынчтык жана эмгек жөнүндөгү ырлар: Ырлар жыйнагы**. – Ф.: Кыргызмамбас, 1954. – 132 б.

**Тандалган ырлар.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1955. – 376 б.

**Кожожаш:** Поэма. – Ф.: Кыргызмамбас, 1956. – 154 б.

**Олжобай менен Кишимжан:** Лирикалык поэма. – Ф.: Кыргызмамбас, 1956. – 158 б.

**Тоо булбулу:** Жаңы ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1956. – 162 б.

**Биринчи бригада:** Ырлар жана поэмалар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 182 б.

**Бактылуу балдар:** Ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 40 б.

**Саринжи-Бөкөй:** Поэма. – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. – 155 б.

**Тандалган чыгармалар жыйнагы.** – Ф.: Кыргызмамбас, 1960. – 480 б.

**Көзөлшаа:** Элдик жомоктор. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1961. – 106 б.

**Аксы багытында:** Ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1962. – 116 б.

**Бакыт ыры:** Ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1963. – 191 б.

**Арноо:** Ырлар. (Өспүрүмдөр үчүн). – Ф.: Мектеп, 1964. – 122 б.

**Тандалган чыгармалар.** – Ф.: Кыргызстан, 1965. – 384 б.

**Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы:** Ырлар, поэмалар, жомоктор. – Ф.: Кыргызстан, 1973, 1981. – 581 б.

**Жолборс минген киши:** Жомок. – Ф.: Мектеп, 1974. – 14 б.

**Ырлар жана поэмалар.** – Ф.: Кыргызстан, 1974. – 90 б.

**Турмуштук жөө жомокторду үйрөнүү.** – Ф.: Мектеп, 1976. – 115 б.

**Жолборс минген киши:** Жомок. – Ф.: Мектеп, 1983. – 12 б.

**Таалай ырлары:** Ырлар, поэмалар. – Ф.: Кыргызстан, 1986. – 120 б.

*Орус тилинде:*

**Ант:** Стихи. – Ф.: Кыргызмамбас, 1941. – 19 с.

**Присяга:** Стихи и песни. – Ф.: Киргизгосиздат, 1941. – 19 с.

**Моя земля.** Ырлар. – М.: Гослитиздат, 1954. – 351 с.

**Комуз:** Стихи и поэмы. – Ф.: Киргизгосиздат, 1958. – 114 с.

**Человек и тигр.** – Ф.: Киргизучпедгиз, 1958. – 15 с.

**Жаңыл Мырза.** – Ф.: Киргизгосиздат, 1958. – 52 с.

**Сказание об охотнике Коджожаше:** Эпос. – Ф.: Киргизгосиздат, 1958. – 182 с.

**Олжобай и Кишимджан.** – Ф.: Киргизгосиздат, 1958. – 81 с.

**Сказание о Сариндж и:** Эпос. – Ф.: Киргизучпедгиз, 1958. – 130 с.

**Человек и тигр:** Легенда. – Ф. Киргизучпедгиз, 1958. – 15 с.

**Человек и тигр:** Легенда. – Ф. Мектеп, 1976.–12 с.

**Человек и тигр:** Легенда. – Ф. Мектеп, 1984. – 10 с.

**2- тиркеме**

## А.Үсөнбаев тууралуу КР Мамлекеттик архивинде сакталган материалдар.

КР Мамлекеттик архивинде А.Үсөнбаевге тиешелүү материалдар №2799-фонддо сакталып турат. Бул материалдарды акындын уулу З.Үсөнбаев 1978-жылы тапшырган.

1. А.Үсөнбаев жазган жана ага келген каттар.
2. Өздүк документтери: эмгек китепчеси.
3. Коомдук ишмердүүлүгүнө байланыштуу документтер: мүчөлүккө кабыл алынган билеттери, депутаттык билеттер жана Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланышы боюнча күбөлүкктөр, пропуск.
4. Акындын сыйлыктары тууралуу маалыматтар: грамоталар, орден китептери, куттуктоолор.
5. А.Үсөнбаев жөнүндө маалыматтар: гезиттик макалалар, сүрөттөр.

**КР УИАнын Кол жазмалар фондунда сакталган материалдар.**

Инв №49 (К243), Инв №359 (148) “Кедейкан” А.Үсөнбаев

Инв №255 (466) Аылмкул акындын Токтогул менен учурашканы

Инв №337 (797) Ырлар, А.Үсөнбаев

Инв №485 (1994) “Саринжи, Бөкөй” А.Үсөнбаев

Инв №725 А.Үсөнбаев менен Ы.Борончиевдин айтышы

Инв № 678 (5316) Алты акындын айтышы

Инв №724 Талас өрөөнүнөн жыйналган материалдар

Инв №249 (55) Алымкул менен Токтогулдун айтышы

Инв № 623 Алымкул менен Калык

Инв №563 Токтогул менен Алымкул

Инв №783, 450 (1850), 359 (148), 56 (250), 632 (5270) Көрүшүү, коштошуу ж.б. ырлары

Инв №287 (86), 7 (К+200), 436 (1836) Алымкул Үсөнбаевдин күүлөрү.

**3-тиркеме**

“Кожожаш”, “Оложобай менен Кишимжан”, “Саринжи-Бөкөй” эпосторунун негизги өзөгүн түзгөн сюжеттик жалпылыктарынын көрсөткүчү:

**1. “Кожажаш” эпосу**

| № | Салттуу сюжеттик жалпылыктардын тематикасы | Алымкул Үсөнбаевдин айтуусунда | Сулайман Конокбаевдин айтуусунда | Төлөмүш Жээнтаевдин айтуусунда |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Кожожаштын балалык чагы, мергенчилиги** | Бул вариантта Кожожаш кытай деген уруудан чыккан карапайым Карыпбайдын баласы, Таластын башы Караколду жердеп жыйырма түтүн элди Кожожаш мергенчилиги менен багат. Кожожаш 15-16 жашка чыккандан тартып атканын жаза кетирбеген мерген болгон. Эпостун жүрүшүндө энесинин аты Бийкеч экендиги айтылат. | Бул вариантта Кожожаш кытай уруусунан чыккан ашкан бай Арыпбайдын баласы, энесинин аты Акеркеч. Эпос “Жаш курагы” менен башталып, мергендин 1 жаштан 15 жашка чейинки курагы айтылып, он бешинде көзгө атар мерген атыгып, кытай эли сүйүнгөн. | Бул вариантта Кожожаштын балалык чагы айтылбайт. |
| 2 | **Кожожаштын Зулайкага үйлөнүшү** | Бул вариантта “Каракожонун кызы Зулайка”, “Кожожаш Зулайкага үйлөндү” деген окуялуу бөлүмдөр менен берилет. Зулайкага татыктуу жар табуу максатында Каракожо көп элге кабар берип, жигиттерди чогултат. Кабар Кожожаштын | Мергендин Зулайка деген гана жары бар экени айтылат. “Кожожаш мерген алганы, Зулайка Каракожо кызы эле, Кадимки керет ошо эле” [ЭАС, 51-бет] | Бул вариантта айтылбайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | айылына да жетип, бирок Кожожаш мергенчилик кылып тоо-ташта жүрүп, айылына көп келбеген. Карыпбай айылындагыларды ээрчитип бул жыйынга барат. Зулайка келгендердин ичинен эч кимди жактырбай, эл тарап кетээрде, бул жыйынга келбей калган киши барбы деп сурайт. Кытай уруусундагылар биздин мерген Кожожаш балабыз калды дешет. Айылына келишип Кожожашты жиберишет. Зулайка Кожожашты жактырып, үйлөнүшөт. | | |
| 3 | **Кожожаштын жана Сурэчкинин көргөн түштөрү** | А.Үсөнбаевдин вариантында “Кожожаштын түшү”, “Зулайка түштү жамандыкка жоруду”, “Сур эчки түшүндө Кожожашты көрдү” деген болүмдөр менен берилет.<br>Кожожаш бир көргөн түшүн үч көрүп, алгач жары Зулайкага айтат. Түшүндө мергенчиликте жүрүп, көпкө чейин кайберен таппай, акыры отуз улак, кырк чебичти таап, баарын кубалап кырып бүтүп караса ак жалама аскада жалгыз калып, намаз окуп турганынан кеп салат. Зулайка | Бул вариантта “Кожожаштын түшү жана миң улактуу эчки” деген чоң бөлүм кайрадан “Түш”, “Кожожаш көргөн түшүн Зулайкага айтканы”, “Зулайканын түш жоруганы”, “Түшүн аксакалга жорутканы” ж.б. майда бөлүмдөргө бөлүнөт.<br>Кожожаш түш көрүп, түшүндө Алабаш текени улак чебичтери менен атып алып, Алабаштын терсинен шым кылып, сакалынан жубайына чылбыр кылып, көп олжого тунганын Зулайкага | Бул вариант Сурэчкинин көргөн түшүнөн башталат. Үч-Кеминдин башы Көк-Ойроктогу – Алмата менен Ак-Сунун башында Сурэчки текеси менен жердеп жүрүп, Көк-Ойроктон түш көрүп, түшүндө мүшкүл иш көрөт. Кожожаш келип текесин атып, терисинен кандайгай жасап, сакалынан кыздар чылбыр жасап, мүйүзүнөн жигиттер үзөңгү жасап алгандыгын айтып, Жети- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | түштү жамандыкка жоруп, мылтыгын колго албоосун өтунот. Кожожаштын көңүлү ооруп, эшикке чыгып аксакалга көргөн түшүн айтат. Аксакал “зайыбың сени жанынан чыгаргысы келбей жамандыкка жоруду, капаланбай чыга бер мергенчиликке” дейт. Муну уккан Кожожаш мергендикке камынат. Кожожаш түш көргөн күнү Сурэчки да түш көрүп, түшүн Алабаш текесине айтып, бул жерден кетели дейт. Алабаш макул болуп, жайлуу жер издеп жүрүп, Кууказык деген мергендин огунан араң кутулат. | айтып, жоруп берүүсүн суранат . Зулайка аялга түш айтчу эмес, кытай уруусунун аксакалдарына жорутсаң болбойбу деп макул болбойт. Мерген болбой жатып аялына көргөн түшүн жорутат. Зулайка түштү жамандыкка жоруйт. Аксакалдар жакшыга жоруп, Кожожаш мергенчиликке камынат. Сурэчикнин түшү А.Үсөнбаевдикине окшош. | төргө кетели деп суранат. |
| 4 | **Кожожаш жана Сурэчкинин жолугушуусу, эчкинин каргышы.** | Мерген камданып мергенчиликке чыгып, түшүндө көргөнүндөй эле Алабашты баш кылып чебич-улактын баарын кырат. Аны көргөн Сурэчки мергенге келип, жарымжан болгон текеси Алабашты сурайт. Мерген бербей коет. Сурэчки текемди бербесең, мен да сенин жамандыгынды тилейм, жамандашпай батамды алсаңчы дегенине мерген көнбөй, жамандыгымды издей бер, сага жалдырабайм деп эчкини бутага | Кожожаш Алабашты улактары менен кошо атып, Алабашты соемун деп турганде эчки келип текесин сурайт. эчкинин айтканына болбой, Алабашты союп салганда, эчки мергенди “Алда жардам кылбасын, Алганың Зулай туубасын! Биледи кыдай урарын, Аска ташта турарын” - деп каргайт. | Бул вариантта Кожожаш Текени атып, ал кулап бaратканда жүгүрүп барып, шыйрактан кармап жүлүнгө сайып адалдап алганы айтылат. Сурэчкини атса ок тийбейт. Текеден айрылып, көрө ттурган күнүм барбы деп, эчки төшүн тосуп бергенде, Кожожаш жаза атып эчкини алдыңкы туягынан жарадар кылат. Эчки Кожожашты аскада |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | алат. Сурэчки:<br>“Аңдыганың мен болсом,<br>Ак тескейдин боорунда<br>Ак төшүм тосуп берейин,<br>Атып ал мерген көрөйүн” [ЭАС, 126-б.] деп, туруп берсе да, мергендин аткан огу тийбей, окдарысы түгөнөт. Кожожаш Алабаштын башын кесип алганын көрүп, Сурэчки сенин көз жашыңды көл кылам, алганыңды мендей кылып кайгы тарттырам деп, шертин айтып каргайт. Мерген менен Сурэчки бири ок атпастан кармап алууга, бири сөзүңө турбай, мылтык ала жүгүрсөң, төшү жалпак жер урсун деп антташып кайтышат. | | калып айылыңды көрбөй кал деп каргап, Текесин жоктоп ыйлайт. Кожожаш ошол түнү аскада калат. |
| 5 | **Кожожашты Сурэчкинин азгырып алып кетиши** | Кожожаш эчки менен шерттешкенин эч кимге айтпай, жазга чейин айылынан чыкпайт. Зулайка анын шерртешкенин айттырбай билет. Жаз алды менен Сурэчки Карыпбайдын короосуна аксап барып калат. Карыпбай жылкычыларын, койчуларын чакырып эчкини кармоого буюрат. Эчки эч кимге карматпай, Кожожаштын айылына барат. | Кожожаш көргөн түшүн унутуп кыш бою айылында жатып калат. Жазында сурэчки кубулуп, Текемдин өчүн алам деп, мергендин айылына аксак эчки болуп барат. Зулайка муну билип, мергенге билгизбей, аны үйүнөн чыгарбай кармап олтурат. Кытай уруусунун ичинен эч кимиси кармай албай, эки киши мергенге жүгүрүп келип, эчкини кармап | Бул вариантта Кожожаштын Сурэчкини куугандыгы тууралуу айтылбайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Келин, кыздар эчкинин көрүп кармап бери деп мергенге чуркашат. Мерген Сурэчки менен антташканын Зулайкага, ата-энесине, элине айтып, алардын кал деген өтүнүчүнө карабай, Сурэчкинин изине түшөт. Сурэчки улам жер кезип, Кожожаш артынан калбай кууп жүрүп отурат. | берүүсүн суранышат. Зулайка мергендин жолун тороп, ыйлап барбашын өтүнөт. Мерген болбой куралын алып, эчиге жетип улам аткылап, ок тийгизе албай, кууп жөнөйт. | |
| 6 | **Кожожаштын аскада калышы, мергендин өлүмү** | Арадан жылча убакыт өтүп, Зулайка түш көрүп, түшүндө Кожожаштын Таласта жалгыз жүргөнүн көрүп, артынан издеп барууга бел байлайт. Мунун Карыпбайга айтып, жанына эч кимди албай жалгыз өзү издеп чыгат. Көп жол басып, акыры Сурэчкини кууп жүргөн Кожожашты таап, жолугат. Зулайканын антташкан шертиң бүткөндүр, эми үйгө жүр дегенине көнбөйт мерген. Сурэчкини кармамайынча артынан калбасын, Зулайканын кайра артка кайтуусун суранат. Зулайка ары кетип, бери кетип жатып, акыры макул болуп кайтат. Кожожаш алганын көрүп, аны менен | Бул вариантта “Кожожаштын аскада калганы жана аскадан учуп өлгөнү” деген үчүнчү бөлүм дагы бир канча майда бөлүмдөргө бөлүнүп берилет. Сурэчки Кожожашты Олуя-Атым ташына алып келип камап, көксөөсү сууйт. Зулайка маани китебин (бал китебин) ачып, Кожожаштын аскада калганын билип, Арыпбайга барып, зарлап ыйлап, кытай элин жыйып барып, куткарып алуусун сурайт. Арыпбай элин жыйып, ар бири жыгач, арканын көтөрүп, Олуя-Атымга келишет. Асканын бийиктигине миң аркан салса да жетпей, мергенди куткара | Сурэчки каргагандан кийин, Кожожаш ошо бойдон аскда калат. Ошол түнү мергендин атасы да түш көрүп, түшүндө баласын таппайт. Элди чогултуп ак боз бээ союп, азыгын алып, эли менен кошо жолго чыгышат. Эчен төрлөрду кыдырып, акыры боз борчуктан боорунан мергенди табышат. Шаты жасап, эми жетет дегенде, аска узарып, үстүнөн аркан салдырбай, зоо чайкалып турат. Элдин айласы кетет. Бир бала үчүн баарыбыз ачкадан өлбөйлү, кайталы деген чечимге келишет. Бирок Кожожаштын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | сүйлөшкөнчө, Сурэчки тоюнуп, тыңып калат да, мергенди Аблетим аскага жеткирип, кара туман каптатып, мергенге көрүнбөй калат. Күңгөйгө чыгып, Жараткандан жалынып асканы бийиктетип салат. Сурэчки күңгөй бетке келип Кожожашты каргап, аскадан түшүп кетип бара жатканда, Кожожаш ачуусу келип, Бараңы эсине түшүп, эчкинин бутуна атып жарадар кылат. Сурэчки кайрылып, мергендин аскада калганын көрүп, кегимди алдым деп кете берет.<br>Карыпбай түшүндө Кожожаштын Аблетим асканын боорунда калганын көрүп, издеп чыгып табат. Кожожашка жолугуп, анын айтуусу менен, куткаруу үчүн айылын асканын жанына көчүрүп келет да, ыргайдан шаты жасатат. Шатысы жетпей, асканын үстүнөн аркан салса ал да жетпей, акыры аскадан боюн таштоосун айтышат.<br>Кожожаш макул болуп, акыркы керээзин айтып, Зулайканын алты айлык боюнда бар экенин билип, | алышпайт. Мерген ата-энесин, эли жана алган жары менен коштошуп, Зулайканын курсагындагы алты айлык баланын атын Молдожаш деп коюшун өтүнүп, аскадан боюн таштайт. Мергендин сөөгү жерге жетпей, аскада калат. | теңтуштары кантип таштап кетебиз, жок дегенде зоодон учуруп, сөөгүн ала кетели дешет. Кожожашты өзүн кантип зоодон учуraарын билишпей, колуктусу Кермекашты алып келип, ары-бери сүйрөп, урумуш болсок, колуктусунун абалын көргөн мерген боюн таштайт деген чечимге келишет. Кермекаштын атасы Асылбек ары карап ыйлап, бери карап күлүп атып кызы Кермекашты берет. Кермекаштын ур-токмок жеп жатканын көргөн Кожожаштын муун-жүүнү бошоп аскадан боюн таштап, сөөгү асканын боорунда калат. Кожожаштын өлгөнүнө чыдабай Кермекаш өзүнө бычак сайып, ал да өлөт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | атын кыз болсо Каныш, эркек болсо Молдожаш коюшун суранып, Бараңын ыргытып, жерге түшкөн темиринен кийин баласына курал жасатып берүүсүн Зулайкага тапшырып, аскадан боюн таштайт. | | |
| 7 | **Молдожаш** | Бул вариантта Молдожаштын атасынын дайынын угушу, анын Эчкинин кызына үйлөнүшү, Молдожаштын элине кошулушу деген бөлүмдөр бар. | Бул вариантта Молдожаш жөнүндө айтылбайт | Бул вариантта Молдожаш жөнүндө айтылбайт |

**2. “Олжобай менен Кишимжан” кенже эпосу.**

| № | Сюжеттик жалпылыктардын тематикасы | Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча | Сопубек Сакетаевдин айтуусу боюнча |
|---|---|---|---|
| 1 | **Олжобай менен Кишимжандын ата-теги** | Бул вариантта Олжобайдын атасы кыпчак уруусунан чыккан Солтобай жар издеп, акыры Кулжыгачтын улуу кызы Бегимжанды жактырып, баш кошушат. Олжобай аттуу уулду болушат. Ал эми Кулжыгач жана анын кемпири Олжобай төрөлгөндөн беш айдан кийин Кишимжан деген кыздуу болушат. | Бул вариантта Олжобай менен Кишимжандын ата-теги, балалык чактары жөнүндө айтылбайт. |
| 2 | **Олжобай менен Кишимжандын сүйүүсү, Кишимжандын** | Балдар чоңоюп, эки жаш бири-бирин жактырып жүрөт. Кудаке Кулжыгачтын иниси, башынан Солтобайды карындашымды калыңсыз алган деп жек көрүп, Олжобайды | Бул вариантта бул окуялар айтылбайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **башкага жар болуусу, Кудакенин кастыгы** | кыпчак деп жактырбай жүрөт. Кишимжандын Олжобайга болгон мамилесин билген Кудаке Байназарга барып Кишимжанды аялдыкка алышын айтып, башын байлап коет. | |
| 3 | **Олжобайдын кыпчак элине көчүп келиши, кыпчак элине хан болуш, Чачыкеге үйлөнүшү** | Кудаке чоң жыйында Олжобайды тентип келген ит кыпчак, башыңды кесип алсам да кунуңду кууп алчу кишиң жок, жалгызсың деп тилдеп көңүлүн оорутат. Олжобайдын кайгырганын көрүп, энеси Бегимжан атасы Кулжыгач менен кеңешип, кыпчак элине көчүүнү чечишет. Олжобай таятасы, таенеси менне коштошуп, Кишимжанга жолугуп, келип кабар алып турганга убадалашып көчүп кетишет. Кыпчак эли кабарды угуп кубанып тосуп алышат. Олжобайды кыпчак элине хан көтөрүшүп, жалгыз жүргөнү болбос деп, Чачыкеге үйлөнтүп коюшат. Балалуу болуп, Олжобай Кишимди эстебей калат. | Бул вариантта айтылбайт. |
| 4 | **Кишимжандын Олжобайга кабар жибергени** | Кишимжан Олжобайдан кеткени кабар ала ала албай, сүйүүнүн азабын тартып, өңдөн азып, ал-күчтөн тайып жүрөт. Акыры Олжобайга абалымды билдирейин деп соодагер Акмаматтан Олжобайга кабар айттырат. Акмамат бул иши үчүн Кишимжандан бетинен бир өптүрүүсүн суранат. Кыздын жеңеси да өптүрсөң аайдап жүргөн алтымыш коюн жоготуп эртерээк бараар деп макул болушун айтат. Кишимжан да бул шартын аткарбасам Олжобайдан кабар ала албай | С.Сакетаевдин варианты ушул окуядан башталат. Кишимжан Момунжандан Олжобайдын жайын сурап, анын кыпчакка хан болгонун угат. Кишимжан Олжобайдын дайнын уккандан кийин, Момунжанды Олжобайга жиберүүнү ойлойт. Момунжан Олжобай жөнүндө айтканын танып, барбастын амалын кылганда, Кишимжан аны коркутуп, кул кылып саларын айтып, макул кылдырат. Момунжан бир чет коркконунан, бир чети Кишимжан Олжобай деп жүрүп, куда түшкөн Калматайдын Кызыл уул Бердибектен кутулуу үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | калбайын деп ойлоп макул болот.<br>Акмамат сулуунун бетинен сүйгөнүнө кубанып айдап жүргөн койлорун жалап, кыпчак элине келип, Олжобайга, кыздын кабарын билдирет. | кылган амалдарын, кыйынчылыктарын угуп, боору ооруп макул болот. Кишимжандын Олжобайга берген белектерин алып, Момунжан 40 күндө келип каларын айтып жолго чыгат. |
| 5 | **Чачыкенин окуясы** | Чачыке Олжобайга кабар алып келген кишинин дайнын билип, болот кылычты колуна алып, Акмаматты чабарда, Олжобай Чачыкеге колго алган кылычың өз мойнуңа чабылып жүрбөсүн, Акмамат менни туулуп өскөн жеримден келип отурат деп, аялын зекийт. | Бул вариантта Момунжандын келип, Олжобайды алып кетерин, Кудакенин Олжобайды өлтүрөрүн Чачыкей түшүндө көрүп, элин чогултуп көргөн түшүн жорутат. Элден түш жоручу чыкпай, баары жер карап турганда, Олжобай Чачыкейдин колундагы аякты алып, түшүн жакшылыка жоруйт. Момунжан кыпчак элин таап, Олжобайга салам айтып турган жеринен Чачыкей көрүп, камчы менне сабап кирет. Олжобайдын кынындагы кылычты ала коюп өлтүрөөрдо, Момунжан болуша турган киши жок экен көрүп, жалгыздыгын айтып жалбарып кирет. Чачыкей кое берет. |
| 6 | **Олжобайдын кыпчак элине келиши, Кишимжанга, Кудакеге жолугушу** | Олжобай Акмаматтан Кишимжандын кабарын угуп, Чылмайран жайлоого жөнөмөкчү болот. Чачыке кетпешин суранып,уулубуз Акберди кимге эркелейт, бүгүн коюп, эртең чык дегенине көнбөй, жолго чыгат. Бала кезинен чоңойгон жерине келсе, айыл четинде кыз оюн өтүп жаткан болот. Олжобай Кишимжанды күйөөгө берип койдубу деп шекшип, жолунан чыккан келинден сураса, ою чын чыгат. Кыз күйөөнүн оюну өтүп жаткан өргөөнүн капшытынан карап Кишимди көрөт. Кыз да Олжобайдын көзүн | Момунжан кетип баратып Кишимжандын айткандарын эстеп, кайра келип Олжобайга жолугат. Олжобай Чачыкейдин кетпе дегенине болбой жолго чыгат. Чачыкей Олжобайдын тирүү келбесин билип, коштошот. Олжобай биринчи Кудакеге жолугат. Олжобай менен Кудакег саламдашкандан кийин, Кудакеге өзүнүн шартын айтат. Ал шарт боюнча олжобай төрт буюмун Кудакеге берсе, ал өзү Кишимжанды Олжобайга качырып бермек. Олжобай макул дебестен кете берет. Кудаке эртең ушул жерде жообун күтөөрүн айтат. Олжобай Кишимжанга келерден мурун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | таанып, ордунан тура калып, кайра отурат. Олжобайды көрүп Кишимдин салынган кабагы ачылып, күлкүсү чыгат. Олжобай эшикти түрүп салам айтып кирет. Байназар экөөнүн мамилесинен кабары жок, келген Олжобайды жээн деп сыйлайт. Олжобайдын келгени көргөн Кудакенин аялы, ага кабарды жеткирет. Кудаке Олжобайды шарапка мас кылышын аялына буюрат. Кишимжандын азыраак ич дегенине болбой Олжобай мас болуп уктап кетет. Кудакеге кабар жеткенде, жигиттерин чогултуп, колуктуңду алып кетем деген кыпчак ушул деп Байназарга айтып, баарылап Олжобайды кармаарда, муздак суу чачып Кишимжан олжобайды ойготот. Олжобай күчүнө салып кутулуп чыгып, Гүлдүбадам атына жетип, той болуп жатка жерден чыгып кетет. | Момунжан келет. Момунжан болгон ишти айтып, келер-келбесин билбестигин айтат. Олжобай келип Кишимжанга жолугуп, Кудакенин шартын айтат. Эртеси Кишимжан Кудакеге барып жолук деп, Олжобайды узатат. Кудаке Олжобайга жолугуп, андан атын , тонун, эшик эндүү чоң балтаны жана болоткылычты сурайт. Олжобай бербестигин айтканда куч менен тартып алышын айтып, Олжобайдын ачуусуна тиет. Олжобай Кудакени сабап, экөө бири-бирине кек сактаган боюнча ажырашат. Кишимжанга жолдон жолугуп болгон ишти айтып берет. Кишимжан Кудакенин жайчылык жайы бар, из кууйт деп, Олжобайдын үч күн тоодо жашынып жата туруусун айтат. |
| 7 | **Олжобайды Кудакенин кармашы** | Олжобайдан кабар алуу үчүн, Кишимжан жүрөк оорусуна шылтап, үйүнө барып келерин айтып, той болгон жерден чыгат. Үйүнө келсе Олжобай да ошол жерде. Кудакенин аялы Кишимжанга келип күйөөсүн жалгыз таштап айтып, чакырып келет. Кишимжан жүрөк оорусун шылтоолоп бир аздан кийин бараарын айтып, жеңесин жөнөтөт. Кудакенин аялы тойго барбастан, үйүнө келип Кудакеге Олжобай кетпептир, Кишимжандын жанында деген кабарды айтат. | Олжобай үч күнгө жетпей, таятасынын айылына түшсө Кудакеге айылга кар жаадырып салган болот. Олжобай Кишимжанга келет. Кудаке изи менен кубалап келип кармап алат. Караңгы үйгө камап, карсылдата сабайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кудаке Байназарды, жигиттерин алып, Олжобайдын мойнуна чылбыр салып жатып кармашат да, жарым жан болгуча сабашат. Кулжыгач менне кемпир Олжобайды үйгө алып киришип, кол топтоп келип Кудакеден өч алуусун айтышат. | |
| 8 | **Олжобайдын Кишимжанды алып качуусу** | Кудаке Олжобай эми келбейт деп, кыз оюну уланып, Байназар көөнү жайланып, багыш элине кайтат. Олжобай кыпчак элине бет алат. Кишимжан Олжобай жалгыз эле, кайда жетти деп санаасы бөлүнүп, балапандан баккан торгоюн кабар алууга учурат. Торгой Олжобайды көрүп сайрап, Олжобай Чук теректе экенин айтат. Кудакенин аялы аны билип, Кудакеге айтып, ал жайчылык кылып торгойду кармап алышат. Олжобайдын Чуктеректе экенин билип Кудаке көп жигитин алып барып, Олжобайдын баатырдыгына тең келе албай кайра качып келишет. Кишимжан Кудаке торгойду кармап алганын билип, айласы түгөнүп жүрөт. Кудакенин Олжобайга кеткени угуп, санаасы күчөйт. Кудаке менен барган жигиттен Олжобайдын баатырдыгын угуп, эми келер деген ой менен качууга камданып жүрөт. Олжобай бир түнү келип Кишимди алып, экөө түн ичи качып чыгышат. Көп жол жүрүп Жийдели деген жерде өргүү алып туруп калышат. | Бул вариантта Олжобай Кишимжанды алып качканга чейин “Олжобайды колдон бошотуу” деген окуя бар. Кудаке Олжобайды камап салгандан кийин Кишимжан агасыны алдына барып Олжобайдын жанын сурайт. Кудаке бербей койгондо Кудакени аялы Алтынай Кишимжанга жардам берип, Олжобайды бошотуп берет. Кишимжан Куадакеге экинчи жолу барып, анын ат-тонун сурайт. Буга да Алтынай жардам берет. Кудакеге аны билим, Алтынайды камчы менен сабап баштаганда, Алтынай: “мен Олжобайдан коркпоймун, баласы Акбердиден коркомун. Анткени мен анын киндик энеси болуп, төрөлгөнүн көргөм, ал бир колуна кара кан, бир колуна сары алтын чеңгелдеп түшкөн, бул касташкан жоосун саргара кууйм дегени” дегенде Кудакенин ачуусу тарайт. Олжобай таежесине качалы деген сунушун айтат. Кишимжан атасынын керкашкасын, Кудакени торкашкасын, Ысабектин көк ала атын кармап келүүсүн айтып, ошол үч күлүк менен гана качып кутулаарына ишендирип Олжобайды жиберет. Олжобай Кулжыгачтын керкашкасын араң таап качып жөнөшөт. Кулжыгач бул кабарды төрт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | күнгө чейин Кудакеге айтпагыла дейт. Кудакеге төрт күндон кийин кабар жетип, ал жолго даярдангычы алты күн өтөт. Олжобай жоло чарчап катуу уктап калат. |
| 9 | **Олжобайдын өлүмү** | Кыпчак элине кошулуу үчүн Кулжыгачтин эли, Кудаке көчүп жөнөшөт. Жийделиге келгенде Кудакенин кызы күлүктөрдү көрүп, атасына кабар берет. Кудаке жигиттери менен келе жатканы көргөн Кишимжан, Олжобайдын элине кетүүсүн өтүнөт. Кишимжанды Кудаке кармап алып кыйноо көрсөтөт. Кырга жеткен Олжобай Кишимжанды кыйнап жатканын көрүп, Кудакени качырат. Ат үстүнө илип кетпи, такымында бараткан Кудакеге кечирим сурап, Кишимжанды өзүң ал дегенде Олжобай ишенип, Гүлдүбадам атын тартуу кылат. Айылга келгенде Кудакенин буйругу менен жигиттер Олжобайга сыйыртмак салып өлтүрүшөт. | Олжобай уйкусунан ойгонуп, даарат алып жаткан Кудаке жетип келип калат. Олжобай курал-жарагын алганга жетишпей, атына минип качып жөнөйт. Кишимжан аялдык кылып колго түшүп калат. Олжобай кырга чыгып, Кудакени жекеге чакырат. Олжобайдын курал-жарагы жок болгондуктан, Кудаке Олжобайды үчүнчү сайышта жарадар кылып, атын алып кетет. Кудакенин иниси Ысабек келип сайышты билбей, Олжобайга ат-тонуңду берип, жаныңды куткардыңбы дегенде, ачуусу келген Олжобай айбалта менен Ысабектин томугун кыя чабат. Кудаке ачуусу менен Олжобайды өлтүрөт. |
| 10 | **Кишимжандын өлүмү** | Олжобайдын өлүгүнүн жанына барып Кишимжан жеңине катып келген канжары менен өзүн өлтүрөт.<br>Кишимжанды алам деп келген Байназар да өзүнө кол салып ушул Жийделиде өлөт. | Бул вариантта Кишимжан образы эпостун аягына чейин уланат. Олжобай өлгөндөн кийин анын атын, курал-жарагы менен кошуп Кишимжанды Бердиекке салып берет. |
| 11 | **Кудакеден кыпчактардын өч алышы** | Кулжыгач Кудакеге билдирбей кыпчак элине кабар жөнөтөт. Намсытанган эл кол жыйнап келип, Кудакени өлтүрүшөт. | Бул вариантта Кудакени Олжобайдын баласы Акберди өлтүрөт. |

**3. “Саринжи, Бөкөй” эпосу**

| № | **Сюжеттик жалпылыктардын тематикасы** | Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча | Сулайман Конокбаевин айтуусу боюнча |
|---|---|---|---|
| 1 | **Саринжи менен Бөкөйдүн ата-теги** | Бул вариантта Муңдуз уруусунан чыккан Буландын улуу аялынан Жамгырчы, кичүү аялыланын Бөкөй болот. Бөкөйдүн үч иниси болот. Жамгырчынын аялы Каныш көпкө балалуу болбой жүрүп, кийин Саринжи аттуу балалуу болушат. Жамгырычынын арты менен Бөкөй башка элге кан болуп калат. | Бул вариантта Жамгырчы менне Бөкөй атасы бир ага-ини экени, экөө эки элге кан экени айтылат да, Бөкөй кара жорго деген жалгыз аты бар, салты ага-инилүү кедей. Жамгырчы мал-мүлктүү бай, карыганда Саринжи аттуу балалуу болот. |
| 2 | **Жамыгрчынын өлүмү, Саринжиге Бөкөйдүн таарынычы** | Саринжи ондон ашып калганда Жамгырчы ооруп калып, баласынын келечегин ойлоп кайгырат. Аталаш иниси Бөкөйгө мал-мүлкүн, катын-баласын тапышырууну ойлоп, үзөңгүлөш жолдошу Курманды алты айдан бери агасынан кабар албаган инисине жиберет. Бөкөй келип, Жамгырчы мал-мүлкүн табыштап, жетимге көз сала жүрүшүн айтканда, Саринжиге бул жага бербей калат да, токолдон туулгандын жакшылык кылбасын айтып, Бөкөйдүн намысына тиет. Бөкөй таарынып кетип калат. Жамгырчы Саринжиге акыл-насаатын айтып, Бөкөйдү таарынтканын ката экенин айтып, дүйнө салат. Бөкөй Саринжиге таарынып, тиш кайрап жүрөт. | Саринжи 12-13 жашка чыкканда атасы Карача кандын кызы Берметке куда түшүп, эми үйлөндүрсөм деп тилек кылып жүргөндө, ооруп калат. Жамгырчынын ооруганын бир жигити Бөкөйгө барып айтып, Бөкөй Жамгырчыны көргөнү келет.<br>Калган  окуялар А.Үсөнбаевдикине окшош. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | **Бөкөйдүн Жамгырчынын элине кан болушу** | Жамгырчы өлүп, Бөкөй көмгөндө да, ашында да келбей, эки жыл өтөт. Саринжи Курманды Бөкөйгө жиберип, кечирим сурайт. Бөкөй келип Жамгырчынын элине кан болуп калат. | Бул вариантта айтылбайт. |
| 4 | **Саринжи менен Бөкөйгө Коңурбай менен Жамакенин бузукулук кылышы** | Бөкөйдөн уруксат сурап, Саринжи жанына беш жолдошун алып Акберметке жөнөйт. Жамаке менен Коңурбай Бөкөй менен Саринжинин тууган болушун көрө албай, бузукулук ойлоп жүрүшкөн болот. Кабарды угуп Коңурбай кошо барат. Кыз-күйөө уйкуда жатканда, Коңурбай Акберметтин чачынан чач түймөктү кесип алып, белек кылып Бөкөйгө алып барат. Берметтин Саринжиге эмес, Бөкөйгө аял болгусу келерин айтып, бузутук кылат. Бөкөйдүн аялы  Акча Көнүрбай менне Жапыкенин бузукулук ишин билип, Бөкөйгө айтат. Бирок Бөкөй анын акылын укпай, акыры Акчаны өлүмгө кыят. | Бул вариантта кайындап бара жаткан Саринжиге Жапаке кошулуп, Берметтин алтын жүзүгүн Бөкөйгө алып келет. Бөкөй белекти көрүп, Берметти алмакчы болуп, Байкоңурду тактап келүү үчүн жөнөтөт. Байкоңур да Жапаке айтканды айтат.<br>Калгн окуялар окшош. |
| 5 | **Бөкөйдүн Берметти тартып алышы** | Бөкөй калмактын каны Гүлдүр менен келишип, Саринжи беш жолдошун жана Берметти алып өз жерине келе жаткан жерден тосуп, алып экөөнү байлатып алдына алып келет. Саринжини Гүлдүрдүн калаасына айдатып, энесин жана Ак Берметти камап салат. | Алымкул Үсөнбаевдикине окшош. |
| 6 | **Саринжинин Ак Берметти** | Айдалып бараткан Саринжиге Курман жолугуп, Жамгырчы менен Гүлдүрдүн достугун | Саринжини тилмеч Ногой Садык арага түшүп, Күлдүр хан беш жолдошун кошуп бошотот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **куткарышы, Бөкөйдүн өлүмү** | тастыкатаган кагаз, акча берет. Гүлдүр кан Саринжинин Жамгырчынын баласы экенин билип, 40 жигит кошуп, Бөкөйгө жиберет. Ак Бермет эки күн мурун түш көрүп, түшүндө Саринжинин келерин билип, амалданып Бөкөйгө тиймекчи болуп, той кылдырып, Жамаке, Коңурбайды кошуп, бир жерге чогултат. Саринжи келип, Бөкөйдү айдатып, Ак Берметти алып той кылат, элине кан болот. Бөкөйдү калмактар жолдон өлтүрүшөт. | Саринжи Бөкөйдү калмак солдаттарына карматтырып, Күлдүр канга жиберип, өзү Берметти алып, элине кан болот. |
| | | | |